Б.А. Абдувалиева,
Т.А. Жороев

# Кыргыз тили



6

## Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Герби




## Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Желеги



## Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Гимни

*Сөзү: Ж.Садыков, Ш.Кулуевдики.*
*Обону: Н.Давлесов, К.Молдобасановдуку*

Ак мөңгүлүү аска-зоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Алатоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

*Кайырма:*

Алгалай бер кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер.
Өз тагдырың колуңда.

Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө.
Бул ынтымак эл бирдигин ширетип,
Бейкуттукту берет кыргыз жерине.

*Кайырма.*

Аткарылып элдин үмүт-тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Ыйык сактап, урпактарга берели.

*Кайырма.*

**Б.А. Абдувалиева, Т.А.Жороев**

# Кыргыз тили

Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин
6-классы үчүн окуу китеби

*Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана*
*илим министрлиги тарабынан бекитилген*

Бишкек 2008

УДК 373. 167.1
ББК 81.2Ки я 721
А 13

**Абдувалиева Б., Жороев Т.**

А 13 Кыргыз тили: Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 6-кл. үчүн окуу китеби. Б.: Учкун, 2008. - 180-бет.

ISBN 978-9967-428-65-2

**А 4306020200-08**

**УДК 373. 167.1**
**ББК 81.2Ки я 721**

ISBN 978-9967-428-65-2

© Абдувалиева Б., Жороев Т., 2008
© КР Билим берүү жана илим министрлиги, 2008

## § 1. 5- класста өтүлгөн материалдарды кайталоо
### ( 5-синфда ўтилган мавзуларни такрорлаш)

**1. Кайталоо үчүн суроолор:**

1. Тыбыш жана тамга жөнүндө түшүнүк бер?
2. Үндүү тыбыш деген эмне, ага кайсыл тыбыштар кирет?
3. Үнсүз тыбыш деген эмне, кыргыз тилинде канча үнсүз тыбыш бар?
4. Жумшак үнсүздөргө кайсы тыбыштар кирет?
5. Кайсы тыбыштар каткалаң тыбыштар болот?
6. Жөнөкөй жана татаал сөздөр жөнүндө түшүнүк бер?
7. Зат атооч деген эмне?
8. Энчилүү зат атоочторго кандай сөздөр кирет?

**2. Төмөнкү сөздөрдө канча тамга, канча тыбыш бар? Үлгүдөгүдөй аткаргыла.**

Мектеп, окуу, сүрөт, чайнек, альбом, коон, Ош, Анжиян, подъезд, ынтымак, гүл, Бишкек, Алматы, өнөр, окуучу, боек, дептер, сыя, чоңата, курут, Кызылкыя.

**Үлгү:** мектеп (6 тамга, 6 тыбыш), окуу (4 тамга, 3 тыбыш).

**3. Төмөнкү ырды окугула, маанисин айтып бергиле. Кара менен басылган сөздөрдө канча үндүү, канча үнсүз тыбыш бар экендигин аныктап, үлгүдөгүдөй аткаргыла.**

Тармал бутак **карагат**,
Терген колду **карартат**.
Арасында **кожогат**,
Аны эч ким **байкабайт**.
**Бутактарын** сындырып,
**Талкалоого** жарабайт.


тармал - жингалак
карартат - қорайтиради
кожогат - парманчак
байкабайт - пайқамайди
бутактарын - новдаларини
талкалоого - синдиришга деган маънода

**Үлгү:** тармал (2 үндүү, 4 үнсүз), карартат (3 үндүү, 5 үнсүз).

**4. Макалдарды окуп, маанисин айтып бергиле. Кара менен басылган сөздөрдөгү жумшак жана катталаң үнсүздөрдү ажыраткыла.**

**1.Билимсиз** иш жок, ишсиз аш **жок**.
**2.Көп** окуган көптү билет.
**3.Акылдын** булагы - илим.
**4.**Тил **кылычтан** өткүр.

**5. Төмөнкү схеманы пайдаланып, сөздүн түзүлүшүнө карай бөлүнүшү жөнүндө айтып, алардын бири-биринен айырмасын түшүндүргүлө.**



**6. Эки, үч, төрт тамгадан тургандай кылып, улам көбөйтүп, төмөнкү энчилүү аттарды ирети менен көчүрүп жазгыла.**

Чүй, Ош, Бишкек, Талас, Суусамыр, Ысыккөл, Кант, Кыргызстан, Алчалуу, Арстанбап, Кадамжай, Ноокат, Аламүдүн, Балыкчы.

## § 2. Сын атооч
### ( Сифат)

**7. Төмөнкү сүрөттөгү зат атооч сөздүн ар кандай белгилерин билдирип турган сөздөргө көңүл бургула, аларга берилген суроону эстеп калгыла.**



**нын**

өңү —— к—— кызыл
көлөмү —— а —— чоң
формасы—— н —— тоголок
даамы—— д —— таттуу
сапаты—— а —— жакшы
—— й ——

**8. Саргыч, чоң, сүйрү, абдан таттуу, жакшы деген сөздөр сүрөттөгү зат атооч сөздүн эмнесин билдирип турат? Аларды катыштырып сүйлөм түзүп, дептериңерге жазгыла.**



**дун**

..... к —— саргыч
..... а —— чоң
..... н —— сүйрү
..... д —— абдан таттуу
..... а —— жакшы
..... й —— ?

**9. Төмөнкү сүрөттөгү зат атооч сөздүн өңүн, көлөмүн, формасын, даамын, сапатын билдирген сөздөрдү тапкыла. Аларды дептериңерге жазгыла.**



дын

өңү —— к .....
көлөмү —— а .....
формасы —— н .....
даамы —— д .....
сапаты —— а .....
—— й.....?

Сын атооч заттардын өңү- түсүн (жашыл, көк), көлөмүн (чоң, кичине), формасын (ийри, сүйрү), даамын (ачуу, таттуу), сапатын (мыкты, жаман) билдирип, кандай? деген суроого жооп берет. *Мисалы, кызыл* (кандай*?) желек.*

*Сын атооч түзүлүшүнө карай жөнөкөй жана татаал болуп экиге бөлүнөт. Бир сөздөн турган сын атоочтор жөнөкөй (бийик, ак), эки же андан ашык сөздөн турса (бийик- бийик, ак-саргыл) татаал сын атооч болот.*

**10. Текстти окуп, сын атоочторду тапкыла. Жөнөкөй сын атоочторду өзүнчө, татаал сын атоочторду өзүнчө жазгыла.**

Төөкуштар Африкада гана кезигет. Эң чоң төөкуштун боюнун бийиктиги 2,44 метр, салмагы 136 килограммга жетет. Башы менен мойнунда кыска тыбыт жүнү бар. Эркегинин жону, төшү чаарала, кара, канаттарынын учу ак, куйругу кыска, ак болот. Шыйрактары жоон, катуу, түксүз, эки буту шадылуу келет. Ургаачысы кичирээк бозала болот.

төөкуш - туя қуш
жону - орқаси
төшү - кўкраги
чаар ала - ола - чипар
шыйрактары - иликлари

*Заттын ар түрдүү белгилерин билдирүү өзгөчөлүгүнө карай сын атоочтор сапаттык жана катыштык болуп экиге бөлүнөт.*

*Заттын сын- сыпатын, өңү - түсүн, даамын, формасын, көлөмүн, мүнөзүн, ички сапатын ж.б. белгилерин түздөн - түз көрсөткөн сын атоочтор сапаттык сын атоочтор болот: кызыл, көк, кычкыл, мыкты, сүйрү, куунак, карөзгөй.*

*Башка заттар менен болгон байланышына, катышына карай заттын өзгөчөлүгүн көрсөткөн сын атоочтор катыштык сын атоочтор деп аталат . Алар көбүнчө зат атоочтордон жасалат: шаардык кыз, айылдык өкмөт, акционердик коом,чынчыл окуучу.*

**11. Төмөнкү таблицадагы сапаттык жана катыштык сын атоочтордун өзгөчөлүктөрүн байкагыла жана ал өзгөчөлүктөрдү айтып бергиле.**

| Сапаттык сын атоочтор | Катыштык сын атоочтор |
|---|---|
| Ак, көк, сары, жашыл, чоң, кичине, жоон, ичке, түз, ийри, кыйшык, бийик, жапыз, терең, тайыз, начар, ачуу, таттуу, кычкыл, жакшы | Темирдей тартип, суучул куш, малдуу жайыт, кумдуу жер, саздак өрөөн, ойчул окумуштуу, аталык камкордук, энелик мээрим |

**12. Текстти окуп чыккыла, түшүнүгүңөрдү айтып бергиле. Сапаттык жана катыштык сын атоочторду таап, алардын айырмачылыгын түшүндүргүлө.**

## Тебетей

Тебетей - кыргыздардын кышында кийүүчү жылуу баш кийими. Мындан эки миң жылча мурун эле кыргыздар суусардан, кундуздан жана башка баалуу терилерден тигилген тебетейлерди кийишкен.



Тебетейдин төбөсү төрт талаалуу же талаасыз да жасалат. Кымбат баалуу тери менен капталган четин кырбы деп кост. Алсак, кундуз

тебетейдин кырбысы кундуздун терисинин жонунан капталат да, төбөсү болсо теринин боор жагы менен капталат.

Кыз - келиндердин тебетейлери эркектер кийүүчү тебетейлерден айырмаланып жасалат. Кыздардын тебетейлеринин төбөсү кызыл манат, баркыт, тукаба менен тышталат да, ортосуна үкү тагылып, шуру, бермет, акак жана башка баалуу таштар менен аземдүү коолдолот. Үкүлүү тебетейлер кыздарга өтө жарашыктуу көрк берип турат. Ал эми жигиттердин тебетейлеринин төбөсү кызыл, көк, жашыл жана башка ачык түстөгү кездемелер менен тышталып, кызыл чок тагылган.

Тебетей формасына карай чоро тебетей, шырыма тебетей (ичи-тышы кабатталып шырылган), терисине карата түлкү тебетей, көрпө тебетей, сансан тебетей, кундуз тебетей, суусар тебетей жана башка болуп бөлүнөт.

суусар - сувсар
кундуз - кундуз
төбөсү - тепаси
капталат - қопланади
манат - манат
тукаба - духоба, ғижим
акак - марварид
бермет - садаф

**13. Төмөнкү суроолорго жооп бергиле.**

1. Тебетей кайсы учурда кийилүүчү баш кийим?
2. Тебетей качантан баштап кийиле баштаган жана ал эмнеден жасалат?
3. Тебетейдин кырбысына кандай терилер капталат?
4. Тебетейдин төбөсү кандай тери менен капталат?
5. Кыз - келиндердин тебетейлери менен эркектердин тебетейлери кандайча айырмаланат?
6. Эмне үчүн кыздар үкүлүү тебетей кийишет?

7. Эркектердин тебетейлери кандайча жасалат?
8. Тебетейлердин кандай түрлөрү бар?

## § 3. Көнүгүүлөр

### ( Машқлар)

**14. Төмөнкү сөздөрдү катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө? Мугалим туура деп эсептегенден кийин дептериңерге жазгыла. Сын атооч сөздөрдүн астын сызгыла.**

Жылуу, баалуу, тери, төрт талаалуу, кызыл манат, баалуу таштар, үкүлүү, кызыл , көк, жашыл, ачык түс, чоро тебетей, шырыма тебетей, кундуз тебетей, суусар тебетей, кышкы кийим.

**15. Текстти окуп, кундуз жөнүндө түшүнүгүңөрдү айтып бергиле. Кара менен басылган жөнөкөй жана татаал сын атоочторду өз - өзүнчө көчүрүп жазгыла.**


### Кундуз

Кундуз - сууда жашоочу жырткыч жаныбар. Анын буту кыска, жону каракүрөң, боору агыш, жылтырак жүнүнө суу жукпайт. Жүнү жаз, жай мезгилинде түлөп, өтө көрктүү болбой калат. Ал кичинекей балдарын эки жылда бир жолу жаз мезгилинде тууйт. Туулгандан бир топ мезгил өткөндөн кийин гана балдарынын көзү ачылып, тышкы дүйнөнү көрө баштайт.

Кундуздар мурда Кыргызстандын абдан көрктүү Карүңкүр, Көкарт, Көкөмерен, Чаткал, Жыргалаң сууларында жашаган. Териси өтө баалуу болгондуктан, алар азайып кеткен, ошондуктан аларга аңчылык кылууга тыюу салынган.

түлөп - тулаб
аңчылык - овчилик

**16. Үч жебенин бири заттын өңү - түсүн билдирген сөздөр аркылуу өң - түс деген жазууга жетет, экинчиси заттын сапатын билдирген сөздөр аркылуу сапат деген жазууга барат. Үчүнчүсү жолдо калат. Ар бир сөздүн акыркы тыбышынан жаңы сөз жасалат. Кана ким тез табат?**




**17. Сын атоочтордун ар бирине ылайыктуу зат атоочторду таап, үлгүдөгүдөй кылып жазып чыккыла.**

Күлүк, даамдуу, таттуу, бийик, жумуру, иймек, кең, ийри, жашыл, боз, узун, кыска, кычкыл, күрөң, кызгылч.

**Үлгү:** Күлүк ат, даамдуу тамак, ... ...

**18. Төмөнкү сын атоочторду катыштырып сүйлөм түзгүлө. Сын атоочторго суроо бергиле.**

Ичке, калың, көк, тоголок, ак, боппоз, капкара, тапкыч, суук,

таттуу, жумшак, чоң- чоң, узун бойлуу, кызыл жүздүү, элпек окуучу.

**19. Өзбек акын - жазуучуларынын балдарга арналган китептерин пайдаланып, сапаттык жана катыштык сын атоочтор катышкан төрт сүйлөм жазып, аны кыргызчага которгула.**

**20. «Байчечекей», «Кырчын» журналдарын пайдаланып, жөнөкөй жана татаал сын атооч катышкан үчтөн алты сүйлөм жазып келгиле.**

**21. Төмөнкү сөздөрдү кыргызчага которуп жазгыла.**

Баланд, қизил, қора, катта, кучли, тиниқ, илмий, ишчан, оппоқ, сариқ, қизғиш.

**22. Макалдарды окуп, сын атоочторду тапкыла. Сапаттык жана катыштык сын атоочторду аныктагыла.**

1. Токой бөрүсүз болбос, деңиз балыксыз болбос. 2. Жаман болуу оңой, жакшы болуу кыйын. 3. Бычак өтүмдүү, сөз жетимдүү болсун. 4. Жакшы уул өз элине баш болот, жаман уул өз элине кас болот. 5. Жакшы сөз жан эргитет, жаман сөз жан кейитет. 6. Акылдуу бала элпек, акылсыз бала тентек.

**23. Ырды көркөм окугула. Сын атооч сөздөрдү таап, заттын кандай белгисин көрсөтүп турганын айтып бергиле.**

КҮЗ

Жашыл, сары туш тарап,
Көргөндүн көзү суктанат.
Тоодой саман үйүлүп,
Чүй боору эгин жыттанат.

Көркөм күздө тал- терек,
Шуудурап желге эркелеп,
Заңкайып мектеп алыстан,
Тургансыйт балдар келсе деп.

Алма - өрүк жерде чачылып,
Кызылча кантка казылып,
Отун - суу камдап кишилер,
Жылдагыдай ашыгып. ( Р.Ш.)

## § 4. Сын атоочтун даражалары

### ( Сифат даражалари)

Заттын сапаты, көлөмү, даамы жана башка белгилери нормадагыдай, азыраак же көбүрөөк, же өтө көп болот. Сын атоочтун даражасы мына ушундай өзгөчөлүктү көрсөтөт.

Мисалы: катуу, катуураак, аябай катуу.

*Сын атоочтун 4 даражасы бар:*

*1. Жай даража*
*2. Салыштырма даража*
*3. Күчөтмө даража*
*4. Басаңдатма даража*

## § 5. Жай даража

### (Оддий даража)

Жай даража заттын сын-сыпатынын, өңүнүн, даамынын ж.б. белгилеринин нормалдуу абалын көрсөтөт.

Мисалы: узун, кыска, чоң, кичине, ачуу ж. б.

**24. Текстти туура окуп, анын мазмунун сүйлөп бергиле. Сын атооч сөздөрдү тапкыла.**

### Сарычелек

Сарычелек - Кыргызстандагы эң кооз жерлердин бири. Деңиз деңгээлинен 1878 метр бийиктикте күзгүдөй тунук Сарычелек көлү жайгашкан. Анын узундугу 7,5 км, орточо жазылыгы 650 м. (эң жазы жери 2280 м., эң кууш жери 300 м.).Орточо тереңдиги 98 метр. Тереңдиги боюнча Ысыккөлдөн кийинки экинчи орунда. Жээги тик жарлуу, булуң- буйткалуу. Айланасында Ийрикөл, Кылакөл, Бакалуукөл ж.б. бир нече майда көлдөр бар. Аларда өрдөктөр жашайт. Көлгө чоң-чоң сазан, карп балыктары,



ондатырлар коё берилген. Жаныбарлардын түрлөрү отуз экиге жетет. Алардын ичинде суусар менен сүлөөсүндөр да бар. Бул жерге зубр биринчи жолу алынып келинген. Табиятка көрк берген элик, аркар, бугулардын мекени болуп калды.

Канаттуулардын 160тан ашык түрү бар. Алардын көпчүлүгү кышкысын жылуу жактарга учуп кетишип, жайында кайтып келишет. Көлдүн айланасы чытырман токой. Токойдо жемиштерден жаңгак, өрүк, алмалар, сары, кызыл алчалар, капкара карагаттар эң эле көп.

Көл- жердин көркү.

бийиктик - баландлик
жазы жери - кенг ери
кууш жери - тор ери
тереңдиги - чуқурлиги
сүлөөсүн - силовсин
чытырман - ўрмоннинг қалин жойи

**25. Төмөнкү суроолорго жооп бергиле.**

1. Сарычелек кандай жер?
2. Сарычелек көлүнүн узуну жана туурасы канча метр?

3. Сарычелекте кандай жаныбарлар жашайт?
4. Көлдө кандай балыктар өстүрүлөт?

**26. Берилген жай сындарды катыштырып, сүйлөм түзгүлө.**

Тунук, кооз, ар түрдүү, кең, кууш, терең, жазы, тайыз, майда.

## § 6. Салыштырма даража

## ( Қиёсий даража)

*Салыштырма даража заттын белгисин нормадагыдан ашыгыраак же кемирээк экендигин көрсөтөт. Ал* ***-ыраак*** *мүчөсү менен чыгыш жөндөмөсүнүн* ***-дан*** *мүчөсү жана* ***караганда*** *деген сөз менен уюшулат.*

Мисалы: Күндөгүдөн жакш**ыраак** иштегиси келди. Уят өлүмд**өн** катуу. Ысыккөл Сарычелекке **караганда** чоң.

**27. Төмөнкү жай сындарга -ыраак мүчөсүн улап жазгыла.**

Бийик, терең, чоң, узун, жазы, тик, сонун, майда, жылуу, калың, кооз, тегиз.

**28. Көп чекиттин ордуна тиешелүү сын атоочторду коюп көчүргүлө.**

1. Сарычелек көлүнүн айланасы ... . 2. Көлдүн жээги ... . 3. Токойдун арасында ... алмалар, ... алчалар эң эле көп. 4. Көлдө ... балыктар өстүрүлөт. 5. Канаттуулардын көпчүлүгү кышкысын ... жактарга учуп кетишет. 6. Көлдүн айланасы ... , ... тоолор менен курчалган.

**29. Макалдарды окуп, маанисин түшүндүргүлө. Сын атоочторду тапкыла.**

1. Улук болсоң - кичик бол, бийик болсоң - жапыз бол. 2. Эмгегиң катуу болсо, тапканың таттуу болот. 3. Башчы болмок

оңой, баштамак кыйын. 4. Жаманга болсоң курдаш, башыңа тиер оор таш.

**30. Берилген сөздөрдү, сөз айкаштарын катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө.**

Бал, канттан, тоолорго караганда, кычкылыраак, алчалар, сазан, карптан, алмага караганда, тик жарлуу, тереңирээк жери.

**31. Ырды көркөм окугула жана жаттагыла.**

Атыңдан кагылайын, Сарычелек,
Батынбайм баа беришке сага ченеп.
Байыркы бабалардан калган белек,
Бар бекен берекелүү сендей белек.
Береке, кереметке келген бөлөп.
*( А. Исаев «Сарычелек»).*

## § 7. Күчөтмө даража

### ( Орттирма даража)

Заттардын сын - сыпатын нормадагыдан өтө жогору же өтө төмөн экендигин көрсөтөт. Күчөтмө даража төмөнкүдөй жолдор менен жасалат:

1. Эң, абдан, аябай, өтө ж.б.күчөтмө маанидеги сөздөрдүн жардамы менен; *Мисалы: өтө чоң, аябай күчтүү, эң терең.*

2. Жай сындын биринчи муунундагы үндүү тыбыштан кийин п тыбышы кошулуп, андан кийин ошол эле сөздү кайталап айтуу менен; *Мисалы: капкара, туптуура, жепжеңил.*

3. Жай сын кайталанып айтылып, күчөтмө сынды уюштурат. Бул учурда көптүк маани пайда болот. *Мисалы: узун- узун жолдор, чоң- чоң үйлөр, бийик- бийик тоолор.*

4. Кайталанып айтылган сын атоочтордун биринчисине илик жөндөмөнүн, экинчисине 3- жактын таандык мүчөсүн жалгоо аркылуу жасалат. *Мисалы: күлүктүн күлүгү, мыктынын мыктысы.*

**32. Берилген жай сындарды күчөтмө даражага айландыргыла.**

Түз, тик, кууш, кең, терең, тайыз, суук, ширин, кыйгыл, жазы.

**33. Көп чекиттин ордуна тиешелүү сөздөрдү, мүчөлөрдү коюп көчүргүлө.**

1. Сарычелек көлү тоонун ... бийик жеринде жайгашкан. 2. Анын жаратылышы ... кооз. 3. Токойлорунда ... , ... алчалар, ... кызыл ит мурундар кышында деле дарагынын башында тура берет. 4. Ал жердин жазы ... жагымдуу, күзү берекелүү болот. 5. Бул ажайып жерибиз биз үчүн ... сыймыктуу.

**34. Ырды көркөм окугула. Сын атоочтун даражаларын аныктагыла.**

## Арстанбап

Алмасы жайнайт шак ийип,
Алтындай өңү сапсары.
Салмагы басып, жер чийип,
Кызылы турат басса ары.
Кыпкызыл, сары, капкара,
Чартарап толгон алчага.
Алмурут, өрүк, шабдалы,
Бөлүнөт сорту канчага? ( А. Т.)

**35. Төмөнкү күчөтмө сын атоочторду катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө.**

Өтө жеңил, жапжашыл, чоң - чоң, көпкөк, түз - түз, аябай таттуу, майда- майда, мупмуздак, эң терең.

**36. Текстти кыргыз тилине которгула.**

Антарктиданинг жанубий кутбга якин жойлашган энг совуқ Уэддел денгизининг 500 минг квадрат километр масофадаги сатхи ҳеч қачон музламайди. Нега? Олимлар ана шу саволга жавоб топиш учун 1973-

йилдан бери илмий текширишларни олиб борардилар. Эндигина ана шу саволга жавоб топилди. Маълум бўлишича, денгизнинг 150 метр чуқурлигида цельций буйича ноль даражадаги кучли сув оқими Антарктидадаги ана шу денгизни музлашдан асраб келар экан.

## § 8. Басаңдатма даража

(Озайтирма даража)

Басаңдатма даража заттын белгиси нормадагыга жете бербегендигин көрсөтөт. Ал -ыш, -ылжым, -гыч,-гылт, -омук мүчөлөрүнүн жардамы менен жай даражадан жасалат.

Мисалы: агыш, көгүлжүм, каралжым, саргыч, кызгылтым, бозомук.

**37. -ыш,-гыч, -ылтыр,-гылт мүчөлөрүн берилген сын атоочторго улап жазгыла.**

Көк, боз, кызыл, сары, сур, ак, кир.

**38. Берилген сын атоочтун даражаларын ар бирин өзүнчө тилкеге жазып чыккыла.**

Күчтүү, өтө курч, кызыктуу, аппак, кычкыл, кызгыч, менден чоңураак, өжөрдүн өжөрү, шайыр, көгүлтүр, дарбыздан кичинерээк, назик, бозгуч, кыска- кыска, акылдуураак, түптүз, кыйгыл, тептегерек, ак мөңгүлүү, күлүктүн күлүгү, сургулт.

**39. Табышмакты тапкыла. Сын атоочтун даражаларын аныктагыла.**

Узун куйрук, кызгылт жүн,
Шек алдырбай жойлогон.
Айбан туруп өтө куу,
Ал эмине ойлонгун?

## § 9. Сын атоочтун жасалышы

( Сифатнинг ясалиши)

Сын атооч мүчөлөрдүн жардамы менен зат атоочтон, этиштен, сын атоочтун өзүнөн жасалат. Мүчөлөрдүн жардамы менен жасалган сын атоочторду туунду сын, ал эми уңгу түрүндө турган сын атоочторду тубаса сын деп айтабыз.

*1. Зат атоочтон сын атоочтун жасалышы:*

*- луу - акылдуу бала, көрктүү шаар*

*- сыз - суусуз жер, алсыз адам*

*- дай - тоодой толкун, болоттой курч*

*- чан - атчан киши, көйнөкчөн кыз*

*2. Этиштен сын атоочтун жасалышы:*

*- чаак - унутчаак адам, уялчаак окуучу*

*- аак - ыйлаак бала, сүйлөөк киши*

*- гак - тайгак жол, соргок адам*

*3. Сын атоочтон сын атоочтун жасалышы:*

*- ыш - агыш, көгүш*

*- гылт - кызгылт, киргилт*

*- гыч - саргыч, бозгуч*

*- ыраак - кеңирээк, тунугураак*

**40. Текстти окугула. Мазмунун сүйлөп бергиле.**

## Окуучунун эрдиги

Жайдын ысык күнү болчу. Ысыккөл мелмилдеп тыптынч жатат. Ачык тийген күнгө чагылышып, жээктен караган кишиге жаркырагансып көрүнөт. Көлгө түшүп жүргөн балдардын кубанычтуу үндөрү, суунун шарпылдаганы гана угулат. Ушул



учурда жакын жердеги сегиз жылдык мектептин окуучусу Капар Эсенов да сууга түшкөнү жээкке келди. Капардын көңүлү башка балдардан окчунураак чабак уруп ойноп жүргөн эки балага бурулду. Балдардын бири көлдүн мелтиреп жаткан ачык бетин көздөй улам арылап сүзүп баратты. Бир кыйла тереңирээк сүзүп барып, жээкти көздөй кайрылды. Тынымсыз узакка сүзүп жүргөндүктөн, баланын күчү кетип калган эле. Жээкке жакындай бергенде сууга чөгө баштады.

- Жардам бергиле! Чөгүп баратам! - деген алсыз кыйкырыкты угуп, Капар дароо сууга секирип, чөгүп бараткан баланы суудан алып чыкты. Мунун баары бир нече мүнөттө иштелгендиктен, бала аман калды.

Капардын бул тоодой эрдиги мектепте белгиленип, дубал гезитке окуяны толук көрсөткөн мазмундуу макала жарыяланды.

мелмилдеп - жимирлаб
чагылышып - акси кўриниб
окчунураак - бирмунча нарида
чабак уруп - сузиб
улам арылап - анча нарироқ

**41. Суроолорго жооп бергиле.**

1. Окуя кайсы убакта болгон?
2. Ошол учурда Капар Эсенов кайда жүргөн?
3. Капардын көңүлү эмне үчүн эки балага бурулду?
4. Балдардын бири эмнеликтен чөгө баштады?
5. Чөгүп бараткан баланы Капар кантип куткарды?

6. Анын эрдиги кандайча бааланды?
7. Муну эрдик дешке болобу? Силер кандай баалайсыңар?

**42. Жогорудагы тексттен сын атооч сөздөрдү таап, уңгу жана туунду сын атоочторду бөлүп жазгыла. Алар кандайча жасалгандыгын айтып бергиле.**

**43. - луу, - сыз, - дай, - чан мүчөлөрүн төмөнкү атооч сөздөргө улап жазгыла.**

Сүт, жаан, көл, окуя, камыш, тон, толкун, коркунуч, жылан.

**44. - чаак, - аак, - гак, - гыр мүчөлөрүнүн жардамы менен сын атооч сөздөрдү жасагыла.**

**45. Берилген сын атооч сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзгүлө.**

Маданияттуу, бозураак, пайдасыз, бармактай, алгыр, намысчыл, кабанаак, коркунчаак, көгүлтүр.

**46. Жаңылмачты так айтып, тилиңерди жатыктыргыла. Сын атоочторду тапкыла.**

Бир ат тор кашка,
Бир ат кер кашка.
Тор кашканын маңдайы акпы?
Кер кашканын маңдайы акпы?
Ал экөөнү ат дейби?
Аттын маңдайын ак дейби?
Ак дейби? Ат дейби?

## §10. Көнүгүүлөр

(Машқлар)

**47. Берилген сын атооч сөздөрдүн синонимдерин тапкыла. Мааниле**ш **сүйлөмдөрдү түзгүлө.**

Курч, бойлуу, кубаттуу, суук, кооз, бекем, чийки, оор.

**48. Көп чекиттин ордуна тиешелүү сөздөрдү коюп, көчүрүп жазгыла.**

1.Көлдө сүзүп жүргөн балдардын ... үндөрү угулат. 2.Сегизинчи класстын окуучусу Капар ... эс алууну ойлоду. 3.Чөгүп бараткан баланын ... үнү угулду. 4. ... абал пайда болду. 5.Капар ... эрдик көрсөтүп, баланы куткарып калды.

Колдонулуучу сөздөр: алсыз, көңүлдүү, тоодой, кубанычтуу, коркунучтуу.

**49. Ырды көркөм окугула. Сын атоочту таап, ал кайсы сөз түркүмүнөн жасалгандыгын аныктагыла.**

Ак карлуу тоодон чубуруп,
Ар кайсы ташка урунуп,
Күркүрөп акса өзөндө,
Шаркырап үнү угулуп.
Көкөмерен көк дайра,
Оштукундай суу кайда?
Ылайы жок таптаза,
Сымаптай өңү көк кашка,
Суулары сонун кыргыздын.

*(Ы. Борончиев).*

**50. Төмөнкү карама-каршы маанидеги сын атоочторду катыштырып оозеки сүйлөм түзгүлө.**

Ысык - суук, кубанычтуу - кайгылуу, терeңирээк - тайызыраак, алсыз - алдуу, дурусураак - начарыраак, чабал - күчтүү, жылжылуу - мупмуздак, кир - таза.

**51. Макалдарды окуп, маанисин түшүндүргүлө. Сын атооч сөздөрдү көчүрүп жазып, уңгу жана мүчөгө ажыраткыла.**

1.Жыртык үйдү жел табар, жалган сөздү эл табар. 2.Жалкоону сөзүнөн, эринчээкти көзүнөн таанып. 3.Алатоо бирде карлуу,

бирде карсыз, эр жигит бирде малдуу, бирде малсыз. 4.Жакшы бала тил алчаак, жаман бала уялчаак. 5.Ачуу болсоң, туздай бол, таттуу болсоң, кыздай бол.

**52. Мүчө уланып турган сын атоочторду таап, зат, сын атоочтордон жана этиштен жасалгандарын өз-өзүнчө тилкеге жазгыла.**

Жашыраак, намысчыл, киргилт, эринчээк, терчил, алгыр, ишенимсиз, сылык, каралжын, чыпалактай, тоголок, оймоктой, түпсүз, шаңдуу, жазгы, соргок, тунук, жыландай, мээримдүү, чукул, сургулт, тазараак.

## § 11. Сын атоочтун синтаксистик кызматы жана стилистикалык өзгөчөлүгү

## (Сифатнинг синтактик вазифаси ва услубий хусусиятлари)

Сын атоочтор сүйлөмдө аныктоочтук жана баяндоочтук милдетти аткарат.

Мисалы: Салкын жел жүрүп турат. *Кандай* жел? - салкын - *аныктооч. Мында* **салкын** *деген сын атооч* **жел** *деген зат менен байланышып, анын белгисин көрсөттү.*

Тоо суулары муздак. Суулары *кандай*? - муздак - *баяндооч.* **Муздак** *деген сын атооч ээнин ал-абалын билдирди.*

*Кээде сын атоочтон кийин айтылган зат атооч түшүп, сын атооч заттык маанилде колдонулуп калат. Мындай учурда сын атооч зат атооч сыяктуу жөндөмө, таандык, көптүк мүчөлөр менен өзгөрөт жана сүйлөм ичинде ээлик, толуктоочтук милдетти аткарат.*

Мисалы: Жакшы элин өргө сүйрөйт. *Ким* сүйрөйт? - жакшы - ээ. Күлүктөн күлүк чыкса, төрт аягы тыбырайт. *Эмнеден* чыкса? - күлүктөн - *толуктооч.*

*Сын атооч жыл мезгилдерин, айлана чөйрөнү, каармандардын келбетин, мүнөзүн ж.б. сүрөттөөдө колдонулат.*

Мисалы: Айлананы **коюу** туман басты. Жумабек **узун бойлуу**, кулагы **калкандай чоң** жигит болчу.

*Бул же тигил түшүнүктү жетиштүү берүү максатында сын атооч сөздөрдүн синонимдик түгөйлөрү колдонулат.*

Мисалы: Ошол күндөн баштап, секелек (жаш) кыз эжейин жакшы көрүп калды. Тигил бозомук (бозгуч) костюм кийип отурган - Искендер.

53. **Берилген сөз айкаштарын катыштырып сүйлөм түзгүлө. Сын атооч кандай милдет аткарганын аныктап, астын сызгыла.**

Мээримдүү эне, муздак жел, жыгачы катуу, татынакай кыз, мөмөсү даамдуу, кышы суук, жайы салкын, күнөстүү мекен.

54. **Ырды көркөм окуп, мазмунун талдагыла. Сын атоочтун колдонулуш өзгөчөлүгүн айтып бергиле.**

Эстүү бала сабакка,
Эрте туруп камынат.
Кыргый куштай талпынып,
Кызыл жагоо тагынат.
Кийим кийип, жуунуп,
Китеби толук салынат.
Кайта-кайта сабагын,
Бышык окуп жаңылап,
Жакшы бүтсө окуусун,
Ырыс-бакка малынат.
Ким эпкиндүү, ким жалкоо,
Кызматынан таанылат. (О).

талпынып - ҳаракатланиб
жагоо - галстук, бўйинбоғ
эпкиндүү - ташаббускор
кыргый куш - қирғий

**55. Текстти окуп, мазмунун сүйлөп бергиле.**

## Мисте

Мисте - бийиктиги 5- 10 метр келген, көп сөңгөктүү, калың шактуу, тамыры кубаттуу бадал. Кургакчылыкка жана суукка чыдамдуу. Апрелде гүлдөйт. Мөмөсү жалгыз данектүү, кабыгы катуу. Айрымдары 350 - 400 жылга чейин мөмө берет. Мисте көбүнчө Испанияда, Грецияда, Италияда, АКШда, Закавказьеде жана Кыргызстандын түштүгүндө өсөт. Чийки же кууруп желет. Мөмөсүнөн май да алынат. Мистенин жыгачы өтө оор жана катуу болот. Анын жыгачынан бекем жана кооз буюмдарды жасашат. Мистенин чайырынан ар түрдүү лактар, мыкты боёктор жасалат. Ал боёктор килем жана жибек иштетүүчү фабрикаларда кеңири колдонулат. Кызгылтым түстөгү оңбой турган боёктор так ушул өсүмдүктүн жалбырагынан алынат. Кээде кара жана көгүш түстөгү боёктор да даярдалат. Кыргызстандагы мисте жапайы өсөт. Крым менен Кавказда өскөн мистенин түрү желбейт. Составында 60% ке чейин май бар. Ал самын кайнатууда колдонулат.

мисте - писта
сөңгөктүү - ўзакли
бадал - чангалзор
мөмөсү - меваси
чийки - хом
чайырынан - смола, катрон

**56. Суроолорго жооп бергиле.**

1. Мисте кандай өсүмдүк?
2. Ал кайсы жерлерде өсөт?
3. Мистенин жыгачынан эмнелер жасалат?
4. Кандай боёктор алынат?
5. Кыргызстандагы мистеден, Кавказда өскөн мисте эмнеси менен айырмаланат?

**57. Жогорудагы тексттен сын атооч катышкан сүйлөмдөрдү таап, андагы сын атооч сөздөрдүн синтаксистик кызматын аныктагыла.**

**58. Кашаанын ичиндеги сын атоочтордун тиешелүүсүн коюп, сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла.**

1. Мисте биздин (сыймыктуу, күнөстүү, сүйүктүү) республикабыздын түштүгүндө өсөт. 2. Аны (жергиликтүү, туруктуу, белгилүү) калк «өмүрдүн жыгачы» деп аташат. 3.Мистенин данында адамдын ден соолугу үчүн ( өтө зыяндуу, өтө пайдалуу, керектүү) заттар көп. 4.Мистенин даны (өтө даамдуу, өтө сүйкүмдүү, өтө чыдамдуу). 5.Тамак өнөр жайында ( таттуу, ширелүү, пайдалуу) токочторду жасоодо мисте кеңири колдонулат.

**59. Табышмакты тапкыла. Сын атоочтун колдонулуш өзгөчөлүгүн байкагыла.**

Узун-узун уз келет,
Узун бойлуу кыз келет.
Шакектери шалдырап,
Күмүштөрү күлдүрөп,
Суюк, супсак жана муздак,
Бирок ансыз жашай албайт бардык зат.
Мунун атын ойлоп тап.

шакектери - узуклари
супсак - таъмсиз
токоч - кулча
уз - чевар

## § 12. Көнүгүүлөр

( Машқлар)

**60. Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп, андагы сын атоочтордун кандай милдет аткаргандыгын аныктагыла.**

1.Кыргыз жеринин жаратылышы абдан кооз. 2. Анын тоо-токойлору, талаалары сырттан келген адамды суктандырбай

койбойт. 3. Чокуларын ак кар баскан Алатообуз, керемeттүү көлдөрүбүз, кооз жайлоолорубуз, тоодон агып түшкөн туптунук сууларыбыз- булардын баары жерибиздин,элибиздин байлыгы. 4. Тоо- токойлорубузда өскөн түрдүү чөптөр да дарылык касиетке ээ. 5. Кыргыз тоолорунда байыртадан бери дарылыгы менен баалуу болгон мумиенун көп экендиги аныкталды. 6. Күнөстүү жергебиз ар түрдүү минералдык сууларга да өтө бай.

керемeттүү - кароматли, сеҳрли
күнөстүү - офтобли, қуёшли

**61. Берилген сын атоочторду катыштырып сүйлөм түзгүлө. Сын атооч аныктоочтук жана баяндоочтук милдетти аткарсын.**

Мактанчаак, коркок, бактылуу, жагымдуу, мончоктой, ойноок, каратору, чийкирээк, түптүз, улуу- кичүү.

**62. Берилген сын атоочтордун синонимдерин тапкыла.**

Чыйрак, сымбаттуу, чабал, акылдуу, кайратсыз, баатыр, жоош, улуу.

**63. Төмөнкү сын атоочтордун антонимдерин тапкыла.**

Жаңы, начар, оңой, өткүр, тың, жоомарт, чыдамдуу, адилеттүү, кыйын.

**64. Макалдарды окуп, маанисин түшүндүрүп бергиле. Сын атоочторду таап, ал кайсы сөз түркүмүнөн жасалгандыгын аныктагыла.**

1. Жыртык үйдөн кыйшык түтүн чыгат. 2. Акылдуу тоодой азаптан кутулат. 3. Билимдүүгө дүйнө жарык, билимсизге дүйнө караңгы. 4. Туура бийде тууган жок, туугандуу бийде ыйман жок. 5. Дарыя балыксыз болбойт, тоо кийиксиз болбойт.

**65. Төмөнкү сөздөргө -луу, -сыз, -чаак, -омук мүчөлөрүнүн тийешелүүсүн улап, сын атооч сөз жасап жазгыла.**

Сүрөт, күч, туз, жоолук, эрин, боз, тил ал, баштык, эс, тырыш, мекен, ырыс, тарбия, гүл.

**66. Ырды жаттагыла. Сын атооч сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла.**

## Мугалим

Билим менен көгөртүп,
Эстүү болсун деп тилеп,
Заманына жарашкан,
Жакшы балдар болсун деп,
Тарбия берип, тазартып,
Ырыстуу болсун деп тилеп,
Өлкөсүнө жарашкан,
Өткүр балдар болсун деп,
Жазгы сонун гүлдөрдөй,
Кооздонтуп, гүлдөтүп,
Ууз талдай буралтып,
Ак кайыңдай бүрдөтүп,
Маңдайынан нур төгүп,
Күлө карап турган ким?
Ал:
Эмгеги көп ушундай,
Биздин асыл мугалим. (А.О.)

| | |
|---|---|
| чыйрак | - эпчил |
| чабал | - кучсиз, бўш |
| орой | - қўпол |
| тың | - пухта, пишиқ |
| азап | - азоб |
| кооздонтуп | - ясатиб |
| ууз талдай | - ёш толдек |
| асыл | - олижаноб, асил |

## § 13. Сын атоочтун жазылышы

### (Сифатнинг ёзилиши)

*Сын атоочтор төмөнкүдөй жазылат:*

1. Кош сөз катары колдонулган татаал сын атоочтордун арасына дефис коюлуп жазылат: *чоң- чоң, ачык- айрым.*

2. Кошмок сөз түрүндөгү сын атоочтор айрым- айрым жазылат: *ак жуумал, кара тору.*

3. Биринчи бөлүгү п тыбышы менен аяктап, өз алдынча турганда маани бербеген, экинчи сөзү маани берген күчөтмө сын атоочтор бирге жазылат: *тыптынч, туптунук.*

**67. Көп чекиттин ордуна тиешелүү сын атоочторду коюп жазгыла, жазылышына көңүл бургула.**

1. Бектурган жаңылган жок, ... коктудан төрт үй көрүндү. 2. Ал үйлөрдүн жогоркусу ... ... . 3. Калган үчөө ... . 4. ... ... , быжыгыр ... ... сакал киши аларды кабыл алды. 5. Эки бети ... ... аял төрдө отурган экен. (А.Т.)

Колдонулуучу сөздөр: жумурткадай аппак, кең, бопбоз, кара бешмантчан, тегерек кара, анардай кыпкызыл.

**68. Текстти окугула. Сын атоочторду таап, алардын жазылышына көңүл бургула.**

### Аба ырайын кантип билүүгө болот?

Токой дарактары кыш жана жай мезгилинде аба ырайы кандай болору жөнүндө маалымат бере алат. Алдыдагы кыш ызгаардуу болсо, токойдогу жер-жемиштер, алмалар мөмөнү көп байлап, түшүмдү мол берет. Четиндин ашы көп болсо да, кыш катуураак болот. Эгерде эмен жыгачынын тобурчагы көп болсо, анда кыштан ырайым аз.

Аба ырайын пияздан да билүүгө болот. Эки-үч баш пияздын кабыгын аарчыйт. Кат- кат ак кабыгы жука болсо, анда кыш

жылуу болуп, жааган кар тез-тез ээрип турат. Эгер кабыгы калың болуп, кат- кат кабыктары оңой ажырабаса, анда кыштын өтө суук болору. Балчыларга аба ырайы жөнүндөгү маалыматты бал - аарылар билдирет. Балчелектин көзөнөктөрүн аарылар өздөрү мом менен бекитишет. Чоң көзөнөгүн ачык калтырышса, кыш жылуу, ал эми кичине көзөнөктөрүн ачык калтырышса, кыш аяздуу. Кыш жылуу болорун сезгенде аарылар көзөнөктөрдү бекитишпейт. Күзүндө токойдогу кумурсканын уюгу канчалык бийик болсо, кыш ошончолук ызгаардуу болот.

маалымат берет - хабар беради
четиндин ашы - четаннинг меваси
тобурчагы - ишиқ
көзөнөктөрү - тешиклари
уюгу - чумоли уяси
ызгаардуу - аёзли

**69. Суроолорго жооп бергиле.**

1. Аба ырайынын кандай болорун токой дарактарынан кантип билүүгө болот?
2. Аба ырайын пияздан кантип билсе болот?
3. Балаарылар аба ырайы жөнүндө кантип маалымат беришет?
4. Кумурскалар аба ырайын кантип билдиришет?
5. Силер аба ырайын алдын ала биле турган кандай маалыматтарды билесиңер?

**70. Берилген сын атоочторду катыштырып сүйлөм түзгүлө.Сын атоочтордун кандай жазылганын айтып бергиле.**

Каракүрөң, аксаргыл, упузун, оңой-олтоң, тил алчаак, көк кашка, балдай таттуу, чийкирээк, узун-кыска, сөзмөр.

**71. Ырды окугула. Көп чекиттин ордуна тиешелүү мөмө - жемиштин атын таап койгула.**



Биздин бактын жемиши.
Кызыктырат кызыл мончок,
Кимдер тизген чарчабай?
Көрө элекмин таттуу мөмө,
Бышып турган ... .



Таттуу, жыттуу
Болбойт деги
Жегендердин арманы.
Жерге урунтпа,
Бирден үзгүн
Кызыл, сары ...



Бирден терип, татып көрүп,
Даамы кандай баалайбыз.
Таттуу данек биздин ...
Меймандарга арнайбыз.



Таттуусун айт
Көгөрүп туруп,
Ким жасады
Лампочкадай кылып,
Таппасаң бирөөдөн сура
Анын аты ... .

**72. Жаңылмачты жаттап, тилиңерди жатыктыргыла.**

Айлыбызда арал бар
Ал аралда үч марал бар.
Бири- кара марал
Бири- ала марал
Бири- бала марал.

## § 14. Көнүгүүлөр

(Машқлар)

**73. Жөнөкөй жана татаал сын атоочторго бир нече мисалдар жазгыла.**

**74. Берилген сын атооч сөздөрдөн салыштырма жана күчөтмө даражада турган сөздөрдү уюштургула.**

Кенен, арык, тегерек, жапыз, толук, сур, көрктүү, ийри, кыйшык,тик, салкын, мелүүн, акылдуу, тайкы, жарык, караңгы, сулуу, орой, кычкыл.

**75. Ырды көркөм окуп, сын атоочторду аныктагыч менен бирге көчүрүп жазгыла. Сын атооч кандай милдет аткаргандыгын аныктагыла.**

Ак шейшепке ороп сени
Кичинеңден баккан ким?
Уйку көрбөй узун түндө,
Таптап сени жаткан ким?
Жаңы көйнөк, жаңы шым,
Жарашыктуу тиккен ким?
Эмгек кылсын элге деп,
Тилеген ким, бөбөгүм?
Актап өскүн ак сүтүн,
Ардактуу асыл эненин. (М.Ж.)

**76. Төмөнкү зат атоочторго мааниси боюнча ылайыктуу сын атоочторду таап, сөз айкашын түзгүлө.**

Асман, булут, бак, көчө, үй, жигит, араба, жалбырак, шаар, тоолор, балапан, жөжө, эл, тон, ат, көл, өзөн, билим, үзөңгү, чөп, жайыт.

**77. Макалдарды окуп, маанисин талдагыла. Сын атоочторду таап, алар кандайча жасалгандыгын айтып бергиле.**

1. Чапанчаңга чапса, көйнөкчөңгө доо кетет. 2. Билимдүү адам миңди жыгат, билимсиз адам бирди жыгат. 3. Жыртык кийимдин

жылуусу жок. 4. Аппак болсоң куудай бол, таза болсоң суудай бол. 5. Бак-таалайлуу, ырыс-кешиктүү, бала-чакалуу болушсун!

**78. Берилген сөз айкаштарындагы сапаттык жана катыштык сын атоочторду өз- өзүнчө тилкеге бөлүп жазгыла.**

Кызыктуу китеп, алтын кашык, кооз шаар, элеттик жигит , түнт токой, төгөрөк стол, жаанчыл ай, оор жүк, салкын жел, жайкы таң, түнкү сугат, саздуу өрөөн, тарыхый окуя, кара тору бала, жайык өзөн, болоттой курч, тар капчыгай, кубаттуу толкун.

**79. Табышмактарды тапкыла. Сын атоочторго көңүл бөлгүлө.**

1. Бели ичке болсо да,
Эмгек сүйгөн башынан.
Эки эсе чоң өзүнөн,
Оор жүктү көтөргөн.
2. Ийри моюн, чөйчөк көз,
Талпак аяк, жайык төш.
Барпылдатып чайнаса,
Тикен тилин сайбайт эч.
Кана балдар, ойлонуп,
Жандырмагын туура чеч.

доо - даъво
элеттик - тоғлиқ
түнт токой - қалин ўрмон
чөйчөк көз - пиёла кўз

## § 15. Сан атооч

( Сон)

**80. Төмөнкү сүрөт боюнча астындагы суроолорго жооп бергиле. Мугалим туура деген сүйлөмдөрдү жазгыла.**

1. Бөлмөдө канча окуучу отурат?
2. Алардын нечөө бала, нечөө кыз?




3. Канча окуучу жазып жатат?
4. Канча окуучу окуп жатат?
5. Окуучулар канчанчы класстын китебин окуп жатышат?
6. Окуучулардын ар биринде канчадан китеп бар?

**81. Төмөнкү заттардын санын аныктагыла.**

Канча? Канчанчы? Канчадан?








… китеп. … орун. … отурушат.

**82. Сүрөттү карап суроолорго жооп жазгыла.**



Канчадай бала ойноп жатат?



Окуучулардын нечөө сабакка даяр?



Торттун канча бөлүгү алынды?

*Заттын санын, иретин, эсебин, чамасын билдирген сөздөрдү сан атооч дейбиз. Сан атоочко канча?, нече?. канчанчы?, неченчи? канчоо?, нечөө? деген суроолор берилет.* Мисалы, Ысыккөлдүн узундугу 177километр (канча?). Кыргызстанда чоңдугу боюнча экинчи (канчанчы?) көл- Соңкөл.

*Сан атоочтор түзүлүшү боюнча жөнөкөй жана татаал болуп экиге бөлүнөт. Бир гана сөздөн турган сан атоочторду жөнөкөй сан атоочтор дейбиз*: бир, беш, жүз, миң. *Эки же андан ашык сөздөн турган сан атоочторду татаал сан атооч дейбиз*: он бир, отуз беш, бир жүз жыйырма.

*Сан атоочтор маанисине карата алтыга бөлүнөт*

| К № | Сан атоочтор | Мисалдар |
|---|---|---|
| *1.* | *Эсептик сан* | *Алты, он, элүү, жүз, миң, миллион* |
| *2.* | *Ирептик сан* | *Жүзүнчү, элүүнчү, миңинчи* |
| *3.* | *Жамдама сан* | *Бирөө, экөө, үчөө, алтоо, жетөө* |
| *4.* | *Чамалама сан* | *Кыркча, жүзгө жакын, элүүдөй, отуздан ашык, үч-төрт* |
| *5.* | *Топ сан* | *Бештен, үч-үчтөн, экиден-экиден* |
| *6.* | *Бөлчөк сан* | *Төрттөн бир, эки бүтүн ондон үч* |

**83. Төмөнкү текстти окуп, түшүнүгүнөрдү айтып бергиле. Сан атоочторду таап, кандай суроого жооп берип жаткандыгын байкагыла.**

## Арстанбап жаңгак токою



Арстанбап- Түштүк Кыргызстандагы табигый кооз жер, жаңгак токоюнун эң негизги борбору. Жаңгакка аралаш алча, алма, чие, карагат, четин, итмурун ж.б. өсүмдүктөрдүн өтө көп түрү өсөт. Бул табигый мөмө- жемиш токою 37 миң гектар жерди ээлейт. Токойдун арасынан ар түркүн жыты аңкыган гүлдөрдү, дартка дабаа өсүмдүктөрдү учуратууга болот.

Арстанбапта сүтэмүүчүлөрдүн 40тан ашык, канаттуулардын 157, жерде-сууда жашоочулардын 5тен ашык түрү бар. Мында 1932-жылы токой чарбасы уюшулган. Азыркы учурда чарба 800 тонна жаңгак, 400 тонна алма, 50 тонна алча, 10 тонна мисте сатышат. Жыгач иштетүүчү цех курулган. Анда жаңгак жана алма жыгачынан түрдүү үй эмеректери жасалат.

Арстанбапта эс алуучу жайлар көп. Анда дүйнөнүн көп мамлекеттеринен жүздөгөн адамдар келип эс алышат.

Арстанбап токоюн толуктоо үчүн 3011гектар жерге жаш көчөттөр отургузулган.

табигый - табиий

итмурун - наъматак

жыты аңкыган- ўткир ҳидли

токой чарбасы- ўрмон хўжалиги

**84. Төмөнкү суроолорго жооп бергиле.**

1.Арстанбап кандай жер?

2.Токойдо кандай өсүмдүктөр өсөт?

3.Табигый мөмө- жемиш токою канча гектар жерди ээлейт?

4.Арстанбапта сүтэмүүчүлөр жана канаттуулардын канча түрү жашайт?

5.Арстанбап токой чарбасы качан уюшулган?

6.Азыркы учурда чарба кандай мөмө- жемиштерди жана канча сатат?

7.Жыгач иштетүүчү цехте эмнелер жасалат?

8.Чет мамлекеттерден Арстанбапка эмне үчүн келишет?

9.Токойду толуктоо үчүн кандай иштер жүргүзүлүп жатат?

**85. Төмөнкү сөздөрдү катыштырып сүйлөмдөр түзгүлө.**

Арстанбап, жаңгак, алча, чие, мисте, ит мурун, 32миң гектар, 40тан ашык, 1932- жылы, 800,400, 50,10, үй эмеректери, 3011гектар.

**86. Берилген сан атоочтордун жөнөкөй жана татаалдарын өз-өзүнчө тилкеге бөлүп жазып чыккыла.**

Миң, бешинчи, токсон жети, сексен, элүү тогуз, отуздай, миллион, жүз, бир миң тогуз жүз токсон биринчи, жетимиш алты, сегиз, он беш, сексен жети.

**87. Төмөнкү сандарды тамга менен жазгыла. Алардын жазылышына көңүл бургула.**

4, 9, 13, 18, 20, 50, 123, 160, 257, 578, 1997.

**88. Төмөнкү табышмак, макалдардын кыргызча жана өзбекче айтылышына жана жазылышына көңүл бөлүп, айырмачылыктарын байкагыла. Макалдын маанисин кыргызча айтып бергиле. Сан атоочторду тапкыла.**

1.Кичине гана бою бар, токсон кабат тону бар.
Пак- пакана буйи бор, етти кават туни бор.

2.Кыркына чыдаган кырк бирине да чыдайт.
Киркига чидаган кирк бирига хам чидайди.
3.Бирди бирөө берет, миңди- эмгек.
Бирни биров беради, мингни- мехнат.

4.Алтоо ала болсо, оозундагын алдырат,
Төртөө түгөл болсо, өнбөгөндү өндүрөт.
Олтовлан ола булса, огиздагини олдирар,
Туровлан тугал булса, унмаганни ундирар.

5.Жигит кишиге жетимиш өнөр аз.
Йигит кишига етмиш хунар хам оз.

6.Бирди кессең, онду эк.
Бирни кессанг унни эк.

**89. Бирден миңге чейинки сандардын кыргызча айтылышын үйрөнүп келгиле.**

## § 16 Эсептик сан

### ( Дона сон)

*Заттын санын, эсебин билдирип, канча? нече?*
*деген суроолорго жооп берген сан атоочтор эсептик сан атоочтор деп аталат: беш (канча?), жети (нече?).*

*Эсептик сандарга бирден баштап, эсептөөгө зарыл болгон сандардын баары кирет:*

*Бирдиктер: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9.*

*Ондуктар: 10, 20, 30, 40, 50, 60, 70, 80, 90.*

*Жүздүктөр: 100, 200, 300, 400, 500, 600, 700, 800, 900.*
*Миңдиктер: 1000, 2000, 3000, 4000, 5000, 6000, 7000, 8000, 9000 ж.б. андан жогорку сандар.*

Эсептик сандар да түзүлүшүнө карай жөнөкөй жана татаал болуп экиге бөлүнөт*: он, кырк, элүү үч, он сегиз.*

**90. Төмөнкү сан атоочторду сөз менен жазып чыккыла.**

1, 10, 17, 20, 29, 40, 500, 528, 982, 1135, 1945, 2003, 2050, 55678, 83788, 100000.

**91. Табышмактардын жандырмактарын тапкыла. Эсептик сан атоочторду таап эрежесин айтып бергиле.**

1. Алтымыш төрт чакмакта,
Эки тарап маташат.
Он алтысы капкара,
Он алтысы апапак.

2. Ага жайып китебиң,
Даярдайсың сабагың.
Төрт буту бар болсо да,
Бир шилтебейт кадамын.

**92. Сүйлөмдөрдү окугула. Цифра менен жазылган жөнөкөй жана татаал сан атоочторду өз-өзүнчө бөлүп жазгыла.**

1.Эң жаш падыша Бутандын өкмөт башчысы улуу урматтуу Жигли Сенге Вангчук деген жигит болгон. 2. Ал падышалыкка 1972-жылы 12 жаш курагында отурган. 3. Россиядагы Москва техникалык университетинин 1991-жылкы эң жаш студенти 12 жашар Савелий Костенко болгон. 4. Ал эки жашында окуп, 4 жашында арифметикалык 4 амалды өздөштүргөн. 5. 7 жашында орто мектептин 5- классынын экзамендерин алдын ала ийгиликтүү тапшырган. 6. Окуучулардын санынын көптүгү боюнча эң алдыңкы мектеп Филипиндеги Пасиг шаарындагы Физал мектеби

болду. 7. 1988-1989-окуу жылында анда 16458 окуучу окуган. 8.Балдар, силердин мектебиңерде да канча окуучу окурун мугалимиңерден сурап көргүлөчү.

**93. Текстти окуп, торгой жөнүндө түшүнүгүңөрдү айтып бергиле. Кара менен басылган эсептик сандарга аныктама бергиле.**

Кыргызстанда торгойлордун көп түрлөрү бар. Алардын узундугу **12-23см**. Түсү топуракка окшош боз ала, айрымдарынын башында үрпөгү бар. Силер билесиңерби торгой сайрап жатканда 1 секунданын ичинде **130га** жакын үн чыгарат экен. Таң калыштуусу ал **эки миңге** жакын обон салып сайрайт. **Жарым километр** бийиктикке көтөрүлүп сайраса да, үнү жерге эң сонун угулат.

**94.Тамга- сан аралаш текстти окуп чыккыла. Эсептик сан атоочтордон кандай сөздөр жасалып жаткандыгын байкагыла. Текстти тамга менен жазгыла жана энчилүү аттардын жазылышына көңүл бургула.**

Рай10дун 30адыр, 1лик, 5таш, 7суу, Жаңык3 айылдарында 6н күздө 2 күндүн 1инде 5ик тойлор болду. Ага 2деги баладан 90догу т10чон чалдар, 70теги кемпирлерге чейин келишти. Дасторк10нго боорсок, ко10, лим10, ширин күр3 ж.б. даамдар коюлду. 9дан байге сайылып, к3 сынашмай, ат оюндары ойнолду. 6бакан селкинчек тебилди. Чөм3 да, кашык да май болду. (Ы.К.)

**95. Төмөнкү макалдардын маанисин чечмелегиле жана жаттап алгыла. Эсептик сандарды тапкыла.**

1. Жети өлчөп, бир кес. 2. Эки он беш- отуз. 3. Айдын он беши жарык, он беши караңгы. 4. Эки жакшы тоого чыкса кудалашып түшөт, эки жаман тоого чыкса кубалашып түшөт. 5. Бирди эксең, миңди аласың.

**96. Төмөнкү эсеп оюндарын үйрөнүп алгыла. Эсептик сандарды туура айтып көнүккүлө. Эсептик оюнду жолдошуңар менен ойногула.**

1. Бир сан ойлогула. Аны төрткө көбөйткүлө. Андан ойлогон саныңарды кемиткиле да, аны үчкө бөлгүлө. Ошондо башта ойлогон саныңар чыгар бекен?

2.Бир сан ойлогула. Ага бешти кошкула, андан үчтү кемиткиле, ага экини кошкула, андан ойлогон санды кемитип, алтыны кошсоңор, он чыгат.

3.Бир сан ойло. Ага андан кийин келүүчү санды кош, ага тогузду кош. Чыккан санды экиге бөлгүн. Андан ойлогон санды кемитип кой. Сен каалаган сан - 5.

## § 17. Көнүгүү

### ( Машқлар)

**97.Төмөнкү эсептик сан атоочтор бири- биринен кандайча айырмаланып турат. Ал сандарды улантып айтып бергиле.**

1 3 5 7 9 11 13 15 17 19 21 23 25 27 29… … … …

2 4 6 8 10 12 14 16 18 20 22 24 26 28 30 … … … …

**98. «Жуп лабиринттен» жуп сандарды гана ээрчип чыгасың, «Так лабиринттен» так сандарды ээрчип гана чыгасың. Калемди алып ишке киришкиле.**

### Жуп лабиринт:

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 20 | 22 | 24 | 28 | 30 | 32 | 40 | 45 | 9 | 8 |
| 18 | 35 | 47 | 59 | 97 | 99 | 71 | 11 | 98 | 96 |
| 16 | 23 | 36 | 70 | 76 | 80 | 84 | 82 | 90 | 31 |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 14 | 11 | 28 | 81 | 23 | 39 | 41 | 87 | 55 | 16 |
| 12 | 9 | 24 | 62 | 60 | 58 | 4 | 48 | 61 | 28 |
| 10 | 46 | 77 | 97 | 83 | 67 | 51 | 46 | 77 | 38 |
| 8 | 61 | 30 | 40 | 50 | 42 | 49 | 58 | 46 | 42 |
| 6 | 57 | 16 | 45 | 33 | 56 | 35 | 64 | 93 | 81 |
| 4 | 39 | 18 | 92 | 27 | 24 | 22 | 62 | 73 | 68 |
| 2 | 10 | 20 | 22 | 62 | 71 | 19 | 48 | 54 | 72 |

### Так лабиринт

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 44 | 81 | 68 | 24 | 27 | 33 | 34 | 35 | 90 | 97 |
| 82 | 79 | 83 | 91 | 37 | 43 | 69 | 42 | 59 | 99 |
| 70 | 71 | 34 | 42 | 58 | 60 | 57 | 44 | 27 | 50 |
| 64 | 53 | 51 | 39 | 47 | 62 | 19 | 17 | 23 | 56 |
| 27 | 42 | 52 | 64 | 61 | 74 | 18 | 10 | 8 | 79 |
| 21 | 33 | 35 | 78 | 51 | 84 | 35 | 47 | 63 | 77 |
| 9 | 20 | 27 | 88 | 45 | 90 | 92 | 14 | 70 | 99 |
| 15 | 90 | 29 | 35 | 41 | 33 | 96 | 26 | 30 | 93 |
| 3 | 30 | 80 | 40 | 70 | 42 | 12 | 28 | 44 | 81 |
| 1 | 50 | 62 | 49 | 60 | 45 | 47 | 55 | 61 | 77 |

**99. Берилген эсептик сан атоочторду пайдаланып «Жыл мезгилдери» деген текст түзгүлө.**

Үч жүз алтымыш беш, он эки, отуз, кырк жети, жыйырма сегиз, төрт, отуз бир, үч, жети.

**100. Текстти окуп чыккыла. Сан атооч сөздөрдү туура пайдаланып, түшүнүгүңөрдү айтып бергиле.**

## Акылман менен мурасчылар
## (Араб ривояти)

Кадырлуу бир карыя араб жашаптыр. Анын үч уулу бар экен. Карыя дүйнөдөн кайтар алдында уулдарын чакырып, керез-мурасын айтат:

- Мен силерге он жети төө калтырдым, балдарым.

Улуунар- теңин, ортончуңар- үчтөн бирин, кичүүнөр- тогуздан бирин алгыла,- дейт да, акыркы сапарына жол тартат.

Балдары атасын ардактап көмүштү, бирок мурасын атасы айткандай бөлүштүрүүгө келгенде кыйынчылык туулду. Он жети төө тең экиге да, үчтөн бирге да, тогуздан бирге да бүтүндөн бөлүнбөйт. Ал татаал маселе чечилбей жаткан учурда, төө минген бир акылман жолоочулап келип калат. Бир туугандар андан кеңеш сурашат.

- Менин төөмдү да кошуп алгыла,- деп сунуш кылат акылман.

Он сегиз төөнү бөлө башташты. Теңи- тогуз, үчтөн бири- алты, тогуздан бири- эки болду.

- Эми кайра кошуп көргүлөчү,- деди карыя. Балдар кошуп киришти.

$$9+6+2=17$$

Бөлгөндө он сегизди бөлүштү эле, кайра кошкондо, он жети болуп калды. Мына кызык тамаша!

Өзүңөр көргөндөй, менин төөм да өзүмө калды, силер да атаңар айткандай бөлдүңөр,- деди акылман төөсүн минип жатып. (Которгон Ж.Садыков)

| | |
|---|---|
| керез- мурас - | мерос |
| жолоочулап - | кезиб |
| ардактап - | ардоқлаб |

**101. Төмөнкү сөз айкаштарын кыргызчага которуп, сандарды тамга менен жазгыла.**

1991- йил, 31- август, 20та дафтар, 10 коп ун, 6 литр сут, 2та жангчи, 37 еш, 12 ой, 2 дуст, 10 яшар киз, 25 мактаб, 158 сум.

**102. Төмөнкү текстти кыргызчага которгула.Түшүнүгүңөрдү кыргызча сүйлөп бергиле.**

## 120 тилни биладиган одам

Бундан бир неча йил муқаддам Нью- Йоркда ўтган тилшуносларнинг халқаро конгрессида профессор Карло Тальявини минбордан конгресс қатнашчиларини бирин- кетин 50та тилда табриклади. У ўн икки ёшлигидаёқ етти тилни билар эди. Филология бўйича Болонья университетида таблим олди, докторлик дипломига эга бўлганда эса15та тилни биларди. Ўшанда у 22 ёшда эди. 2йилдан сўнг Рим университетига доцент бўлди ва тилшунослик бўйича ишларни муттасил давом эттирди. Доктор Тальявини 120та тилни билади. Университетда 25 тилда лекция ўқиди. «Тилни ўрганишда қобилиятнинг ўзигина етмайди,- дейди Тальявини,- оғир, астойдил меҳнат зарур».

## § 18. Сөз өстүрүү

### ( Нутқ ўстириш)

**103. Төмөнкү суроолорго жооп бергиле.**

1.Жыл мезгилдерин ата?

2.Күз айы кайсы мезгилден кийин, кайсы мезгилден мурун келет?

3.Күз айларына кайсы айлар кирет?

4.Жай айынын эң акыркы күнүндө республикабызда эң чоң кайсы майрам белгиленет?

5.Күз мезгили кайсы майрамдар менен башталат?

6.Күзгө байланыштуу кандай макалдарды билесиңер?

**104. Төмөнкү таблицаны пайдаланып, «Күздөгү өзгөрүштөр» деген аңгеме даярдагыла.**

| Өзгөрүүлөр: | Колдонулуучу сөздөр: |
|---|---|
| Табигатта | сары, кызыл, күрөң, бышат, терилет, абдан кооз, учуп кетишет, келе баштайт, |

| | |
|---|---|
| | Жалбырактар. |
| Адамдарда | мектеп, жылуураак, кол чатыр, куртка, плашь, даярданышат. |
| Үй жумуштарында | огород, бактагы, жайкалат, эгилет, айдалат. |
| Кышка даярдык | кыям, шире, туздашат, жашылча, жемиш, күз күрөш. |

**105.** **Үйдөн «Күз» деген темада текст түзүп келгиле. Алдын ала тексттин планын түзүүнү унутпагыла.**

**106. Төмөнкү сүрөттөр боюнча оозеки аңгеме түзгүлө. Ага өзүңөр ат койгула.**



**107. Өз оюңарды кенен айтуу менен суроолорго жооп бергиле.**

1.Жакшылык дегенди кандай түшүнөсүңөр?
2.Жамандык деген эмне?
3.Силер бирөөгө жакшылык кылдыңар беле?
4. «Кыңыр иш кырк жылдан кийин билинет»- деген макалдын маанисин түшүндүрүп бергиле.

**108. «Кыргыз элинин макал-лакаптары» деген китептен жакшылыкка жана жамандыкка байланышкан макалдарды таап, ар бирине үчтөн жазып келгиле. Алардын маанисин чечмелеп бергиле.**

**109. Төмөнкү учкул сөздөрдүн маанисин кыргызча түшүндүрүп бергиле.**

1.Рост айтгучига ҳамиша роҳат олдидадур.
2.Емонлик қилмагин, агар қилсанг, ул ёмонликни топасан.
3.Яхшилик нур келтирар.

**110. Төмөнкү чакыруунун үлгүсүнө көңүл бургула.**

## Чакыруу

Урматтуу Талант агай!
Сизди Ж.Бөкөнбаев атындагы орто мектептин 80 жылдык маарекесине чакырабыз.
Маарекеге байланыштуу салтанат 2016- жылдын 25- майында Ноокат районунун «Жал» айылында аталган мектепте саат 12.00.дө башталат

**Уюштуруу тобу.**

Чакырууда белгиленүүчү окуя боло турган жылы, күнү, сааты жана дареги сөзсүз так жазылууга тийиш.

**111. Төмөнкү чакыруу туура жазылганбы? Көңүл коюп окугула. Катасы болсо оңдогула.**

## Чакыруу

Урматтуу Айсулуу!

Сени 15- апрелде боло турган туулган күнүмө чакырам. Сөзсүз келгин. Сени күтөм.

**Досуң Дарыйка**

**112. Мектебиңерде иштеп, эс алууга чыккан эже-агайыңарга классыңарда өткөрүлө турган кечеге чакыруу жазгыла.**

**113. Мектебиңерде өтүлүүчү «Алтын күз» майрамына карата ата-энеңерге чакыруунун үлгүсүн жазгыла.**

## § 19. Чейректик кайталоо

### ( Чорак охирида такрорлаш)

**114. Төмөнкү сүрөттөгү зат атооч сөздүн өңүн, көлөмүн, формасын, даамын, сапатын билдирген сөздөрдү таап, дептериңерге жазгыла. Сын атооч деп эмнени айтарыбызды эсиңерге түшүрүп, эрежесин айтып бергиле.**





—— өңү————— к … … … …
—— көлөмү——— а … … … …
—— формасы —— н … … … …
—— даамы ———— д … … … …
—— сапаты ——— а … … … …
—— ……..————— й … … … …?

**115. Төмөнкү сын атооч сөздөрдүн жөнөкөйүн өзүнчө, татаалын өзүнчө жазып, аларды катыштырып сүйлөм түзгүлө.**

Жылуу, төрт талаалуу, кымбат баалуу, кооз, үкүлүү, чоро тебетейчен, кызыл чоктуу, суусар тебетейчен, шурулуу, берметтүү, кыпкызыл.

**116. Төмөнкү сапаттык жана катыштык сын атоочторду ажыратып сүйлөмдөр түзгүлө. Сапаттык, катыштык сын атоочтор боюнча сүйлөп бергиле.**

Кызыл, жылуу, баалуу, тери, тоголок, шайыр, токойлуу жер, жаанчыл ай, түнт, ичке, тоодой бийик, таттуу, космостук учуу, таттуу тамак, агыш, темирдей тартип, урчуктуу тоо.

**117. Төмөнкү ырды көркөм окугула. Сын атооч сөздөрдү тапкыла. Өзүңөр билген сын атооч сөздөр катышкан ырлардан жатка айтып бергиле.**

-Бака, бака балчак,
Башың неге жалпак?
Бутуң неге ийри?
Көзүң неге тосток?
-Казанды көп көтөрүп,
Башым жалпак болуптур.
Жайдак атка көп минип,
Бутум ийри болуптур.
Кароолду көп карап,
Көзүм тосток болуптур.

**118. Төмөнкү сөздөрдөн сын атоочтун даражалары боюнча өз- өзүнчө ажыратып жазгыла.**

Сулуу, туптуура, чаканыраак, менден улуураак, ширин, ачуу, өтө туздуу, өжөрүрөөк, морт, сары- сары, алмадан чоң, көгүш, чер токойлуу капчыгай, сургулт, бозомук, кечеги күндөн суугураак, абдан акылдуу, жумшак, жоош, жапжарык, Эмилден кыйык.

**119. Төмөнкү сөздөрдү үлгүдөгүдөй уңгу, мүчөгө ажыратып жазгыла. Сын атооч кайсы мүчөлөрдөн жасалгандыгын айтып бергиле.**

Балалуу, чоочунураак, тайгак, алтындай, ыйлаак, кызгылт, мылтыкчан, бозгуч, бакырчаак, китепсиз, бетегелүү, тердээк, мээлейчен.

**Үлгү:** бала (зат)+луу

**120. Текстти окуп чыккыла. Эсептик сандарды таап, жөнөкөй жана татаал сан атоочтор жөнүндө айтып бергиле.**

## Ысыккөл

1200 метр бийиктикте жайгашкан дүйнөдөгү көлдөрдүн ичинен терендиги, көлөмү боюнча биринчи орунда. Ал кышында тонбойт. Арал деңизи терендиги жагынан 68м. болсо, Ысыккөлдүн терендиги 702 метрге жетет. Арал деңизи аянты жагынан Ысыккөлдөн 10 эсе чоң болгону менен Ысыккөлдө суунун көлөмү эки эсе ашык.

Ысыккөлдүн узундугу 182 км, туурасы 60 км келип, жалпы аянты 6,3 миң чарчы километрге туура келет. Ал деңиз деңгээлинен 1623 метр бийиктикте жайгашкан.

## Биринчи чейректеги билимиңерди текшергиле

1. Сын атооч заттын кандай белгилерин билдирет?
   а) кыймылын, аракетин, абалын ж.б.
   б) өңү- түсүн, даамын, формасын ж.б.
   в) мезгилин, ордун, себебин ж.б.
   г) санын, өлчөмүн, иретин ж.б.
   д) даамын, атын, кыймылын.

2. Төмөнкү сөздөрдөн жалаң сын атоочторду тап.
   а) кара, отурду, келди.
   б) кызыл, бүгүн, жети.
   в) он жети, оор, күз.
   г) таштуу, жакшы, таттуу.
   д) дептер, келди, алма.

3. Сын атооч башка заттар менен болгон катышына карай канчага бөлүнөт.
   а) 2 б) 3 в) 4 г) 5 д) 6

4. Төмөнкү сөздөрдөн жалаң сапаттык сын атооч сөздөрдү тап.
   а) ак, токойлуу жер

б) сары, менден чоң
в) улуураак, келди
г) жакшы, ширин
д) мен, сен, ал

5. Төмөнкү сөздөрдөн катыштык сын атооч сөздөрдү тап.
а) тоголок, айыл өкмөтү
б) даамдуу, жакшы
в) ойчул окуучу, малдуу жайыт
г) өтө күчтүү, аппак
д) шаардан, асыл

6. Сын атоочтун канча даражасы бар.
а) 3 б) 2 в) 1 г) 4 д) 5

7. Жай даражадагы сын атооч сөздөрдү гана белгиле.
а) агыш, кыпкызыл
б) оор, жука
в) шипширин, ачуу
г) менден чоң, саргыч
д) бала, торгой

8. Күчөтмө даражадагы сын атооч сөздөрдү гана белгиле.
а) кооз, күчтүү
б) күчтүү, алсызыраак
в) кызыл- тазыл, кыпкызыл
г) кара, капкара
д) ширин, ак

9. Салыштырма даражадагы сын атооч сөздөрдү гана белгиле.
а) сулуураак, менден кичүү
б) сапсары, кыйгыл
в) бийик- бийик, саздуу жер
г) шайыр эл, төрт бурчтуу
д) кара тору, кызыл, сулуу

10.Сын атоочтор түзүлүшүнө карай канчага бөлүнөт.
а) 4 б) 3 в) 5 г) 2 д) 1

11.Жөнөкөй сын атооч сөздөрдү гана белгиле.
а) бактылуу, көркөм
б) үч бурчтуу, катуу
в) бар- жок, жер- суу
г) карым- катыш, ташбака
д) кызыл- тазыл, көк- кашка

12.Татаал сын атооч сөздөрдү гана белгиле.
а) кипкичине, күрөң
б) төөкуш, балбан
в) бийик тоо, жакшы окуучу
г) чоң- чоң, узун- узун
д) чоң, узун

13.Жакшы сөз жан эргитет деген макалдан сын атооч сөздү тап.
а) жакшы
б) сөз
в) жан
г) эргитет
д) сын атооч сөз жок

14.Кыргызстанда бийикбийик торолор көп деген сүйлөмдөн туура эмес жазылган сын атооч сөздү тап.
а) Кыргызстанда
б) бийикбийик
в) тоолор
г) көп
д) баары туура

15.Кыздар кып кызыл гүлдөрдү теришти деген сүйлөмдөгү туура эмес жазылган сын атооч сөздү тап.
а) кыздар
б) кып кызыл

в) гүлдөрдү
г) териштн
д) баары туура

16.Сын атооч сөздөрдү уюштуруучу сөздөрдү тап.
а) -мак, -майынча, -ган
б) -оо, -уу, -ыш
в) -чы, -лык, -лата
г) -луу, -аак, -ыраак
д) -нын, -да, -дан

17.Мүчө улануу менен жасалган сын атоочторду тап.
а) алтындай, тончон
б) жылкычы, китептер
в) келүү, окуучу
г) шамалга, мектептен
д) кооз, карга

18. Сын атооч сөздөр сүйлөм тизмегинде көбүнчө кандай синтаксистик кызмат аткарат.
а) толуктооч
б) бышыктооч
в) аныктооч
г) ээлик
д) баяндооч

19.Калың дептерди өзүн ал, жука, кооз дептерди мага бер - деген сүйлөмдө канча сын атооч сөз бар.
а) 1 б) 4 в) 3 г) 2 д) 5

20.Биз кыпкызыл, көпкөк, сапсары шарларды алдык-деген сүйлөмдөгү сын атооч сөздөр кайсы даражада турат.
а) жай
б) күчөтмө
в) салыштырма
г) басаңдатма
д) жай, салыштырма

21.Чоң тоолор да майда таштардан куралат -деген сүйлөмдөгү сын атооч сөздөр кайсы даражада турат.

а) салыштырма
б) күчөтмө
в) жай
г) сын атооч сөздөр жок
д) басаңдатма

22.Үсөндүн мүнөзү Кубанычбектин мүнөзүнө караганда элпек жана сылык деген сүйлөмдөгү сын атооч сөздөр кайсы даражада турат.

а) сын атооч сөз жок
б) жай
в) салыштырма
г) басаңдатма
д) күчөтмө

23.Сан атооч сөздөр заттын эмнесин билдирет.

а) өңүн, даамын, формасын
б) кыймылын, абалын, аракетин
в) ордун, мезгилин, себебин
г) санын, иретин, эсебин
д) санын, кыймылын, атын

24.Зат атоочтон сын атооч жасоочу мүчөлөрдү тап.

а) -нын, -га, -ны, -да
б) -луу, -сы-, -дай, -чан
в) -ыш, -гылт, -ча, -ыраак
г) -лар, -ча, -аак, -ык
д) -ган, -ар, -бас

25.Этиш сөздөрдөн сын атооч жасоочу мүчөлөрдү тап.

а) -луу, -сыз, -дай, -чан
б) -ыш, -гылт, -гыч, -ыраак
в) -гак, -аак, -чаак
г) -нын, -га, -ны, -да
д)-ган, -ар, -бас

26.Татаал сан атооч сөздү тап.

а) миң, миллион
б) он бир, кырк төрт
в) жүз, элүү
г) беш, сегиз
д) 1, 9

27. Жөнөкөй сан атооч сөздөрдү тап.

а) 1, 9 б) 1995, 17 в) 45, 55 г) 98, 100 д) 41, 38

28. Сан атоочтор маанисине карай канчага бөлүнөт.

а) 4 б) 5 в) 6 г) 7 д) 3

29. Эсептик сандар заттын эмнесин билдирет.

а) катарын, тартибин
б) болжолун, чамасын
в) өңүн, түсүн
г) санын, эсебин
д) атын, кыймылын

30.Биринчи, бештей, экиден бир, жетөө, токсон беш - бул сан атоочтордон эсептик сан атоочту тап.

а) биринчи
б) бештей
в) жетөө
г) токсон беш
д) экиден бир

## § 20. I- чейректе өтүлгөн материалдарды кайталоо

### (1 чоракда ўтилган мавзуларни такрорлаш)

**121. Суроолорго жооп бергиле.**

1.Каникулда кандай эс алдыңар? Көңүлдүү өткөрдүңөрбү?
2.Кандай кызыктуу китептерди окудуңар?
3.Биринчи чейректе кыргыз тили боюнча кандай темаларды өткөнбүз, эсиңердеби?
4.Сын атооч деп кандай сөз түркүмүн айтабыз?
5.Сапаттык жана катыштык сын атоочторго мисал келтиргиле. Алардын айырмачылыгын түшүндүрүп бергиле.
6.Сын атоочтун даражалары жөнүндө түшүнүк бергиле.
7.Сан атооч деп кандай сөз түркүмүн айтабыз?
8.Сан атооч маанисине карай кандай болуп бөлүнөт?
9.Эсептик сан атоочторго мисал келтиргиле.
10.Чакыруу каттын жазылышын түшүндүрүп бергиле.

**122. Төмөнкү сөздөрдүн ичинен сын атоочторду ажыратып жазгыла.**

Дүйшөмбү, жашыл, стол, темир, жумуру, жер, китеп, жакшы, жыйырма беш, бийик, мен, сиз, кыпкызыл, камчы, тебетей, кенен, чынар, бийик-бийик, таттуу, кел, терең, алма, кычкыл, күн, жылуу, түн, суук, бозгуч, булут, сур, алмаз, кара, катуу, аюу, баары, күчтүү, тартиптүү, апакай.

**123. Төмөнкү сын атооч сөздөрдү кыргызчага которуп жазгыла.**

Рангли, оддий, кучлироқ, сариқ, яшил, яхши-ёмон, ишчан, каттароқ, япалоқ, дум-думалоқ, кўм-кўк, сувсиз, қимматбаҳо, кўкимтир, энг гўзал, баланд, ақлли, илмий.

**124. Төмөнкү сан атоочтордун бирдиктерин, ондуктарын, миңдиктерин өз-өзүнчө бөлүп жазгыла.**

2, 2000, 200, 20, 5000, 50, 500, 5, 9, 9000, 90, 900, 600, 60, 6, 7, 7000, 70, 700, 30, 300, 3, 3000, 4, 400, 40, 4000, 800, 80, 8, 8000, 1000, 1, 100, 10.

**125. Төмөнкү табышмактарды кыргызчага которуп, жандырмагын тапкыла.**

Маъносида бор санъат,
Ўлчаш ҳамда, рақамлаш.
Нарсаларнинг тартиби,
Сонини билдиради.
Буюмларнинг ҳажмини,
Миқдорини билдиради.
Нарсаларнинг ҳажмини,
Билдиради маъноси.
Топинг, қайси сўзларнинг,
Бордир шундай маъноси?
Етти- саккиз, қирқ- эллик,
Қандай сонлар, топайлик?

## § 21. Иреттик сан атооч

### ( Тартиб сон)

***Заттын иретин, тартибин, катарын көрсөтүп, канчанчы? нечинчи? деген суроолорго жооп берген сандар иреттик сан атоочтор деп аталат. Иреттик сандар жөнөкөй сан атоочко –ынчы (-нчы) мүчөсүнүн уланышы менен түзүлөт: сегиз+ынчы- сегизинчи, алты+ынчы- алтынчы, үч+ынчы- үчүнчү, он+ынчы- онунчу***

-ынчы мүчөсү татаал сандын эң акыркы санына уланат: *жыйырма бешинчи, бир жүз сегизинчи.*

Иреттик сан атоочтор цифра менен берилсе, -ынчы мүчөсүнүн ордуна сызыкча (- ) белгиси коюлат: *6- класс, 23-үй, 1961- жыл.*

**126. Төмөнкү эсептик сан атоочторго –ынчы мүчөсүн улап , жазуу жүзүндө жазгыла.**

2001, 6, 24, 136, 1984, 445, 11, 777, 88, 919, 13, 2000.
**Үлгү:** Бир миң тогуз жүз алтымыш экинчи.

**127. Өз алдыңарча иреттик сан атоочторду катыштырып 5-6 сүйлөм түзгүлө.**

**128. Төмөнкү текстти үйдөн кыргызчага которуп жазып келгиле. иреттик сан атоочтордун астын сызгыла.**

Инсонинг ақли саккиз нарсада намоён бўлади: биринчи- назокатли ва мулойим муомалада; иккинчи – ўзи ким эканлигини билиб, шунга риоя қилишда; учинчи- ўз сирлорини дўстга билдириб-билдирмасликда; тўртинчи – ўзидан катталарга, айниқса, ота-она ва ўқитувчиларга итоат қилиб, уларнинг орзу истакларини амалга оширишда; бешинчи – ўзининг ва бошқаларнинг сирини сақлашда; олтинчи – эҳтиёт бўлиб, ширин тил билан сўзлашда; еттинчи – тилини тийиб, ортиқча сўзламасликда; саккизинчи – мажлисларда жим ўтиришни одат қилиш, сўрамасалар, гапирмасликда.

**129. Текстти окуп чыккыла. Түшүнүгүңөрдү айтып бергиле. Иреттик сан атоочтун жазылышына көңүл бургула.**

## Курманжан датка



Он тогузунчу кылымда Орто Азия элдерин Кокон жана Бухара хандары башкарып турган. Бул хандыктардагы элге бийлик жүргүзүүчү эң жогорку наам датка эсептелген.

Курманжан 1811-жылы кулжа айында Ош шаарынын четиндеги Орке кыштагында туулган. Анын атасы Маматбай салтты жакшы билген, эл арасында кадырлуу адам болгон. Курманжан оюндагысын бетке айткан, акылдуу кыз болуп өсөт. Ал кезде Ош

шаары Кокон хандыгына караган. Алымбек датка алгач Ош шаарынын, андан кийин Анжияндын акими болгон. Курманжан 1832-жылы Алымбек даткага турмушка чыккан. Аны менен отуз жыл өмүр сүрүп, 5 уул, 2 кыздуу болушкан.

1862-жылы Алымбек датканы кас душмандары өлтүрүп кетет. Курманжан күйөөсүнүн даткалык бийлигин улантып, Алайдын жана Оштун гана кыргыздарына эмес, бүткүл Фергана өрөөнүнө даңктуу башкаруучу болгон.

Бухара эмири Сайид Музаффар менен Кокондун ханы Кудаяр хан 1862-жылы Ошко келип, Курманжанга «датка» деген наамды ыйгарышкан. Бул наам орустардын «генерал» деген чинине туура келген. Орто Азия жана түрк элдеринде аялдардан датка даражасын алып жүрүү тарыхта болгон эмес. Курманжан датка орус төбөлдөрүнө да коомдук жана мамлекеттик ишмер катары белгилүү болгон. Аны Кауфман баш болгон орус генералдары «Алай канышасы» деп аташкан. Курманжан датка Фергана чөлкөмүндө жашаган элдердин тынчтыгы үчүн кам көрүп, бекер кырылып кетүүдөн сактап, элдердин өз ара ынтымагына оң таасирин тийгизип турган. Анын ысмы түбөлүккө сакталып калды.

наам – унвон
бийлик жүргүзүүчү - ўз амрини ўтказувчи
салт – расм, одат
төбөлдөр – ҳукмрон табақалар

**130. Төмөнкү суроолорго жооп бергиле.**

1. XIX кылымда Орто Азия элдерин кайсы хандыктар башкарып турган?
2. Курманжан качан, каерде, кандай үй-бүлөдө туулуп өскөн?
3. Алымбек датка ким болгон?
4. Алымбек датка өлгөндөн кийин Курманжан эмне кылды?
5. Курманжанга датка наамын ким ыйгарган?
6. Датка деген кандай наам?

7. Силердин оюңарча, датка наамына татыктуу эркектерден жок беле?

8. Орус төбөлдөрү Курманжанды эмне үчүн «Алай каньшасы» деп атаган?

**131. Үйдөн Курманжан датка жөнүндө уккан, окуган материалдарыңардан пайдаланып, өз алдыңарча текст түзүп келгиле.**

## § 22. Жамдама сан атооч

### (Жамловчи сон)

*Сан менен заттык түшүнүктү жамдап көрсөтүп, канчоо? нечөө? деген суроолорго жооп берген сандар жамдама сан атооч деп аталат. Жамдама сан атоочтор эсептик санга –оо, -өө мүчөлөрү уланып жасалат. Кыргыз тилинде жети гана жамдама сан атооч бар.*

| Эсептик сан атооч | Мүчөсү (-өө,-оо) | Жамдама сан атоочтор | Суроолору |
|---|---|---|---|
| Бир | - өө | Бирөө | Канчөө? Нечөө? |
| Үч | - өө | үчөө | Канчөө? Нечөө? |
| Жети | - өө | Жетөө | Канчөө? Нечөө? |
| Алты | - оо | Алтоо | Канчоо? Нечөө? |

**132. Төмөнкү эсептик сандарга жамдама сан атоочтун мүчөлөрүн улап жазгыла жана аларды катыштырып сүйлөм түзгүлө.**

Бир, эки, үч, төрт, беш, алты, жети.

**133. Төмөнкү макалдарды кыргызчага которгула жана маанисин түшүндүрүп бергиле. Андагы жамдама сандарды тапкыла.**

1. Бирни биров беради, кўпни меҳнат.
2. Икковга биров бас келолмас, отлиққа яёв етолмас.
3. Олтовлан ола бўлса, оғзидагини олдирар,
   Тўртовлон тугал бўлса, унмаганни ундирар.
4. Санамай, саккиз дема.

**134. Төмөнкү бош көзөнөкчөлөргө эсептик сандарды койсоңор, жамдама сан атоочтор чыгат.**

Кана, ким табат?

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Ө | Ө | | |
| | | Ө | Ө | | |
| | | | Ө | Ө | |
| | | | Ө | Ө | |
| | | | О | О | |
| | | | Ө | Ө | |
| | | | | Ө | Ө |

**135. Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла. Жамдама сан атоочтордун астын сызып, кайсы мүчөлөр уюштургандыгын айтып бергиле.**

1.Төртөө көп болсо, төбөдөгүнү алат.
Алтоо ала болсо, алдындагысын алдырат. ( Макал)
2.Бирөө бардыгы үчүн, бардыгы бирөө үчүн.
3.Атадан алтоо болсоң да, бир жалгыздык башында. (Макал)
4.Алганга алтоо аз, бергенге бешөө көп. (Макал)

**136. Төмөнкү жамдама сан атоочторду катыштырып сүйлөм түзгүлө. Жамдама сан атоочтордун мүчөлөрүн белгилегиле.**

Бешөө, алтоону, жетөөн, экөөнө, бирөө, төртөөнө, үчөөнө, жетөөнүн.

## § 23. Топ сан

### ( Тақсим сон)

*Заттын санын топ-тобу менен көрсөтүп, канчадан? нечеден? деген суроолорго жооп берүүчү сандар топ сан деп аталат.*

Кыргыз тилинде топ сандын өзүнө тиешелүү мүчөсү жок, бир же эки кайталанган эсептик сандарга чыгыш жөндөмөсүнүн -дан мүчөсү улануу менен гана жасалат.

*Мисалы: Балдар, беш-бештен бөлүнүп тургула. Биз экиден калемсап, ондон дептер алдык.*

Топ сан түзүлүшүнө карай жөнөкөй жана татаал болот. Татаал топ сандарда -дан мүчөсү эң аякки санга, кээде экөөнө тең улана берет: *үч-үчтөн, үчтөн-үчтөн, беш-бештен, бештен-бештен.*

**137. Төмөнкү цифраларга топ санды уюштуруучу -дан мүчөсүн улап жазгыла.**

2, 5-5, 8, 8-8, 100, 100-100, 10, 10-10, 15, 15-15, 3, 3-3, 1000, 1000 – 1000, 150, 150 – 150.

**138. Табышмакты окуп, жандырмагын тапкыла. Топ сандарды белгилегиле.**

Бир терек көрдүм, эки бутагы бар, ар бир бутакта төрттөн уясы, отуздан жалбырагы бар. Ал уянын жетиден жумурткасы бар.

**139. Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, топ сандардын астын сызгыла. Аларды уңгу мүчөгө ажыраткыла.**

1.Класстагы окуучулар парталарга эки-экиден отурушат.
2.Мугалим окуучулардан тапшырманы бирден сурады.
3.Он-ондон бөлүнүп, ак терек, көк терек оюнун ойнодук.
4.Аяз ата балдардын ар бирине бирден белек берет.
5.Кыргызстандын токойлоруна коё берилген кыргоолдор жаңы жерлерге жакшы көнүгүп, балапандарын чыгара баштаашты.
7.Балдар алты-алтыдан бөлүнүп волейбол ойношту.

**140. Төмөнкү сан атоочтордун ичинен ирettик жана топ сан атоочторду өз-өзүнчө көчүрүп жазгыла.**

Биринчи, төртүнчү, бештен, алтынчы, ондон, он үчтөн, төрт-төрттөн, жетинчи, сегизден, бир жүз элүүнчү, жүз жыйырмадан, миңден, беш жүз токсон бешинчи, эки жүздөн, онунчу, экиден-экиден, он экинчи, он тогузунчу, сексенден.

**141. Көп чекиттердин ордуна сан атоочтордун тиешелүү мүчөлөрүн коюп жазгыла.**

Беш ..., алты ..., жети ..., төрт ... , сегиз ..., бир ..., он ..., беш-беш ..., төрт ..., миң ..., кырк ..., тогуз ..., отуз алты..., беш ..., жүз ..., үч ..., жетимиш беш ... , он бир ..., алты ... .

**Үлгү:** бешөө, алтыдан, жетиден.

## § 24. Көнүгүүлөр

## ( Машқлар)

**142. Төмөнкү сан атоочтор силерге эмнени элестетет. Ал сан атоочторду катыштырып текст түзгүлө. Жыл мезгилдерин эске түшүргүлө.**

**БИР**

| Т | Ө | Р | Т |
|---|---|---|---|
| 1 2 3 | 1 2 3 | 1 2 3 | 1 2 3 |
| 31 30 31 | 30 31 31 | 30 31 31 | 31 31 28 - 29 |

**143. Текстти көчүрүп жазгыла, ал боюнча түшүнүгүнөрдү сүйлөп бергиле. Эсептик сан атоочтордун астын бир, ирettик сан атоочтордун астын эки сызык менен сызгыла.**

## Кыргызстандын кызыл китеби

Кыргызстандын аймагындагы сейрек кезигүүчү жана жок болуп бараткан жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн түрлөрү мамлекеттик коргоого алынган. Алардын бир тобу Кыргыз Республикасынын Кызыл китебине катталган.

Кыргызстандын Кызыл китеби мурдагы Кыргыз ССР Министрлер Советинин 1976-жылдын 10-майындагы токтому боюнча түзүлүп, 1981-жылдын 13-апрелиндеги токтому боюнча Кызыл китепке катталуучу жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн тизмеси бекитилген.

Кызыл китепке сүтэмүүчүлөрдүн 13, сойлоочулардын 3, балыктын 1, курт-кумурсканын 5, канаттуулардын 20, өсүмдүктөрдүн 65 түрү катталган. Кызыл китепке катталгандарды, жалпы эле жаратылышты коргоо - баарыбыздын милдетибиз.

**144. Эсептик сандарга сан атоочтордун тиешелүү мүчөлөрүн улап, төмөнкү таблицаны толтургула.**

| Эсептик сан | Иреттик сан | Жамдама сан | Топ сан |
|---|---|---|---|
| Беш | | | |
| Үч | | | |
| Төрт | | | |
| Алты | | | |
| Жети | | | |
| Эки | | | |

**145. Төмөнкү сан атоочторду катыштырып сүйлөм түзгүлө.**

Сегиз, жүзүнчү, бешөө, ондон-ондон, алтынчы, беш-бештен, жыйырма, эки миңинчи, үчөө.

**146. Сүйлөмдөрдү кыргызчага которуп, дептериңерге жазгыла. Сан атоочтордун астын сызып, кайсы түрү экендигин айтып бергиле.**

1.Мактабимизда етти юз эллик икки ўқувчи бор. 2.Уларнинг икковларини ҳам танийдиган кишилар оз эмас эди. 3.Синфимизда бешта спортчи бор. 4.Волейбол бўйича ўтказилган мусобақада бизнинг мактаб ўқувчилари командаси ғолиб чиқди. 5.Инсоннинг юраги йигирма тўрт соат ичида юз минг мартага яқин уради. 6.Ер шарининг ўртача диаметри-ўн уч минг километр.

## § 25. Чамалама сан атооч

### (Чама сон )

Заттын санын чамалап, болжолдоп көрсөтүүчү сандар чамалама сан атooч деп аталат. Чамалама сан атоочтор төмөнкүчө жасалат.

| Чамалама сан атоочтун жасалышы | Мисалдар |
|---|---|
| 1.Эсептик сандардын өз ара айкашынан: | Беш-алты, жети-сегиз, сексен-токсон |
| 2.Эсептик сандарга жакын, чамалуу, ашуун, чакты деген сөздөрдүн айкашынан: | Сегизге жакын, он чакты, жүздөн ашуун, кырк чамалуу |
| 3. Эсептик сандарга –дай, -ча, - лап, -даган мүчөлөрүнүн уланышы менен: | Алтыдай, жүздөп, миңдеп, сегизче, миллиондоп |
| 4. Эсептик сандарга көптүктүн –лар мүчөсү улануу менен: | Токсондорго, элүүлөрдө, отуздарда, алтымыштарда |

*Чамалама сандар да түзүлүшүнө карай жөнөкөй, татаал болуп экиге бөлүнөт:* жүздөй, он сегиздерде.

**147. Төмөнкү чамалама сан атоочторду катыштырып сүйлөм түзгүлө.**

Эки-үч, беш чакты, ондон ашуун, отуз-отуз бештерде, миңдеп, токсондорго, жетимиштердеги, алтымышча, элүүдөй, беш-алты.

**148. Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, чамалама сан атоочтордун астын сызгыла. Кандайча жасалгандыгын айтып бергиле.**

1.Төөкуштар Африкада гана кезигет. 2.Алар азыркы куштардын эң ириси. 3.Бийиктиги 2,44 метрче, салмагы 136 килограммга жетет. 4.Төөкуштар уча албайт, чөп жейт. 5.Бир үйүрдөгү беш-алтыдай ургаачысы бир уяга жумуртка тууп, балапандарын чогуу басып чыгарат. 6.Алар тез чуркайт, күлүк келет.

**149. Көп чекиттердин ордуна чамалама сан атоочтун тиешелүү мүчөлөрүн же сөздөрдү коюп, көчүрүп жазгыла.**

1.Апам кырк жашта, ал эми атам кырк беш ... .2.Биздин класстан он ... окуучу сыйланды. 3.Асыл дүкөндөн жыйырма... дептер алды. 4.Чогулушта сегиз ... адам сүйлөдү. 5.Үч-төрт... окуучу саякатка чыкпай калды. 6.Кыргызстанда беш миллионго ... эл жашайт. 7.Республикабызда сексенден ... улуттун өкүлдөрү ынтымактуу жашап жана эмгектенип жатышат.

**150. Төмөнкү текстти окугула, түшүнүгүңөрдү сүйлөп бергиле. Сан атооч сөздөрдү тапкыла.**

## Айбанаттардын аттары менен аталган айлардын мааниси

Кыргыздарда бир жылдагы он эки айдын бешөө айбандардын аттары менен аталган. Алар: жалган куран (март), чын куран (апрель), бугу (май), кулжа (июнь), теке (июль). Эмне үчүн минтип аталып калган? Мунун себеби бар. Чыгыш элдеринин көпчүлүгүнүн календары боюнча түндөн күн узара баштаган айды жылдын башы деп эсептешет. Демек, жалган куран (март)-

жылдын башы. Ал эми куран деп кыргыздар эликтин эркегин айтат. Анын мүйүзү кышында түшкөндө токол болуп, алыстан телкиден (ургаачысынан) айрылып таанылбайт.

Ала шалбыртта, көк жаңыдан чыккан маалда курандын мүйүзү кылтыйып жаңыдан өсө баштайт. Ошондуктан алыстан куран экени же телки экени жакшы байкалбайт. Апрелде мүйүзү сороюп кыйла өсүп калат да, ал алыстан эле таанылат. Ошондуктан муну чын куран дейт.

Ал эми бугу, кулжа, теке деген айларда айбандардын эркектери ургаачысынан бөлүнүшүп, өздөрүнчө үйүр курашат: майда бугулар, июнда кулжалар, июлда тоо текелер.

ала шалбырт – қори эриган жойлар
үйүр – уюр

**151. Суроолорго жооп бергиле.**

1.Кыргыздарда кайсы айлардын аттары айбандардын аттары менен аталат?

2.Чыгыш элдеринин календары боюнча жаңы жыл кайсы мезгилден башталат?

3.Март айы эмне үчүн жалган куран деп аталат?.

4.Апрел айы эмне үчүн чын куран деп аталат?

5.Май, июнь, июль айлары да эмне үчүн жаныбарлардын аттары менен аталат?

6.Кыргызча айлардын аталыштарын айтып бергиле.

## § 26. Бөлчөк сан

## ( Каср сон)

*Заттын санын майдалап, бүтүн сан менен бөлүктүн өз ара катышын билдирген сан бөлчөк сан деп аталат.*

*Бөлчөк сан атоочтор төмөндөгүдөй жолдор менен жасалат:*

1.Бөлчөк сандын бөлүмү чыгыш жөндөмөсүндө, алымы атооч жөндөмөсүндө туруу менен: *бештен бир, төрттөн үч, жүздөн элүү.*

2.Бөлчөк сандын бөлүмү илик жөндөмөсүндө, алымы 3-жактын таандык мүчөсүндө туруу аркылуу: *экинин бири, сегиздин төртү, ондун үчү.*

**152. Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла. Бөлчөк сандардын астын сызып, жасалышын айтып бергиле.**

1.Кыргызстандын аянты – 198,7 миң чарчы километр. 2.Күндүн нурунун алты миллиарддан бир бөлүгү гана Жерге жетет. 3.Жер бетинин үчтөн эки бөлүгүнөн ашыгыраагын океандар менен деңиздер ээлеп турат. 4.Суутек (водород) суунун үчтөн эки бөлүгүн ээлеп, жалпы абадан 14,5 эсе жеңил. 5.Түшүмдүү жылдары Кыргызстандын жемиш токойлорунан 1,5 миң тонна жаңгак, 5 миң тонна алма, 100 миң тонна мисте жыйналып алынат.

**153. Цифра менен берилген бөлчөк сандарды сөз менен жазгыла.**

$$\frac{2}{5};\ \frac{40}{100};\ \frac{3}{6};\ \frac{2}{4};\ 1\frac{1}{3};\ 2\frac{3}{4};\ 3\frac{2}{4};\ 0{,}5;\ 5{,}2;\ 7{,}3;$$

**154. Төмөнкү табышмактардын жоопторун тапкыла. Кыргызча айтып бергиле.**

Тўртдан уч ҳамда грамм,
Ҳам қандай сон нимчорак?
Ким тўғри жавоб топар,
У аъло баҳо олар.
Нимчорак, ярим чорак,
Қандай сон? Топ, шу керак.

**155. Ырды жаттагыла. Ырдын негизинде сан атооч, анын бөлүнүштөрү боюнча түшүнүгүңөрдү айтып бергиле.**

## Сан атооч

Заттардын эсебин
Жана ирет, кезегин,
Билдирүүчү сөздөрдү

Сан атооч дешерин,
Китебимден билемин.

Сүйлөм ичин талдоодо,
Сан атоочту байкоодо.
Канча?
Нече?
Деген суроо беремин.
Баамда! Байка!
Билбей калба!
Зат иретин, эсебин
Сан атооч дешерин.
Жамдама, иреттик,
Чамалама, эсептик,
Топ, бөлчөк – сан делип
Алтыга бөлүнөт.
-ОО, -өө уланса,
Жетөөнө ынанса,
Жамдама делинет.

*(М.Байымбетов)*

## § 27. Сан атоочтун жазылышы

### (Соннинг ёзилиши)

*Жөнөкөй, татаал сан атоочтор сөз аркылуу жана цифра менен жазылат.*

1.Жөнөкөй сандар айрым жазылат: *үч, отуз, элүү, миң*

а) Эсептик сандарга –оо, -өө, -ча, -ынчы ж.б. уланганда сан менен бирге, ал эми цифрадан кийин берилсе, цифра менен бирге жазылат: *үчөө, отузча, 26га, 10дон.*

б) ireттик сан атооч сөз аркылуу жазылса, -ынчы мүчөсү уланат, ал эми цифра менен жазылса, -ынчы мүчөсүнүн ордуна сызыкча коюлат: *үчүнчү, отузунчу, 5-үй, 6-класс, 2001-жыл.*

Эгер иреттик сан атооч рим цифрасы менен берилсе, сызыкча коюлбай, бөлөк жазылат: *VI класс, XX кылым*

в) Топ-тобун, чамасын билдирип, эки ирет кайталанып айтылган сан атоочтор дефис аркылуу жазылат: *беш-бештен, он-ондон, жети-сегиз, отуз-кырк.*

г) Бөлчөк сандар айрым-айрым жазылат:
*үчтөн эки, эки бүтүн үчтөн бир.*

2.Татаал сандар цифра менен да, сөз менен да ар бир оруну бөлөк жазылат: *13 – он үч, 45 – кырк беш*

**156. Төмөнкү сан атоочторду цифра менен көчүрүп жазып, тийиштүү жерине сызыкча койгула.**

Бир жүз сексен, үч жүз токсон, эки бүтүн ондон үч, бир миң тогуз жүз кырк биринчи жылдын жыйырма биринчи июнунун таңы, он тогузунчу кылым, он эки үй, кырк биринчи квартира, отуз отуз беш, жети миң сегиз жүз элүү беш, он сегизди үчкө бөлсө, алты калат.

**157. Текстти окугула жана өзбек тилине которгула.**

## Чай

Чай бийиктиги үч метрче келген дайыма жашыл болуп турган бадал. Түштүк Чыгыш Азиянын тоолуу райондорунда жапайы өсөт. Индиянын токойлорунда кездешет. Ал – нымдуулукту жана жылуулукту сүйгөн өсүмдүк. Уругунан, чырпыгынан, көчөтүнөн көбөйөт. 100 жылдан ашык жашайт. Чайдын жалбырагынан суусундук, ичимдик даярдалат. Япония менен Кытайда чайдын жалбырагы тамак-ашка татымал катары, Бирмада салат катары колдонулат. Тибетте сорпого салынат. Чай чыгыш элдеринде мындан бир миң жыл илгери эле пайда болгон. Адегенде элдер жапайы өсүүчү чайдын жалбырагын чогултушуп, ичүүгө жана дарылыкка пайдаланышкан. Акырындык менен чайды айдоону үйрөнүшкөн. XV кылымда чай ичүү бардык Азия элдерине тараган. Европалыктардын ичинен чай менен биринчи таанышкан өлкө Россия болгон. 1396-жылы падыша Михаил Романовго монгол ханы белек катары 200 пачка чай жиберген.

Падыша жана боярлар адегенде тааныш эмес бул ичимдикти көп иче алышкан эмес. Бара-бара алар чайды дары катарында пайдаланышкан. XVIII-XIX кылымда гана чай Россияга кеңири тараган.

ныmдуулук – намлик
суусундук – ичимлик
ичимдик – спирт ичимлиги
татымал – зиравор, қайла
кылым – аср
боярлар – бояр, боён (катта ер эгаси)

**158. Суроолорго жооп бергиле.**

1.Чай кайсы жерлерде өсөт?
2.Чайды эмнеге пайдаланышат?
3.Чай алгачкы учурларда кайда болгон?
4.Европага чай качан жана кандайча тараган?
5.Азыркы учурда чайдын эң мыкты сорту кайсы жерлерде өстүрүлөт?
6.Азия элдеринде чайды эң көп кимдер пайдаланышат?

**159. Тексттен сан атоочторду таап, түрлөрүн жана алардын жазылышын аныктагыла.**

**160. Төмөнкү сан атоочторду катыштырып сүйлөм түзгүлө. Сан атоочторду уңгу жана мүчөгө ажыраткыла.**

54-үй, 1300 окуучу, 26 китеп, 4-класс, кырктай, алтымышча, отузга жакын, үч-үчтөн, он-он беш, миңдеген, XX кылым.

## § 28. Сан атоочтун синтаксистик кызматы

### ( Соннинг синтактик вазифаси)

**161. Сүйлөмдөрдү окугула. Сан атоочту таап, ал кайсы сөз менен байланышып турганын аныктагыла.**

1.Чайдын эки түрү бар.
2.Индияда өскөн ассам чайынын бийиктиги 10-15 метр.

3.Орто Азияда жашаган элдердин көпчүлүгү көк чайды биринчи орунга коюшат. 4.Анткени көк чайда танин, кофеин, эфир майы, витаминдер бар. 5.Ал суусунду кандырып, көрүүнү, нерв системасын жакшыртат жана келте, дизентерия ооруларына да дарылыгы бар. 6.Көк чай бардык өндүрүлгөн чайдын үчтөн бир пайызын түзөт.

Сан атооч сүйлөмдө төмөнкүдөй милдетти аткарат:

1) Сан атооч зат атооч менен байланышып турса,
*аныктоочтук милдетти аткарат:*

Мисалы: Мектептин эки имараты бар. *Канча* имарат?-эки – *аныктооч.*

2) Сан атооч сүйлөмдө этиш менен байланышып турса, бышыктоочтук милдетти аткарат.

Мисалы: А.Осмонов 1915-жылы туулган? *Качан* туулган? – 1915-жылы *-бышыктооч.*

3) Сан атоочтор кээде ээнин, баяндоочтун жана
*толуктоочтун милдетин аткарат.*

Мисалы: Ондун жарымы – беш (*баяндооч*)
Алтыдан үчтү алсак, үч калат *(толуктооч)*
Эки он беш – отуз *(ээ)*

**162. Макалдарды көчүрүп жазып, сан атоочтор кандай милдет аткаргандыгын аныктап, астын сызгыла.**

1.Элдин эки тиреги бар: биринчиси – акылман, экинчиси – баатыр. 2.Коркокко бир ок көп, баатырга миң ок аз.

3.Элдин көзү - элүү. 4.Бирөөгө жамандык кылсаң, өз башыңа тиет. 5.Бир күн алдың эксең, бир жума мурун оросуң. 6.Бергенге бешөө көп, алганга алтоо аз. 7.Биринчи байлык- ден соолук, экинчи байлык – ак жоолук.

**163. Берилген сан атоочторду катыштырып бир нече сүйлөм түзгүлө. Сүйлөмдө кандай кызмат аткарганын аныктагыла.**

1977-жыл, элүүдөй, 5-6, төрт-төрттөн, он бешинчи, алтоо, жетимиш жети, VI класс.

**164. Төмөнкү суроолорго жооп бергиле.**

1.Бир жылда канча ай бар?
2.Бир жылда канча күн бар?
3.Бир айда канча күн бар?
4.Бир күндө канча саат бар?
5.Бир километрде канча метр бар?
6.Бир метрде канча сантиметр бар?
7.Бир тоннада канча килограмм бар?
8.Бир килограммда канча грамм бар?

**165. Сан атоочтун синтаксистик кызматын аныктагыла жана өзбек тилине которгула.**

1.1м² жашыл жалбырак саатына 0,8 литр кычкылтек, ал эми суткасына 14-15 литр кычкылтек бөлүп чыгарат. 2.Бул көлөмдөгү кычкылтек бир сутка дем алуу үчүн 2,5 кишиге жетет.3.Бир түп арча суткасына 24 литр кычкылтек бөлүп чыгарат, бул болсо сутка бою төрт кишинин дем алышына жетет. 4.Бир гектар жердеги буудай суткасына 2800-600 литр кычкылтек бөлүп чыгарат. Бул канча кишинин дем алышына жетет?

кычкылтек – кислород
көлөмдөгү - ҳажмдаги
жалбырак – барг, япроқ

**166. Табышмактарды тапкыла.**

1.Төбөсүндө эки сызык,
Бир күлүк жүрөт сызып.
Алтымыштай адамды,
Алат ичине кытып.

2. Бир үйдө он эки адам жашап турат,
Экөө кызмат кылат, башкалары карап турат.

күлүк – чопқир, учқур
кытып – олмоқ, ботирмоқ

## § 29. Сан атоочтун стилистикалык өзгөчөлүгү

### ( Соннинг услубий хусусиятлари)

*Сан атоочтор да стилдик максатта колдонулат. Башкача айтканда, сан атооч кошумча маанини(мезгилди, жылды, куракты) билдирип калат.*

Мисалы: 15 жашымда Сүйүмбайга жолуктум. Андан бери мына 25 жыл аяк басты. *(куракты билдирип жатат).* Бир жылдан кийин Герасим шаарга келди. *(жылды билдирди)*

*Кээде **бир, эки** деген сөздөрдү кайталап колдоно бербестен, анын ордуна берилген ой көркөм болсун үчүн **түгөй, жалгыз, сыңар** ж.б. сөздөрдү алмаштырып колдонууга болот.*

Мисалы: Бир кызым бар (Жалгыз кызым бар).

*Тарыхый чыгармаларда даталарды белгилөө үчүн жыл эсебинин эскиче аттары колдонулат.*

Мисалы: Бугунун 15и.

**167. Текстти окуп, мазмунун сүйлөп бергиле. Сан атоочторду тапкыла, алардын жазуу эрежелерине көңүл бургула.**

### Алыкул Осмонов



Кыргыз элинин таланттуу акыны А.Осмонов 1915-жылы Чүй өрөөнүндөгү Капталарык айылында туулган. Ата-энесинен эрте жетим калып, көрүнгөндүн эшигинде жүргөн. Алыкулдун бактысына Октябрь революциясы женип, 1920-жылы Токмок шаарындагы №2 - жетим балдар үйүнө кабыл алынат. Ошол жетим балдар үйүндө 1924-жылы биринчи пионер уюму уюшулуп, ага Наримандын наамы берилген. Алыкул ошол уюмдун бирден-бир барабанчысы болгон. 1929- жылы Алыкул Фрунзе шаарындагы педтехникумга келип кирет. Ал адабий китептерди, айрыкча, орус акын-

жазуучуларынын чыгармаларын көп окуган. Техникумда окуп жүргөндө «Кызыл учкун» ийриминин активдүү катышуучусу болгон. Акындын биринчи ыры «Кызыл жүк» деген ат менен «Сабаттуу бол» гезитине басылып чыккан. Бул 1930-жыл болчу. 1935-37-жылдарда бир нече ырлар жыйнактары басылган.

А.Осмонов котормочу да болгон. А.С.Пушкиндин, М.Лермантовдун ырларын, поэмаларын, грузин элинин улуу акыны Шота Руставелинин «Жолборс терисин кийген баатыр» поэмасын кыргыз тилине которгон. Акындын калеминен ондогон драмалык чыгармалар да жаралган. Ал турмуш, өмүр, ден-соолук, адамзат ж.б. жөнүндөгү сонун ырларды жазган.

А.Осмонов 35 жаш гана курагында 1950-жылы 12-декабрда дүйнөдөн кайткан. Акынды кыргыз элинин Пушкини деп коюшат.

өрөөн - водий
барабанчысы - барабанчиси
ийримине - тўгарагининг (клуб)
жыйнактары - тўплами
котормочу - таржима қилувчи

**168. Суроолорго жооп бергиле**

1.Алыкул Осмонов качан, кайсы жерде туулган?
2.Жетим балдар үйүнө качан кабыл алынган?
3.Алыкулдун биринчи ыры кайсы?
4.Акын кандай чыгармаларды кыргыз тилине которгон?
5.Алыкулдун кандай чыгармаларын билесиңер?
6.Алыкулдун 80 жылдык маарекесин качан белгиледик?

**169. Ырды көркөм окуп, сан атоочтун колдонулуш өзгөчөлүгүн байкагыла. Ырды жаттагыла.**

Мен тансам, жаштан танам, ырдан танбайм,
Ыры жок өмүрүмө канааттанбайм.
Кудайга миң мертебе калп айтсам да,
Ырыма бир мертебе калп айта албайм. (А.О.)

Биз өлөрбүз, бирок өчпөс
Жазган ырлар төрт сабак. (А.О.)

**170. Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла. Сан атоочтордун колдонулуш өзгөчөлүгүн айтып бергиле.**

1.А.Осмонов бар болгону 35 гана жыл жашады, бирок анын чыгармачылык мурасы бай жана ар түрдүү. 2. «Жолборс терисин кийген баатырдын» орус тилинде чыккан эки киши тарабынан которулган эки китебин ала келгенмин.(Т.Ү.) 3. Балдар күндө беш тыйындан алып келишип, төрт күн катары менен Токондун төрт өнөрүн көрүштү. 4.Ошо менен анын шаардан үйрөнүп келген төрт амалы бүттү.(О.Айт.) 5.Быйыл негедир эгиздин саны аз, жалкы тууган кой арбын.

6. Өлкөмө тыйынчалык зыян кылбай,
   Бир сомго бир күн берип иштеп алдым. (А.О.)
7. Ал акындын неси бар?
   Эки өмүр, эки жазы бар.
   Бири ырым жашайт дейт,
   Бири өзүм жашайм дейт. (А.О)
8. Аяк оонанын 20сы күнү жолго чыктык.

**171. Макалдарды окуп, маанисин түшүндүрүп бергиле. Сан атоочтун стилистикалык өзгөчөлүгүн байкагыла.**

1.Бир күн уруш болгон үйдөн, кырк күн береке кетер. (Өзбек макалы).
2. Жети элдин тилин бил, жети түрлүү билим бил. (Казак макалы)
3. Бирөөң баш, бирөөң аяк бол,
   Бирөөң куйрук, бирөөң канат бол (казак макалы)
4. Билгениң - тогуз, билбегениң - токсон тогуз (татар мак.)
5.Тогуз күн жашар жериңде, иштөө керек сегиз күн. (балгар макалы).
6. Бул чөлкөмдөгү экинин бири - ал, эгер бирөө болсо, жалгыз өзү.
7. Жетинин бири - кызыр.
8. Кырк кыз сейил куруп жүрүптүр.

## § 30. Көнүгүүлөр

### ( Машқлар)

**172. Төмөнкү сүйлөмдөрдөгү сан атоочторду мааниси боюнча топтоштуруп жазгыла.**

1. Агайын - жетөө, эне - бирөө (казак макалы)
2. Айла-алтоо, билим -жетөө.(макал)
3. Токтогул ГЭСиндеги жасалма көлдүн узундугу 65 км,туурасы 12 км, тереңдиги 65 м.
4. Жашы он үч - он төрт чамасындагы үч тестиер бала жол менен келатышты.
5.Жер бетинин үчтөн эки бөлүгүн океандар менен деңиздер ээлеп турат.
6. Беш-бештен сом пул алып,
   Пейили кетти Акматтын
   Алтыдан сом пул алып
   Акылы кетти Акматтын. (Токт.)

тестиер - ўсмир
жалгыздык - ёлғизлик

**173. Сүйлөмдөгү көп чекиттин ордуна сан атоочтун тиешелүү мүчөсүн коюп жазгыла.**

1. Бир... билбегенди бир... билер. (макал)
2. Бир миң тогуз жүз отуз... жылы Алыкул бир ... ырын жазган.
3. Спорттук мелдешке биздин мектептен жыйырма... окуучу катышты.
4. Жүз элүү... ашык киши туткунга алынды.
5. Жердин өз жолунун он эки... бир бөлүгүн басып өтүүгө кеткен убакыт ай делип аталат.

туткун - асир, тутқун.

**174. Текстти окуп кыргыз тилине которгула.**

## Календарь

Календарнинг ватани Мисрдир. Мисрликлар осмонда энг ёруғ юлдуз-Суриус пайдо бўлганда, яъни 21-22-июнда Нил дарёсининг тоша бошлашини сезганлар. Улар Суриуснинг иккинчи пайдо бўлишигача 365 кун ўтишини ҳисоблашган. Бу муддатни улар 30 кундан 12 қисмга бўлишган. Қолган 5 кун йил охирига қўшимча сифатида қўшилган. Эрамиздан олдинги 46 йилда Рим императори Юлий календари деб атала бошланди. Унда ойлардаги кунлар сони бир хил эмас, бирида 30 кун, иккинчисида 31 кун, хатто февралда 28 кун. Ҳар 4 йилда февралъ ойига бир кун қўшилган. Шунда йил 366 кун бўлади.(«Бу ким, бу нима?» болалар энциклопедияси)

**175. Берилген цифраларды сөз менен жазгыла.**

1961-жыл, 668 метр, 4-орун, 4893 сом, 2,5 эсе, 50 миңден ашык, 277-үй, 8-Март, 15-16 түп көчөт.

**176. Жаңылмачты туура айтып, тилиңерди жатыктыргыла.**

Белестеги беш кашка кой
Бешоо беш башка кой
Беш аласы кунан кой
Беш аласы дөнөн кой
Тиши ушак коюм
Буту тушак коюм.

**177. Текстти окугула. Мазмунун сүйлөп бергиле.**

## Селкинчек

Селкинчек - кыргыздардын эң байыркы оюндарынын бири. Аны кыз-жигиттер жайлоодо, айылдын четинде күндүз же айдын жарыгында тебишкен. Селкинчек дарактардын ыңгайлуу жериндеги жоон бутагына арканды байлап салынат. Ал эми түз жерде узундугу 4-5 метр келген үч бакандын учун бириктирип, түбүн 50-60 сантиметрдей тереңдикте жерди чукуп көөмп

бекемдейт. Дагы үч баканды 1,5 - 2 метр аралыкта биринчи үч бакандын тушуна учун бириктирип, түбүн жерге бекемдейт. Ага селкинчек тепкендей эки аркан байланат. Бак-дараксыз жерге салынган мындай селкинчек алтыбакан деп аталат.



ыңгайлуу - мослашган
бакан - йўғон таёқ
түбүн - тубини, тагини

**178. Үйдөн сан атоочторду катыштырып бир нече сүйлөм түзүп келгиле. Сан атоочтордун түрлөрүнө жана жазылышына көңүл бургула.**

## § 31. Сөз өстүрүү

### (Нутқ ўстириш)

**179. Төмөнкү арызды окуп чыгып, анын кандай жазыларын билип алгыла. Өзүңөр түрдүү мазмундагы арыз жазып машыккыла.**

Ош шаарындагы № 20- И.Раззаков
атындагы орто мектептин
директору Т.Акматовго 6-класстын
окуучусу Каримова Аселден

**арыз.**

Ата-энемдин Ош шаарына кызматка которулуп келгендигине байланыштуу мени аталган мектептин 6-классына кабыл алууңузду суранам.

25. 11. 1998-жыл

Каримова Асел.

**180. Сүрөт менен иштегиле.**

«Куу түлкү» деген жомоктун башталышын окугула.

Сүрөт боюнча жомокту улантып, айтып бергиле. Өзүңөр уланткан бөлүктү дептериңерге жазгыла.



Күн абдан суук. Дарактарды кыроо басып турган. Жолдо дыйкан келе жатты. Ал чана менен көп балык алып келе жаткан. Ач түлкү жолго чуркап чыкты. Жолдун ортосуна өлүмүш болуп жатып алды. Карыя түлкүнү көрдү. ... ... ... .

**Суроолорду эске алгыла:**

1. Карыя дыйкан түлкүнү эмне кылды?
2. Ал түлкүнү эмне үчүн пайдаланмак болду?
3. Түлкү эмне кылды?
4. Түлкүгө ким келди?
5. Ал карышкырды кантип алдады?
6. Карыя түлкүнү, балыктарды үйүнө алып бардыбы?
7. Бул жомок боюнча өзүңөр сүрөт тарткыла. Тарткан сүрөтүңөр боюнча сүйлөп бергиле.

## § 32. Чейректик кайталоо

### ( Чорак охирида такрорлаш)

**181. Суроолорго жооп бергиле.**

1.Сан атоочко мүнөздөмө бергиле.

2.Сан атооч түзүлүшүнө карай канчага бөлүнөт? Ар бирине мисал келтиргиле.

3.Кыргыз тилинде сан атооч маанисине карай канчага бөлүнөт?

4.Иреттик, жамдама, чамалама, топ , бөлчөк сандар кандай жол менен жасалат? Мисалдар келтиргиле.

5.Сан атоочтун жазылыш эрежелерин түшүндүрүп, ага мисалдар келтиргиле.

6.Сан атооч сүйлөмдө кайсы сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарат? Мисалдар менен түшүндүрүп бергиле.

7.Сан атоочтун стилдик максатта колдонулушун мисалдар аркылуу түшүндүргүлө.

**Сан атоочту морфологиялык жактан талдоонун тартиби:**

1.Сүйлөмдөн сан атоочту табуу.

2.Сан атоочту түзүлүшүнө карай ажыратуу.

3.Сан атоочту маанисине карай (эсептик, иреттик, жамдама, чамалама, топ, бөлчөк) ажыратуу.

4.Сан атоочту уңгу, мүчөгө ажыратуу.

5.Сан атоочтун синтаксистик кызматын аныктоо.

6.Сан атоочтун жазылыш эрежесин аныктоо.

**Сан атоочту оозеки талдоонун үлгүсү:**

**Баатыр бир өлөт, коркок миң өлөт.** Бул сүйлөмдө сан атооч - бир, миң. Түзүлүшү боюнча -жөнөкөй, мааниси боюнча -эсептик сан, уңгу түрүндө турат.

**182. Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, сан атооч сөздөргө морфологиялык талдоо жүргүзгүлө.**

## Суур

Кыргызстанда суурдун үч түрү кездешет. Алардын узундугу 65 см, куйругу 20 см, ал эми салмагы жети килограммга жетет. Алар күзүндө чээнге кирип, алты ай укташат. Кыска эле мөөнөттүн ичинде төрт-беш чөндөлөй тууйт. Чээнге кирерден бир жарым ай

мурда суурлар түлөйт. Ошол учурда алар аябай семирет. Анын териси баалуу жана майын өпкө ооруларды дарылоо үчүн колдонушат.

чээн - қарахт уйқу

чөндөлөй - суғурнинг боласи

**183. Төмөнкү сан атооч сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзгүлө. Сан атоочторду уңгу жана мүчөгө ажыраткыла.**

Бир миң тогуз жүз сексенинчи жыл, алтымыштай, кыркка жакын, үч-үчтөн, бештен үч, жүздөн ашуун, отуздарда, биринчи январь, жыйырма биринчи март.

## II чейректеги билимиңерди текшергиле.

1. Сан атооч эмнени билдирет?
   а) заттын өңү-түсүн
   б) заттын кыймыл-аракетин
   в) заттын эсебин, иретин билдирет
   г) заттын ордуна колдонулат
   д) заттын көптүк, жекелик санын аныктайт

2. Сан атооч түзүлүшүнө карай кантип бөлүнөт?
   а) эсептик, иреттик сан атоочтор
   б) жөнөкөй, татаал сан атоочтор
   в) уңгу жана туунду сан атоочтор
   г) жамдама, бөлчөк сан атоочтор
   д) энчилүү жана жалпы ат

3. Сан атоочтор маанисине карай кантип бөлүнөт?
   а) уңгу жана туунду сан
   б) жөнөкөй жана татаал сан
   в) эсептик, иреттик, жамдама, чамалама, топ, бөлчөк сандар
   г) жамдама, иреттик, катыштык, сапаттык, эсептик
   я д) энчилүү, жалпы, бөлчөк, топ

4. Иреттик сан атооч кайсы мүчөнүн жардамы менен жасалат?
а) -дан, -ден, -тан, -тен
б) -оо, -өө
в) -ыш, -иш, -уш, -үш
г) -ынчы, -инчи, -унчу, -үнчү
д) -ча, -чалык, -лаган

5. Иреттик сан атооч цифра менен берилсе кандай жазылат?
а) -ынчы мүчөсүнүн ордуна сызыкча белгиси коюлат
б) сызыкча коюлбай жазылат
в) айрым-айрым жазылат
г) мүчө уланбай жазылат
д) цифра менен жазылат

6. Иреттик сан атооч рим цифрасы аркылуу берилсе кандай жазылат?
а) рим цифрасы менен жазылбайт
б) рим цифрасы менен жазылганда сызыкча коюлат
в) рим цифрасы менен жазылганда сызыкча коюлбайт
г) рим цифрасы менен бирге жазылат
д) араб цифрасы менен гана жазылат

7. Жамдама сан атооч эмнени билдирет?
а) заттын иретин , катарын билдирет
б) заттын санын чамалап көрсөтөт
в) заттын бир бөлүгүн көрсөтөт
г) сан менен заттык түшүнүктү жамдап көрсөтөт
д) заттын белгисин көрсөтөт

8. Жамдама сан атоочту уюштуруучу мүчөнү тап
а) -оочу, -уучу
б) -ыш, -иш, -уш, үш
в) -ынчы, -нчы
г) -оо, -өө
д) -лар, -дар, -тар

9. Топ сан эмнени билдирет?

а) заттын санын топ-тобу менен көрсөтөт

б) заттын санын чамалап көрсөтөт

в) заттын бир бөлүгүн көрсөтөт

г) заттын эсебин билдирет

д) заттын эсебин-иретин билдирет

10. Топ сандар катышкан сөздөрдүн тобун белгиле

а) элүүнчү, отузча, үч-үчтөн

б) жүздөй, тогуздап, жетимиш эки

в) экиден, беш-бештен, отуздан

г) сегизден, кырктай, жыйырма үч

д) беш-алты, жүз элүү эки

11. Чамалама сан эмнени билдирет?

а) заттын санын топ-тобу менен көрсөтөт

б) заттын көптүк санын билдирет

в) заттын, иретин, катарын көрсөтөт

г) зат атооч менен бирге жазылат

д) заттын санын чамалап, болжолдоп көрсөтөт

12. Чамалама сан атооч катышкан сөздөрдүн тобун тап

а) беш-алты, отузча, биринчи

б) жети-сегиз, кырктай, ондон ашык

в) бештен, элүүлөрдө, он эки

г) эки-экиден, жүз чакты, үчүнчү

д) ондогон, отуз бешче, токсон

13. Чамалама сандарды уюштуруучу сөздөрдү тап

а) жакын, чакты, чамалуу, ашык

б) улуу, чакты, ашуун, отуз

в) чакты, чамалуу, тийиш

г) ашык, кем, эле, керек

д) эле, эмес, мүмкүн

14. Бөлчөк сан эмнени билдирет?

а) заттын эсебин, иретин билдирет

б) заттын белгисин, формасын билдирет

в) бүтүн сан менен бөлчөк сандын өз ара катышын билдирет
г) заттын санын топ-тобу менен көрсөтөт
д) заттын санын болжолдоп көрсөтөт

15. Бөлчөк сан катышкан сөздөрдүн тобун тап
а) бештен бир, төрттөн эки, эки бүтүн үчтөн эки
б) жетиден эки, кырктай, беш-бештен
в) жыйырма сегиз, жүздөгөн, ондон беш
г) элүү жети, үчтөн бир, он-он беш
д) жетимиш эки, тогуздан үч, миңдей

16. Бөлчөк сан кандай жасалат?
а) зат атоочтун мүчөлөрү менен
б) алымы атооч, бөлүмү барыш жөндөмөсүндө турат
в) бөлүмү чыгыш, алымы атооч жөндөмөсүндө турат
г) сан атоочтордун айкалышы менен
д) заттын санын болжолдоп көрсөтүү менен

17. Татаал сан атоочтор кандай жазылат?
а) арасына сызыкча коюлат
б) сөздөрү чогуу жазылат
в) сөздөрү айрым-айрым жазылат
г) мүчөлөр уланып жазылат
д) рим цифрасы менен жазылат

18. Чамалама сан атоочту уюштуруучу жакын, чакты ж.б. сөздөр кандай жазылат?
а) сөздөрү чогуу жазылат
б) жакын, чакты ж.б. сөздөр айрым-айрым жазылат
в) жакын, чакты ж.б. сөздөр сан атооч сөздөр менен бирге жазылат
г) арасына сызыкча коюлуп жазылат
д) жакын, чакты ж.б. сөздөр колдонулбайт

19. Сан атооч сөздөр сүйлөмдө кайсы сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарат?

а) ээлик, аныктоочтук, толуктоочтук, бышыктоочтук, баяндоочтук

б) аныктоочтук, толуктоочтук, ажыраткыч

в) ээлик, баяндоочтук, каршылагыч

г) бышыктоочтук, толуктоочтук, ажыраткыч

д) сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарбайт

20. Ээлик милдет аткарган сан атоочту тап

а) жер шаарынын үчтөн эки бөлүгүн суу каптап турат

б) Ысыккөлдүн эң терең жери 702 метр

в) эки он беш - отуз

г) мелдешке тогуз өлкөнүн спортчулары катышты

д) манастын 1000 жылдыгы 1995-жылы белгиленди

21. Аныктоочтук милдетти аткарган сан атоочтуу сүйлөмдү тап

а) сабакка төрт окуучу катышпады

б) Данияр экөөбүз аттарды кырманга алып келдик

в) Ысыккөлдүн узундугу 182 километр

г) саат тогузда жолго чыктык

д) эки жерде эки - төрт

22. Толуктоочтук милдетти аткарган сан атоочтуу сүйлөмдү тап

а) Алыкул эки жашында энесинен айрылган

б) бул окуя 1963-жылы болгон

в) көрсө, качкындардын бири итти азгырыш үчүн экинчисин атып таштаган экен

г) он чакты жыл окуса да араң кат тааныган

д) күндөрдүн биринде шаарга америкалык врач келет

23. Татаал сан атоочторду тапкыла

а) жетөө, миңдеп, элүүчө

б) ондогон, миллион, кырктарда

в) төрт саат, жүздөгөн, жыйырма

г) он сегиз, эки жүз алтымыш эки

д) онунчу кылымда, биринчи орун

24. Иреттик сан атооч туура жазылган сүйлөмдү белгиле

а) ал 40 миң жолу душмандын тылына учкан

б) 2400дөн ашык темир жол станцияларын ээлешти

в) Алыкул 1950-жылы дүйнөдөн кайткан

г) мындай тапшырманы 566 авиациялык полктун учкучтары алышты

д) алтоонo бирдей тапшырма берилди

25. Сан атоочтун синонимдик түгөйлөрү колдонулган сүйлөмдү белгиле

а) Данияр ошол бойдон экинчи ооз ачкан жок

б) караганым - жалгыз ат

в) эми анын эки айылы, эки конушу бар

г) кош ооз мылтыгын колуна алды

д) агам менден үч жаш улуу

26. Сан атооч мезгилди билдирген сүйлөмдү белгиле

а) жашым сексенге келгенде мен кайра жашардым

б) шаарга кеч күздө келгем, андан бери 5 айдын жүзү болду

в) эки күндөн бери бороон-чапкын болуп жатат

г) анда менин он төрттөгү кезим

д) 1942-жылдын май айлары болчу

27. Сан атооч жаш куракты билдирген сүйлөмдү белгиле

а) үч жашымда энеден калсам, андан бери 25 жыл өтүптүр

б) бир жыл бою Калык ооз ачып ырдаган жок

в) отузунда ок ата албаган
кыркында кылыч чаппас

г) жалгыз жыгач үй болбойт

д) бий экөө болсо, доо төртөө болот

28. Сан атооч жылды билдирген сүйлөмдү белгиле

а) жалгыз бээ жан сактайт, эки бээ эл сактайт

б) Жигитке бир сыр, жети кыр керек
в) Жети күндүн бири - өлүм
г) 1980-жылдан 7-8 жыл кийин болгон
д) 1996-жылы жаңы үйгө көчүп келдик

29. Бышыктоочтун милдетин аткарган сан атоочту тап
а) Уу ичкен бир өлөт, ант ичкен миң өлөт
б) Алтыга сатып, бешке алган соодагердин адаты
в) Эчки эгиз тууп, койдон ашпайт
г) Күлүктөн күлүк чыкса, төрт аягы тыбырайт
д) окуунун башталышына төрт гана күн калган эле

30. Баяндоочтук милдетти аткарган сан атоочту белгиле
а) биз саат бешке чейин иштейбиз
б) бул китеп 1996-жылы басылып чыккан
в) биздин мектепте 2000 ден ашык окуучу бар
г) Эр айласы - бир, катын айласы - миң
д) Коркконго кош көрүнөт, кошогу менен беш көрүнөт

## § 33. II чейректе өтүлгөндөрдү кайталоо

**184. Текстти окуп, сан атоочтордун түрлөрүн ажыраткыла. Алардын жазылышына көңүл бургула.**

1. Кыргызстандын арча жана карагай токойлорунун жалпы аянты 146 миң гектарды түзөт.
2. Анын ичинен грек жаңгагы гана 27 миңге жакын гектар аянтты ээлейт.
3. Жаңгакта жетимиш пайыз май, он тогуз пайыз белок бар.
4. Түшүмдүү жылдары бул токойлордон 1,5 миң тонна грек жаңгагын, 5-10 миң тонна алма, 100 миң тонна мисте ж.б. жемиштер жыйналып алынат.
5. Токойду калыбына келтирүү жана сактап калуу максатында элүү миңден ашуун гектар жерге жаңгак менен мисте отургузулду.
6. Анын үчтөн эки бөлүгүн жаңгак түзөт.

**185. Сүйлөмдөрдөгү сан атоочтордун жазылышына көңүл буруп, тууралап көчүрүп жазгыла.**

1. Беш алты жылдан кийин Алай тоолорун аралап поезд келип каларын кайдан билесиң.
2. XI классты ийгиликтүү бүтүрүп, чабан болуп иштөөнү чечтим.
3. 8-март, 1-май – элдин сүйүктүү майрамдары.
4. Ч.Айтматов 1928 жылы 12 декабрда Шекер айлында туулган.
5. Суутек суунун үчтөн эки бөлүгүн ээлеп, жалпы абадан 14,5 эсе жеңил.

**186. Төмөнкү сандарды сөз менен жазгыла.**

4892, 358, 1997-жыл, 3,5,2, 10-15, 87-үй, 80-90, 7,3, 946.

# АТ АТООЧ

## (Олмош)

## § 34. Ат атооч жана анын бөлүнүшү

## (Олмош ва унинг турлари)

*Затты же анын белгилерин атабай туруп, аларды жалпылап көрсөтүүчү сөздөр ат атооч деп аталат. Ат атооч зат, сын, сан атоочтордун ордуна колдонулат.*

*Мисалы: Окуучулар экскурсияга чыгышты. Алар шаардын кооз жерлерин көрүштү.* Бул сүйлөмдө алар деген ат атооч зат атоочтун (окуучулар) ордуна колдонулду.

*Ат атоочтун жалпылыгы аны башка сөз түркүмдөрүнөн айырмалап турат.*

**187. Окуп чыккыла. Кара тамга менен басылган ат атоочторду көчүрүп жазып, маанисин түшүндүргүлө.**

1. Индей калкынын Квакута уруусунда карызга акча же **кандайдыр бир** нерсе алуу уят иш болуп эсептелет. 2. Карызга **бир нерсе** алган киши **өзүнүн** ысмын барымтага калтырат. 3. Карызын кайтарып бермейинче ысмы жок жүрөт. 4.**Кимдир бирөө** карызы бар адамды жолуктурса, аны менен кол серпип же күлкүлүү үн чыгарып учурашат. 5.**Тиги** тараптан Алатоо көрүнөт. 6.**Ал** заңкайып абдан бийик. 7.**Анда** токойлор көп. 8.Бийик чокуларында ар дайым кар жатат. 9.**Аны** мөңгү дейбиз.

**188. Төмөнкү ат атоочторду катыштырып оозеки сүйлөм түзгүлө.**

Качан, баары, эч ким, өзүм, бүткүл, тигил, бизде, кимгедир.

**189. Сүйлөмдөрдү кыргыз тилине которгула. Өзбек тилиндеги ат атооч сөздөрдү кыргыз тилине салыштыргыла.**

1. Беморнинг кўнглини кўтариб қўйиш уларга ярим соғлик бахш этишдир.2. Қизчага бирор нарса бўлганини пайқаган Алишер бор кучи

билан унга қараб югурди.3. Онам учун бениҳоя оғир бўлган ўша кунларда мен қўлимдан келганча унга ёрдам қилардим. 4.У Комолиддинга ишонар эди. 5.Мана унинг ўзи ҳам шу ўй билан банддир. 6.Менинг халқим ўз тақдирини бошқа дўст халқларнинг тақдири билан маҳкам боғлай билади.

*Ат атооч сөздөр маанисине карата төмөндөгүдөй бөлүнөт:*

1. *Жактама ат атооч.*
2. *Шилтеме ат атооч.*
3. *Сурама ат атооч.*
4. *Тенгыч ат атооч.*
5. *Аныктама ат атооч.*
6. *Белгисиз ат атооч.*

## § 35. Жактама ат атооч

### (Кишилик олмоши)

*Затты үч жактын бирине таандык кылып көрсөткөн ат атооч жактама ат атооч деп аталат. Жактама ат атоочторго: мен, сен, сиз, ал, биз, силер, сиздер, алар деген сөздөр кирет. Ким? кимдер? деген суроолорго жооп берет. Жактама ат атоочтор жекелик санда да, көптүк санда да айтылат.*

| жекелик түрү | | көптүк түрү |
|---|---|---|
| *1 жак* | *мен* | *биз* |
| *11 жак* | *сен, сиз* | *силер, сиздер* |
| *111 жак* | *ал* | *алар* |

**190. Сүйлөмдөрдү окуп, жактама ат атоочторду таап, кайсы жакта тургандыгын айтып бергиле.**

1. Алар жогору көтөрүлгөндө жамгыр себелей баштады. 2.Өмүрүң узун болсун, кагылайын, сенин мага кылган жакшылыгыңды эч унутпасмын. 3.Аба, сизди мен чакырттым эле. 4.Биздин жердин абасы таза, суусу тунук. 5.Сиздер суунун сол жээгине өтүңүздөр.

6. Кадырлуу деп калпагыма караба,
Жазуучу деп мени Пушкин санаба.
Жатык өс деп тууган энем үйрөткөн,
Жаным курман жалпы кыргыз агага.
Мен кичүүмүн, мен силерди сыйласам,
Мен ошондо сыйлуу болом балама. (Б.С.)

**191. Сүйлөмдөрдөн жактама ат атоочторду таап, көчүрүп жазгыла.**

1.Ал айтканың ырас, биз да силердин кабарыңарды угуп мында келдик. 2.Керегем сага айтам, келиним сен ук, уугум сага айтам, уулум сен ук (макал).

3.–Атама айтам, анан атам келгенде барам, атам барса, сени табабы?

- Атаң деле табат, же мен араба менен киши жиберем, сен арабага түшүп келесиң,- деди Сатар. « Арабага түшүп келесиң» - деген сөз Жапарды ого бетер кубантты(А.Т.).

4. 15 жашымда бир айылга жарамазан айтып барып, ошол кездеги атактуу акын Сүйүмбайга биринчи ирет кезиктим. 5.Анын суроосу боюнча мен ага бир нече ыр ырдап бердим. 6.Ал менин ырларымды жактырып:

- Сенин акын болууга шыгың бар экен.Үнүң өтө жакшы. Айткан сөздөрүңдүн ар бири орундуу,- деди да, мага жардам берүүгө убада берди. (Жамбыл)

**192. Текстти туура окугула.Андагы жактама ат атоочторду тапкыла.**

## Манасчылар

Көлөмү жактан дүйнөдө теңдешсиз болгон «Манас» эпосун кылымдардан бери сактап, муундан-муунга өткөрүп, биздин күндөргө жеткирген эл арасында таланттуу адамдар бар. Аларды эл манасчылар деп аташат. «Манасты» биринчи жолу ким, качан жаратканы белгисиз. Эл арасында айтылган айрым уламыштарга караганда, Манас баатыр өлгөндө, анын тирүүсүндөгү

эрдиктерин кошок катары айткан адам кырк чоронун бири Ырамандын ырчы уулу болгон экен. Кийин ал кошокторду бириктирип, көлөмдүү чыгармага айланткан Токтогул ырчы болгон деген уламыш сөздөр бар. Ошондон улам «Токтогулдай ырчы бол, Толубайдай сынчы бол» деген накыл сөз айтылып калган.



Кыргыздардын өзгөчө кадырлаган көркөм мурасы «Манасты» жаратып, сактап келген адамдар катары манасчыларды илгертен эле эл абдан кадырлашкан, алардын ысымдарын эсинде сакташкан. Өткөн замандарда атактуу Келдибек, Тыныбек, Балык, Чоюке сыяктуу манасчылар өткөн. Алардын таасири Сагымбай Орозбаков, Саякбай Каралаев өңдүү манасчыларга да тийген.

Манасчылар – «Манас» айтууну гана кесип кылып алышкан ырчылар. Алар эпостун негизги окуяларын эсте сакташып, аны өзүнүн акындык таланты менен кеңейтип айтышат.

муундан-муунга – авлоддан-авлодга
уламыш – афсона, ривоят
кошок(заплачка) – йиғи-йўқлов айтимлар, марсия
көркөм мурас – бадиий мерос

**193. Суроолорго жооп бергиле.**

1. Манасчылар деген кимдер?
2. Манасчылардан кимдерди билесиңер?
3. «Манас» эпосун биринчи ким айткан?
4. Биринчи манасчы жөнүндө кандай уламыш сөздөр айтылат?
5. Манасчылардын ырчылардан кандай айырмасы бар?
6. «Манас» эпосунан үзүндүлөрдү жаттагыла.

**194. Төмөнкү үзүндүнү жаттагыла. Андан жактама ат атоочторду таап, кайсы жакта тургандыгын аныктагыла.**

Абасы Бакай кеп айтып,
Ай, токтогун деп айтып,
Кароолдоп мен барайын.
Көрүнүп коюп капырга,
Качкан болуп калайын.
Кууган болсо мени деп,
Тосуп уруп саларсың,
Тос-тос кылып капырды,
Мени ажыратып аларсың.
Кыйкырып уруп саларсың,
Кыйратып ийип капырды,
Айырып мени аларсың.

*(«Манас»).*

**195. Ырды көркөм окугула.**

## Белгисиз манасчыга

Байыркы мезгилдерден бери карай,
«Манасты»- элдин ыйык аманатын,
Апкелген манасчылар өттү далай.
А бирок калтырбаган алар атын.

Караңгы сабаты жок кагаз жазган,
Өтүптүр кыргыз бабам ат жалында,
Таң калам ушунчалык улуу дастан,
Алмадай башка кантип батканына.

*( С. Эралиев).*

## § 36. Шилтеме ат атооч

## (Кўрсатиш олмоши)

*Бир затка карата жаңсоо иретинде айтылган ат атоочтор шилтеме ат атооч деп аталат. Шилтеме ат атоочтор кайсы? деген суроого жооп берет. Алар толук жана кыскарган формада колдонулат: бул(бу), ушул(ушу), мына бул(мына бу) өтө жакын турган затка; ошол(ошо), тигил(тиги) обочороок затка; тетигил(тетиги), тээтиги алыс турган затка карата колдонулат.*

*Мисалы: **Бул** кыштак кийинки жылдарда аябай өзгөрдү. **Тээтиги** Кычан дешип, колхозчулар аны ыраактан эле таанычу.*

**196. Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, шилтеме ат атоочтордун астын сызгыла.**

1.А тоо менен бу тоону арзыган кийик ачка өлөт (макал). 2.Ушул дарактар турган жерди айылдагылар эмне үчүндүр «Дүйшөндүн мектеби» деп атап коюшчу (Ч.А.). 3.Кийин эс тартып чоңойгондо ошол теректин сырын толук түшүндүм. 4.Алтынай Сулайманова элден четке бөлүнүп, тээтиги адырдагы кош теректи ойлуу карап турду (Ч.А.).

5. Тээтиги тоону ураткан,
Омкоруп тоону кулаткан.
Ал тигил кызыл жоолукчан,
Чекеси тердеп суу аккан (Ж.Т.).

**197. Берилген шилтеме ат атоочторду катыштырып сүйлөм түзгүлө. Алардын кайсынысы жакынкы, кайсынысы алыскы затка карата колдонуларын түшүндүргүлө.**

Мына бул, ошонун, тигинде, мунун, ушул, мындан.

**198. Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, шилтеме ат атоочторду тапкыла. Өзбек тилине которгула.**

1. Бала тиги жантай боордо чаң уюлгутуп келаткан машинени көрө койду. 2.Анан калса ошол күнү китеп кап колуна тиерин

билгендей аптыга сүйүндү. 3.Мобу сууга тумшугун малып токтоп калган «Таңкеташ» да ошондон улам аталып калган. 4.Тигине! Бала баарын унутту, кайгысын да, коопсунганын да ошол замат унутту. 5.Көлдүн тиги нур куюлган көкмөк жээгинен бери карай Ак кеме кылайып чыгып келатат. Каалгып сүзүп келатат. 6.Тигине! Ана! Катар созолонгон морлору бар, көл бетин кескен кубаттуу кеме келберсип келе жатат. 7.Ушу Кароол дөбөдөн Ак кемени алгач көргөндө, анын көркүнө суктанып, атам ушул кемеде иштейт деп ойлоду (Ч.А.).

коопсунганын – чўчинқираганини
кылайып – сал-пал кўриниб
желдире-жорто – лўкиллаб
аптыгып – тугилиб қолмоқ
жантай боор – ёнбағир

**199. Сүйлөмдөрдү жазып, сөз түркүмү боюнча талдоо жүргүзгүлө.**

1.Мамбетов элпек кыймылдап, алсыз баланын колуна карандашты карматып, кагазын тосту.2.Актынын аягына «Кычан Жакып уулу» деп бадырайта жазып, акыркы ирет өмүр бою эскерилер колун коюп, нурлуу көзүн жумду. 3.Дал ошол учурда караңгы түндүн койнунан эки-үч караан аппак шамдай желдире-жорто бет маңдайдан суурулуп чыга келишти. 4.Көрсө, алар шашылып келатышкан ак халатчан врачтар экен. 5.Окуу башталарына төрт гана күн калган эле. (Ш.Б.).

## § 37. Сурама ат атооч

## (Сўроқ олмоши)

Заттын аты-жөнүн, санын, белгисин, ордун, мезгилин сурап билүү үчүн колдонулган сөздөр сурама ат атоочтор деп аталат. Ким? эмне? не? деген сурама ат атоочтор заттын аты-жөнүн билүү максатында; канча? канчанчы? нече? нечөө?- санды, иретти билүүдө; кандай? кайсы? сын-сыпатты, белгини сурап билүүдө; кана? кайда? кайдан?- орун-жайды сурап билүүдө колдонулат.

Мисалы: Бул китепти ким жазыптыр?
-Сиз кайдан келе жатасыз?
-Шаардан.

**200.Сүйлөмдөрдү окугула. Сурама ат атоочторду таап, кандай максатта колдонулгандыгын айтып бергиле.**

1. Эр жигиттин башына нелер келип, нелер кетпейт (макал). 2. Кайда болсо көпчүлүк, ошол жерде токчулук (өзбек макалы). 3.Чыт курсактарым, ким жакын, ким ыраак, ким душман, ким дос экенин билбейсиңер (Ш.Б.). 4.Кандай алыста, кайсы кырда жүрсөм да, Жоламандын үнү белгилүү- баягы экен дейсиң (М.Э.). 5.Ааламда сөздөн күчтүү эмне бар экен? 6. Санап көрдүм, биле албайм,

Тогузунан кими жок.
Кандай бетсиз алды экен?
Узун моюндун бири жок. (Т.М.).

**201. Текстти окугула.Түшүнүгүңөрдү кыргызча сүйлөп бергиле.**

## Айыпталган бөдөнө

Тарууну ууру жеп кетти.
Табуу үчүн зыянкечти,
Талааны койбой издешти.
Акыры бирөө кабылды.
Тарууну ичинен бөдөнө табылды.
Анын иши берилип сотко,
Сот-күйкө аны чакырды жоопко:
« Канча жедиң?»
« Качан кирдиң?»
«Тарууну ичинде канча жүрдүн?»
« Ырас, -деди бөдөнө,-таруга киргем.
Көбүнчө эс алып, көлөкөлөп жүргөм.
Ысык жерден каччумун.
Таруда көлөкөлөп жатчумун».
Бирок да таранчы чыкты болуп күбө:

«Жалган айтат жанын жеген бөдөнө.
Таруунун баарын жеген бөдөнө».
Ошентип ал бөдөнө жазаланды.
А таранчы таза калды.
Капа болбос айтып койсок досторго-
Жолдош элдик сотторго.
Амалдуулар кээде ушинтип кутулат,
Таранчы калып, бөдөнө тутулат. (М.Б).

тaруу - тариқ
бөдөнө – бедана
күйкө – куйка
кабылды - тўқнашди

**202. Төмөнкү суроолорго жооп бергиле.**

1. Бөдөнөнү кайдан табышты?
2. Аны эмне үчүн күнөөлөштү?
3. Сот бөдөнөнү кантип суракка алды?
4. Бөдөнө эмне деп актанды?
5. Ким күбө болду?
6. Күбө кандайча көрсөтмө берди?
7. Сот кандай чечим чыгарды?
8. Тамсилдеги ой кимге карата айтылган?

**203. Төмөнкү сурама ат атоочторду катыштырып сүйлөм түзгүлө.**

Качан? Кимге? Канча? Кайдан? Кана? Нечечи? Кайсы? Не?

**204. Табышмактын жандырмагын тапкыла жана жаттап алгыла.**

1. Эмнеде өт жок?
2. Ким сүйлөбөй окутат?
3. Суу атасы – ким?
Сөз атасы – ким?
4. Дүйнөдө эмне күлүк, эмне күчтүү, эмне кызык, эмне таттуу?

## § 38. Тангыч ат атооч

### (Бўлишсизлик олмоши)

Жалпыланган заттык, сын-сыпаттык, сан-өлчөмдүк маанини тануу же жокко чыгаруу иретинде айтылган сөздөр тангыч ат атооч деп аталат. Тангыч ат атооч эч деген тангыч сөз менен сурама ат атоочтордун жана бир, нерсе, убакта деген сөздөрдүн айкалышынан жасалат. Ар бири айрым-айрым жазылат.Аларга төмөнкү сөздөр кирет: эч ким, эч нерсе, эч бир, эч качан, эч кандай, эч кайсы, эчтеме, эч кайда, эч убакта ж.б.

*Мисалы: Эч ким, эч нерсе унутулбайт. Кар жолду бөгөп, эч кайда жүрүүгө мүмкүн болбой калды.*

**205. Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, тангыч ат атоочтордун астын сызгыла. Кандай жазылганына көңүл бургула.**

1. Эч качан балык болуп кубула албасыңды билдиң бекен? 2. «Арыба, Ак кеме, мен келдим!- деп эч качан кыйкыра албасыңды билдиң бекен? 3.Бала аларга эчтеме айтпады. Айткан менен таш эмнени түшүнмөк? (Ч.А.) 4.Шар уламдан-улам жогорулап бара жатат, бирок асманда менден башка эч бир жандыктын бардыгы сезилбейт. 5.Үйдүн терезесинен карасам, караңгылыктан башка эч нерсе көрүнбөйт. (К.Э.)

**206.Сүйлөмдөрдү окугула, ат атоочторду таап, кайсы түрү экендигин аныктагыла.**

1.Алар даярданып бүткөнчө, жолдон актар көрүнүп калды. 2. Данел таамай атып, эч кимди мунарага жакын жолоткон жок. (Н.Т.) 3. Анын мүнөзү абдан катуу эле, ошондуктан ага эч ким эч нерсе айта алчу эмес. 4. Душмандын бир да огун кетирбей тоскон Чолпонбайдын жүрөгү эмне деген жүрөк! Бул кимдин уулу! (К.Ж.) 5.-Кимди куткарасың? Эмне болуп кетти? 6.Буерге жеткенче канча жоо чаап, кимге кандай ант бергенин Сейдакмат кайдан билсин? (Ч.А.).

# § 39. Аныктама ат атооч

## (Белгилаш олмоши)

*Заттын сандык жалпылыгын же жекелигин аныктап, тактап көрсөтүүчү ат атоочтор аныктама ат атоочтор деп аталат.*

*Заттын жалпылыгын аныктап көрсөткөн ат атоочтор: бүт, бүткүл, бүтүн, баары, бардык; заттын жекелигин көрсөткөн ат атоочтор: ар ким, ар кайсы, ар качан, ар бир, өз ж.б. Составындагы* ***ар*** *деген сөз өз алдынча колдонулбайт, дайыма башка сөздөр менен бирге келип, ат атоочтук маанини билдирет жана айрым жазылат.*

*Өз деген ат атоочко жак жана таандык мүчөлөр уланып, өзүм, өзүң, өзү, өзүбүз, өзүңөр, өзүлөрү(өздөрү) болуп айтылат.*

Мисалы: **Баарыбыз** дарыяны көздөй чуркадык. Акжолтой **ар кимге** бир карап, жалооругансып турду. **Өзүбүзгө** чектеген жерге да жеттик.

**207. Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла. Аныктама ат атоочторду таап, уңгу, мүчөгө ажыраткыла.**

1. Баары биздин үйдө. Өзүбүз да, келген меймандар да - баары биздикинде (Ч.А.). 2.Баары болбосо да, бала билгендерге бүт Мүйүздүү Бугу эненин балдары. 3.Уйку-соонун ортосунда көзүнө ар нерселер көрүнөт (Ч.А.). 4.Сен өз тилиңе өзүң ээ боло албадын ушуга чейин. 5.Ар нерсенин жазы да бар, күзү да бар. 6.Баары күлүп атышты, баарынын көңүлү жайдары, абышканы мактап жатышты (Ч.А.). 7.Ар кимиси өз оюу менен алектенди.

**208. Макалдарды окугула. Аныктама ат атоочторду таап, заттын жалпылыгын же жекелигин көрсөтүп жаткандыгын айтып бергиле.**

1. Ар кимдин көнгөн жери өзүнө мисир. 2.Өз колуңда болбосо, өлдүм десең, ким берет. 3.Ар нерсенин орду болор. 4.Баарынан нан улук. 5.Өзүң билбесең, билгенден ук. 6.Ар кимдин минген аты өзүнө тулпар.

**209. Төмөнкү аныктама ат атоочторду катыштырып сүйлөм түзгүлө.**

Бүткүл, ар качан, баары, ар бир, өзүңөр, бардык, бүтүн, ар кандай.

**210. Көп чекиттин ордуна тиешелүү мүчөлөрдү коюп жазгыла. Кандай жазылганына көңүл бургула.**

1.Ар ким ... ниети- өзүнүн жолдошу. 2.Ар бири ... үчтөн суроо берилди. 3.Баары ... бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып иштедик. 4.Ишембиликте баары ... активдүүлүк көрсөттүнөр. 5.Ар бир окуучу өзү ... милдетин билиши керек. 6.Кычан Жакып уулу баары ... өзгөчөлөнүп көрүндү. 7.Биз сени өзү ... ... балабыздай көрүп калдык.

## § 40. Белгисиз ат атооч

### (Гумон олмоши)

*Заттарды, кубулуштарды жана алардын ордун, мезгилин ж.б. так көрсөтпөстөн, болжолдоп бүдөмүк көрсөтүүчү ат атоочтор белгисиз ат атоочтор деп аталат. Белгисиз ат атоочтор сурама ат атоочтор менен бир, алда деген сөздөрдүн айкалышы аркылуу жана кээ бир сурама ат атоочторго -дыр мүчөсү уланып да жасалат. Составындагы сөздөр айрым-айрым жазылат.Белгисиз ат атоочторго:кээ бир, кимдир бирөө, кайсы бир, кандайдыр бир, бир нерсе, бирдеме, алда эмне, алда ким, алда кандай, кимгедир, эмнегедир, кайдадыр, качандыр ж.б. сөздөр кирет.*

*Мисалы: Кимдир бирөөнүн үнү угулду. Ал бирдеме айтмакчы болуп ордунан козголду.*

**211.Сүйлөмдөрдү окуп, белгисиз ат атоочторду тапкыла. Кандай жазылганына көңүл бургула.**

1.Жапар бирдемелерди шыбырап айтканы менен мага даана угулган жок. 2.Койлор маарашып, жылкылар кишенешип,

кандайдыр бир коркунучту сезгендей. 3.Кээ бир кишилердин айтканына караганда Каныбек бүгүн келмек (К.Ж.). 4.Эжейи окуучуларга бир нерселер жөнүндө жетине албай айтып жатты. 5.Уландын кимгедир ачууланган түрү бар. 6.Сыйдагүл ошол күнү эмнегедир токтоно албай ыйлаган (О.Айт). 7.Алтынай Сулаймановандын өңү кубара түшүп, алда эмнени эстегендей болду. 8.Дүйшөндүн кечиккенин угуп, санаам алда кайда кетти (Ч.А.).

**212. Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, белгисиз ат атоочтордун астын сызгыла жана уңгу, мүчөгө ажыраткыла.**

1.Музыканын үнү кайдадыр бир жакка чакыргансыйт. 2.Ал башын чайкап, өз ичинде бирдемени шыбырап жатты. 3.Бизге эмнегедир өтө аянычтуу, кайгылуу өңдөнүп кетти. 4.Ошондо алда кайдан жылаажын үн угулуп, улам жакындай берди. 5.Орозкулдун жүрөгү зырп этип, анан кимгедир жини кайнап чыкты (Ч.А.). 6.Эртеси ал негедир атасын тик багып карай албады. 7.Суурлардын кай бирлери ийиндеринен алыстап кетчү (О.Айт.).

**213. Көп чекиттин ордуна тиешелүү белгисиз ат атоочту коюп, көчүрүп жазгыла. Сүйлөмдөрдү өзбек тилине которгула.**

1.... ал эстей албай койду. 2.Иним китепканадан ... журнал таап келди. 3.Кечээ бул катты ... ... таштап кетиптир. 4.Бул көнүгүүнү ... ... жазып койгонмун. 5. ... эшикти катуу такылдатты. 6.Клубдун алдына ... ... адам жыйылыптыр.

Колдонулуучу сөздөр: кандайдыр бир, кимдир бирөө, эмнегедир, алда качан, бир канча, бирөө.

**214. Төмөнкү белгисиз ат атоочторду катыштырып оозеки сүйлөмдөр түзгүлө.**

Бир нерсе, бирдеме, алда ким, кимдир бирөө, кандайдыр бир, алда качан, алда кандай, кайсы бирөө, эмнегедир, кайдадыр.

## § 41. Ат атоочтун синтаксистик кызматы

## (Олмошнинг синтактик вазифаси)

*Ат атооч сүйлөм ичинде ээлик, баяндоочтук жана айкындоочтук милдет аткарат.*

Мисалы: Биз экскурсиядан кайттык. Ким? – биз – ээ. Менин туулуп- өскөн жерим – ушул. Туулуп-өскөн жерим кайсы? – ушул – баяндооч. Кимдир бирөөнүн портрети дубалда илинип турду. Кимдин? (портрети) – кимдир бирөөнүн – аныктооч. Сиздерди ийгилигиңиздер менен куттуктайбыз! Кимди? (куттуктайбыз) – сиздерди – толуктооч.

**215. Көчүрүп жазгыла. Ат атоочторду таап, кандай суроого жооп берерин жана кайсы сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткаргандыгын түшүндүргүлө.**

1.Кемпирдин карегин сыймык жашы уялай калды: «Айланайын, араба! Сен жеке гана биздин балдардын бешиги эмессиң! 2.Сага жаңы доордун таңында бүт өлкө бөлөнгөн! 3.Бүт өлкө сенин мээримдүү төшүңдө торолуп, каз-каз туруп, анан бой көтөрүп басып кеткен. 4.Сен бүт өлкөнүн бешигисиң! 5.Чарбадагы бүт жумуш ушул араба менен бүтчү.(О.Айт.) 6.Бул суроого өзү эч качан жооп таба алчу эмес.

**216. Текстти окугула. Түшүнүгүнөрдү кыргызча сүйлөп бергиле.**

## Баарынан кымбат дос

Сабактан тарашкан балдар дос жана достук жөнүндө сүйлөшүп келе жатышты. Алардын ар кимиси өз оюн айтышат. Бирөө: «Менин досум эң жакшы. Менден жанын да аябайт», -дейт. Анда экинчиси: «Менин досторум көп. Бирөөсү эч кимге урдурбайт, экинчиси тапшырмасын аткарбай калганда кеңеш берип отурбай, көчүртө кост» -дейт. Кыскасы, балдар досторунун жакшылыгын санап жатышты. Талаш күчөдү. Баятан бери алардын талашына унчукпай келе жаткан Эшим:

- Койгулачы, балдар, досторуңарды канча мактасаңар да, меникине жетпейт экен.

Балдар чурулдашканын коюп, токтоп калышты. Айрымдары ага анчейин этибар бербей: « ...жанагы шумпай Эшим да»,- деп кол шилтеди. Эшим аларга нааразы болгондой: «Кое тургулачы эми. Менин досум баарыңардыкынан жакшы, акылдуу, билимдүү, эң кымбат. Андай досту ар ким эле таба бербейт»,- деди.

- Айта берсен, ал – ким, сага эмне берет?
- Ал менин эң кымбат досум – китеп. Ал мага акыл-эс, билим берет, эл үчүн иштөөнү, адамдарды урматтоону, мекенди сүйүүнү, дүйнөдөгү бардык нерселерди үйрөтөт. Ошондуктан ал менин эң жакын досум!- деди.

Балдар Эшимдин сөзүнө макул болушкандай баштарын ийкешти. («ЖЛ»).

талаш – бахс, тортишув
чурулдашканын – шовқин кўтарганини
шумпай – муттаҳам
баш ийкешти – бош қимирлатишди.

**217. Суроолорго жооп бергиле.**

1.Балдар эмне жөнүндө сүйлөшүп келе жатышты?
2.Ар кимиси өз досторун кантип макташты?
3.Унчукпай келаткан Эшим эмне деди?
4.Эшимдин досу ким экен?
5.Эшимдин сөзү боюнча китеп эмнеге үйрөтөт?
6.Силер да Эшимдин сөзүнө макулсуңарбы?
7.Ким китеп менен дос?
8.Силер китепке кандай баа бересиңер?

**218. Жогорку тексттен ат атооч сөздөрдү таап, кайсы түрү экендигин аныктагыла.**

**219. Ырды көркөм окугула. Ат атоочторду таап, анын синтаксистик кызматын аныктагыла.**

### Китеп

Билбегенди билгизген,
Мээге сезим киргизген.
Ак булуттун үстүндө,
Айга жакын жүргүзгөн.
Китеп – менин акылым,
Китеп – менин жакыным.
    Турмуш сырын үйрөткөн,
    Көркөм чечен сүйлөткөн.
    Көкөлөтүп көңүлдү,
    Табиятты бийлеткен.
    Китеп – менин акылым,
    Китеп – менин жакыным.
Эл достугун сактаткан,
Эрк таалайын мактаткан.
Согуш өртүн өчүрүп,
Бейкуттукту жактаткан.
Китеп – менин акылым,
Китеп – менин жакыным.    (А.Т.)

чечен – чечан
бейкуттукту – тинчликни

## § 42. Ат атоочтун стилистикалык өзгөчөлүгү

## (Олмошнинг услубий хусусиятлари)

*Ат атоочтор сүйлөм тизмегинде ат атоочтук маанини конкреттештириш максатында колдонулат.*

*Мисалы: Мен, Эшиммин. Унутуп калдыңызбы, жарыктык? Ал өзү байдын малын кайтарчу.*

Ойду көркөмдөш үчүн айрым ат атоочтордун синонимдеш түгөйлөрү колдонулат: *канча // нече, эмне // не, качан // кайсы убакта, бир нерсе // бирдемке, кээ бир // кай бир ж.б.*

*Мисалы: Эчтеме (эч нерсе) көрбөй, эчтеме укпай, баарын унуткусу келди.*

**220. Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, ат атоочтордун стилдик максатта колдонулгандыгына көңүл бургула.**

1.Мен өзүмдүн отрядыма түрдүү өсүмдүктөрдүн гербарийлерин чогултуп келдим. 2.Бала аларга эчтеме айтпады. 3.Айткан менен таш нени түшүнмөк (Ч.А.). 4.Биз баарыбыз тиякта шатырашатман, а сен болсоң буерде жалгыз жатасың. 5.- А өзүң кимсиң анда? -Мен казакмын. 6.Бороон бирде тиги аскага, бирде бу аскага тийип, бирдеменин коркунучтуу үнү чыккансыйт (К.Б.).

2. Жазда башка, жел тийбесин, абайла,
Көпкө турбас мобул турган сур булут.
Бүт дартыңды өз мойнума алайын,
Сен ооруба, мен ооруюн, Ата журт. (А.О.)

**221. Сүйлөмдөрдү окуп, ат атоочтордун кандай максатта колдонулгандыгын түшүндүргүлө.Синтаксистик кызматын аныктагыла.**

1.Булардын ичинде кыргыз элинин уулу Дүйшөнкул да бар эле. 2.Дүйшөнкул элдин жаркыраган келечеги үчүн өз жанын кыйган. 3.Биз анын эрдигин эч качан унутпайбыз. 4.Анын эрдиги бизди көп нерселерге шыктандырат. 5.Сага түбөлүк даңк, кыргыз элинин баатыры! (К.Б.) 6.Кошулуп ойнор курбусу жок жалгыз баланын дос-душман деп тапканы, дүйнө деп көргөн-бакканы – ушулар. 7.Баланы бу дүйнөдөн бир алаксытса, машине-дүкөн гана алаксытат. 8.Андай учурда баарын унутуп, чымын-куюн чуркап жөнөйт. 9.Ананчы, машине-дүкөн тиги жаткан таш же бутка чалынган чөп эмес да (Ч.А.).

**222. Сүйлөмдөрдү көчүрүп, андагы ат атоочтун түрлөрүн ажыраткыла. 1-3 сүйлөмдөргө морфологиялык талдоо жүргүзгүлө.**

1.Сенин ошол кишилериң кызык немелер. 2.Көрчү, бардыгы тең иштеп жатышат. Эмне үчүн? Кимге? Эч ким билбейт. 3.Андан эчтеке калбайт, ал өзүнүн талаасынан эчтеке көрбөйт. ... 4.Анын

ыры ар дайым кандайдыр бир таң каларлык, бирдемеге наараазы болгонсуп, же бир нерсени талап кылып жаткан өңдөнүп угулар эле.(М.Г.) 5.Булардын баарынын алдына койгон максаттары бийик эле. 6.Ким билсин, Бектурган бирдемелерди ойлонуп отурдубу, арстандай жүрөгүн ачкачылык талыттыбы, анысы бизге белгисиз. (А.Т.)

**223. Төмөнкү ат атоочторду катыштырып сүйлөм түзгүлө. Ат атоочтор кандай максатта колдонулгандыгын айтып бергиле.**

Силер, сиз, сен өзүң, мына ушул, нече, не, менмин, кай бир, алда не, кандайдыр.

**224. Жаңылмачты жаттап, тилиңерди жатыктыргыла.**

Ат атоочторду тапкыла.
Бул кайсы оозу май тайлак?
Бул кайдагы сары май, бал каймак?
Бул оозанган оозу май тайлак,
Бул сур сары май бал каймак.

**225. Сүйлөмдөрдү окуп, кыргыз тилине которгула. Ат атоочторду таап, аларды өзбек тилине салыштыргыла.**

1.Ер юзидаги ҳеч бир зоология музейида, ҳеч бир табиатшунослик кўлланмасида марказий Тянь-Шань тоғларида яшайдиган калтакесаклар ҳақида маълумот йўқ. 2.Бу калтакесак турини қирғизстонлик зоологлар ҳам топмади. 3.Денгиз сатҳидан 2000 метр баландликда ҳаёт кечиришга мослаша олган бу калтакесаклар зоологларни ҳайратга солиб қўйди. 4.Чунки калтакесаклар асосан иссиқ жойларда яшашга мослашкан жонивор ҳисобланади-да.

## § 43. Тактооч

**(Равиш)**

***Тактооч кыймыл- аракеттин ар түрдүү кырдаалын (ордун, мезгилин, сын-сыпатын, сан-өлчөмүн ж.б.) көрсөтөт. Качан? кайда? кайдан?***

***кандай? кантип? деген суроолорго жооп берет.*** **Мисалы:** Ашым биздикине **дайым** келип турчу. Кызылчанын түшүмү **мол** болду. **Бүгүн** коюу туман каптап турат.

**226. Сүйлөмдөрдү окуп, тактоочторду тапкыла. Кандай суроого жооп берерин аныктагыла.**

1.Элдин артынан Момун кирди. 2.Демейде чүрүшкөн чал бүгүн таптакыр чөгүп калыптыр. 3.Бала аларды дароо тааныды, күндүз көргөн шоферлор. 4.Ал кайрадан жээкте турду. 5.Ортодо агымы катуу шар дайра, өйүздөгү шагылда алиги маралдар.(Ч.А.) 6.Аюу эми жайбаракат жогору жакка бет алды. 7.Жыпаргүл бүгүн мектепке эрте жөнөдү.8. Алыстан келген досу менен көпкө сүйлөштү.

**227. Көп чекиттин ордуна тиешелүү тактооч сөздөрдү коюп көчүргүлө. Кыймыл-аракеттин кандай кырдаалын көрсөтүп тургандыгын аныктагыла.**

1.Окуучулар ... ата-энелерине жардам беришти. 2.... Күн жаанчыл болду. 3.Поезд ... саат алтыда Казань вокзалына келип токтоду. 4.Биздин үйдөн ... колхоздун клубу бар болчу. 5.Чоң жолдо машиналар ... каттап турат. 6.Атчандар бастырып келе жатышты. 7.Кышында кар ... болсо, түшүм ... болот.

Колдонулуучу сөздөр: кечинде, жайында, жогору, бүгүн, жай, мол, байма-бай, көп.

## § 44 . Тактоочтордун жасалышы

### (Равишнинг ясалиши)

*Тактоочтор айрым мүчөлөрдүн жардамы менен же сөздөрдүн айкалышы жана кайталанышы аркылуу жасалат. Уңгу түрүндө турган тактоочтор тубаса тактоочтор деп аталат.*

Мисалы: **Азыр** келет. Таенем **акырын** сүйлөдү.

Мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу жасалган тактоочтор туунду тактоочтор деп аталат.

Мисалы: Коноктор **түндөп** жөнөп кетишти.

*1. Тактоочторду уюштуруучу мүчөлөр:*

- ча – *адамча, баатырларча, орусча.*
- лап – *айлап-жылдап, күндөп-түндөп.*
- лай – *кыштай, акчалай, жайды-жайлай.*
- лата – *улуулата, акчалата, эгиндете.*
- чылап – *кыздарчылап, силерчилеп.*
- чалык – *ошончолук, балачалык.*
- гары – *тышкары, ичкери, жогору.*

*2.Сөздөрдүн айкалышы жана кайталанышы аркылуу жасалышы:*

Бир күнү, таң эртеден, бир маалда, таң саар, күнү-түнү, тез-тез, аздыр-көптүр, бетме-бет, көп-көптөн, анда-санда, соо-саламат.

**228. Сүйлөмдөрдү окуп, туунду жана тубаса тактоочторду тапкыла.Туунду тактоочтор кандайча жасалганын айтып бергиле.**

1.Бала бүгүнкү көргөнүн кайра көргүсү келди. 2.Ал чоң суунун бүйүзүндө турду. 3.Көк кашка суу көбүк бүркүп, шар агып, баш айлантат. 4.Өйүздө баланы тиктеп үч марал турат.(Ч.А.) 5.Душмандар аны тирүүлөй өрттөмөк болушту. 6.Мурун мынчалык катуу сөз укпаган Бейшен далайга үнсүз-сөзсүз отуруп калды. 7.Алар жайды-жайлата жакага түшпөйт. 8.Боз үйдөгү конокторго улуулата тамак тартылды.

**229. Көчүрүп жазып, тактоочтордун астын сызгыла.**

1.Ары-бери каттаган эл бул суудан түшкө чейин өтүп кетүүгө аракет кылат. 2.Ал жогорку кырдан энкейе бергенде, төмөн жакта келаткан аюуну көрдү. 3.Узун карагай түбү менен омкорулуп, түбү берки өйүздө, башы аркы өйүздө болуп, өзүнчө көпүрө болуп калган. 4.Ал сүт фермасына заматта жетип келди. 5.Аюу эми жайбаракат өйдө жакка бет алды. 6.Адыл мергенчи аюу койгон таштарды араң-зорго ордунан козгоп, ары жылдырды. 7.Ал колун төмөн малып, тиш какшаткан булактын суусунан кыйлага жутту. 8.Кийинчерээк ошол суу «дары суу» атка конду. (О.Айт.)

**230. Төмөнкү сөздөргө тактоочторду уюштуруучу мүчөлөрдү улап жазгыла.**

Жай, күз, бала, биз, сырт, кеч, аз-аз, улуу, тескери, аксакал, эгин, короз, кемпир.

## § 45. Тактоочтордун түрлөрү

### (Равишнинг турлари)

*Тактоочтор берген маанисине карай төрт топко бөлүнөт: мезгил, орун, сын-сыпат, сан-өлчөм тактоочтор.*

| № | Тактоочтун түрлөрү | Суроолору | Мисалдар |
|---|---|---|---|
| 1. | Мезгил (пайт) тактооч | Качан? Кайсы убакта? | Бүгүн, эртең, кечээ, өгүнү, кеч, эми, азыр, күндүз, түндөсү, дайыма ж.б. |
| 2. | Орун(урин) тактооч | Кайда? каерде? | Жогору, ылдый, өйдө, төмөн, алыс, жакын, ыраак, алга, артка ж.б. |
| 3. | Сын-сыпат (холат) тактооч | Кандай? кандайча? | Жай, ылдам, тез, акырын, бат, араң, дароо, бекер, кокустан,аста-секин ж.б. |
| 4. | Сан-өлчөм (даража-микдор) тактооч | Канча? Канчалык? | Көп, аз, ашык, кем, мол, жалгыз, бөскө, толо, жарты, ушунчалык ж.б. |

**231. Текстти окугула. Түшүнүгүңөрдү кыргызча сүйлөп бергиле.**

### Күкүм нан

Илгери-илгери бир жарды болгон экен. Ал үй-бүлөсү менен абдан кедей туруптур. Курсагы такыр тойчу эмес экен. Күйөөсү жайды-жайлай байдын коюн кайтарса, аялы байдын кирин жууп

күн көрүшөт. Бай алардын эмгек акысы үчүн күнүнө жарты гана нан берет. Бир күнү жарды адатынча кой жайып жайытка кетет. Курсагы ачканда ал булак башына келип, өзүнө тиешелүү нанды суу менен жеп отуруп, нандын бир күкүмүн жерге түшүрүп жиберет.Ары издейт, бери издейт, бирок таппайт. Таппаган соң, ал ошол жерге таягын сайып, ыйлап-ыйлап жөнөп кетет. Эртеси күнү алыска барбай, байдын малын дагы ошол жерге жайып, баягы күкүмдү издемек болот. Келсе, сайып кеткен таягы алтынга айланып калыптыр. Жарды көргөн көзүнө ишенбейт. Ал таягын алып барып, базарга сатып, аябай байыптыр. Ошол жердеги жардыларга өзүнүн байлыгын бөлүшүп, алардын да курсагы тоюнуп, жыргап жашап калышыптыр. (Жомок). Көрсө, нан ыйык, касиеттүү нерсе турбайбы. Нансыз жашоо болбойт тура. Нан – бул өмүр, жашоо.Ошон үчүн нанды тебелендиге таштабай, аны дайыма урматтоо парз.

күкүм – ушоқ
жарды – камбағал
жайыт – ўтлоқ
таяк – калтак, таёқ
тебеленди – топталди

**232. Суроолорго жооп бергиле.**

1. Жардынын үй-бүлөсү кандай турмушта жашаган?
2. Алар байдын кандай жумуштарын аткарышкан?
3. Бай алардын кызмат акысын кандайча төлөгөн?
4. Жарды кандай сырдуу окуяга туш болду?
5. Бул окуя жардынын турмушун кандайча өзгөрттү?
6. Нан ыйык дегенге силер кандай түшүнөсүңөр?
7. Нан жөнүндө эл арасында кандай ойлор айтылат?

**233. Тексттен тактоочторду тапкыла. Алар кандай суроого жооп берерин жана кандай жол менен жасалганын аныктагыла.**

**234. Төмөнкү тактоочторду катыштырып оозеки сүйлөм түзгүлө жана кандай суроого жооп берерин аныктагыла.**

Өгүнү, кайрадан, алыстан, жакындан, чукул, жогору, тымызын, адатынча, жалгыз, ашык, көп-көптөн, ошончо.

**235. Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла. Тактоочтордун астын сызып, кайсы түрү экендигин аныктагыла.**

1.Чоң бугунун дабышы суу үстүнөн толкуп, көпкө жаңырып калганына бала азыр өзүнчө жылмайды. 2.Бала дагы элестетти. 3.Бүйүздө турган бала бир маалда чымыркана секирди эле, канат бүткөндөй учуп барып, ойүзгө түштү.(Ч.А.) 4.Кечке жуук шамал булуттарды алыска айдады. 5.Ырчы торгойлор ары-бери учуп, кээде жогору көтөрүлүп, кээде ылдый түшүп турду. 6.Саякбай бул жайлоолорду далай аралады.7.Анын көптөн-көп акмалаганы түлкү боло турган.

## § 46. Көнүгүүлөр

### ( Машқлар)

**236. Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, толук морфологиялык талдоо жүргүзгүлө.**

1.Эми аюу мамалактарын аркы жээкке чыгарып, экөөнү ары кууду да, кайрадан сууга кирди. 2.Аюу кемерге тез эле келди да, анда чаңырып жаткан мамалагын сууруп алып, жайбаракат өйдө жакка бет алды.(О.Айт.) 3.Андан ары жол уланды, артта калган Улуутоо улам алыс калып жатты. 4.Чынын айтсам, дагы көп-көп окуйт элем, аны силер кийин түшүнөсүңөр. (Ч.А.) 5.Артынан кууган ууру жете келген сайын, Султанмурат топ аттын нары капталына чыгат, аякка барса, бери капталына чыгат.(Ч.А.) 6.Түнкүсүн бул тарап мынчалык сүрдүү болорун байкабаган экен.

**237. Сүйлөмдөрдү окуп, тактоочторду тапкыла. Алардын кандайча жасалганын айтып бергиле.**

1.Ал карыялардай акылман, көптү көрүп, көп билген, орусча да, грузинче да кат тааныган.(М.Г.) 2.Аз иште, бирок саз

иште.(Макал) 3.Эртеси түштө кезек бизге жетти. 4.Эмгек акыны кээ бирлерине акчалай, кээ бирлерине эгиндей беришти. 5.Султандын көзүнө жаш тегеренип, тышкары чыгып кетти. 6.Атасы Эдик менен бетме-бет отуруп сүйлөшүүнү ойлоду. 7.Тескерисинче, иштин баары али алдыда. 8.Дыйкандар жайды-жайлай эмгектенишип, күзүндө берекесин көрүшөт.

**238. Текстти кыргызчага которгула, тактоочторду таап, кайсы түрү экендигин аныктагыла.**

## Саҳоватли Бефона

Италиядаги қадимги Рим шаҳрининг марказий майдонларида Италия халқининг азалий урф-одатлари бутунича сақланиб қолган йил боши нишонланади. Қадимги одатларга кўра Италия кичкинтойлари йил бошида мункиллаган Бефона кампир-кароматчи аёлдан турли совғалар олишади. Кичкинтойларга қанд-қурс ва қўғирчоқ совға улашар экан, у ҳаётнинг абадийлигини, унинг давомчилари шу кичкинтойлар эканини таъкидлагандек бўлади. Қадимий одатлар бизга қанчалик содда туюлмасин, уларнинг барида инсоний эзгулик мужассам. Биз бу эзгуликни қадрламоғимиз лозим. Инсонга умр табиатни пайҳон қилиш учун эмас, балки уни асраб-авайлаш учун берилади. Юқорида айтилган Италия кичкинтойларига улашиладиган совғалар ота-оналар ҳисобидан тайёрланади. (Журналдан)

**239. Текстти окугула. Түшүнгүңөрдү кыргызча сүйлөп бергиле.**

## Керней-сурнай



Керней-сурнай – кыргыз элинин байыркы оюндарынын бири. Оюн тегиз жерде ойнолот. Оюнга 8 жаштан жогору 20-30 оюнчулар катышат. Эки оюнчу ортого чыгып, өздөрүнчө бирин Керней, бирин Сурнай деп

аташат. Калган оюнчулар да бири-бирине Керней, Сурнай деп ат коюшуп, ортодогу Керней менен Сурнайдын алдына келишет. Алардан: «Кернейди аласыңбы же Сурнайды аласыңбы?»- деп сурашат. Керней кернейлерди, Сурнай сурнайларды алат. Калыс кернейлерди өзүнчө, сурнайларды өзүнчө катарга тизип, жаат башчыларын дайындайт. 8-9 метр аралыкта бетме-бет турушат. Жаат башчылары таяк кармап, оюн башташат. Оюнду баштоо укугун ала албаган жааттын бир оюнчусунун көзүн жоолук менен таңып, экинчи жааттын бир оюнчусу анын чекесине чертип, акырын өз ордуна келип туруп калат. Көзү таңылган оюнчу жоолукту чечип, чекеге черткен оюнчуну табат. Тапса, аны өз жаатына алып келип кошот, таппаса, өзү ошол жаатта калат. Анан оюндун кезеги экинчи жаатка өтөт. Оюндун акырында кайсы жаатта оюнчулар көп болсо, ошол жаат утат. Утулган жааттын оюнчулары ырдап же бийлеп берүүгө тийиш.

калыс – холис
жаат – қарама-қарши томанлар, команда
жоолук – рўмол

**240. Суроолорго жооп бергиле.**

1.Керней-сурнай оюнуна канча оюнчу катышат?
2.Оюнду кандайча башташат?
3.Кезеги келген оюнчу эмне кылат?
4.Чекеге черткен оюнчуну кантип табат?
5.Кимдер жеңүүчү эсептелет?
6.Силер да керней-сурнай оюнун ойноп көргүлө.

**241. Жогорудагы тексттен тактоочторду таап, кайсы түрү экендигин айтып бергиле.**

**242. Көп чекиттин ордуна тиешелүү тактооч сөздөрдү коюп, көчүрүп жазгыла.**

1.Биз Бишкектен ... ... чыгып, Ысыккөлгө ... жетип келдик. 2.Көлдө кемелер ... сүзүп жүрүшөт. 3.... кайыктар да көрүнөт. 4.Мен ... Ысыккөлдү көргөн эмесмин. 5.Биз – сууга түштүк.

6.Көлдүн суусу ... да жылуу болот. 7.Биз көлгө эмдиги жайда ... келебиз деп чечтик.

Колдонулуучу сөздөр: ары-бери, ыраактан, кечээ кечинде, мурда, түнү, дагы, күндүзү.

## § 47 Тактоочтун синтаксистик кызматы жана стилистикалык өзгөчөлүгү

### (Равишнинг синтактик вазифаси ва услубий хусусиятлар)

Тактоочторго көптүк (-лар) мүчөсү жалганбайт, айрымдарына гана жөндөмө мүчөлөрү уланып, кээ бирлери салыштырма даражага ээ болот: *мурунтан, алыста, тезирээк, жакыныраак ж.б.*

*Тактоочтор көбүнчө этишке тиешелүү айтылып, сүйлөм ичинде бышыктоочтук милдет аткарат.*

Мисалы: Атам жайлоодон бүгүн келди. Качан келди? – бүгүн – мезгил бышыктооч.

Кайталанган жана –**ча, -чалык** мүчөлөрү менен жасалган тактоочтор текстке көркөмдүк, образдуулук берип турат. *Мисалы:* ***Канчалык*** *аракет кылса да, эстей албады. Күн бүркөлүп, булуттар* ***өйдө-төмөн*** *көчүп жатты.*

*Айрым синонимдеш тактоочтор орунсуз кайталоону жоюу максатында колдонулат.*

*Мисалы: Күн сайын (ар күнү) атамдын дүрбүсүн алып байкап жүрдүм.*

-ча, -чалык мүчөлөрү **-лай** мүчөсүнө синонимдеш болгондуктан, алар алмашылып колдонула берет.

*Мисалы: Уйча мөөрөп, корозчо кыйкырышып, балдардын кубанычы койнуна батпай жатты.*

**243. Сүйлөмдөрдү көчүргүлө. Тактоочторду таап, алардын синтаксистик кызматын аныктагыла.**

1.Эртең менен кишилердин үндөрү угулуп калды. 2.Көрсө, Дүйшөн айылды үймө-үй кыдырып, балдарды окууга чогултуп

жүргөн экен. 3.Биздин үй эң четте болор эле. 4.Алар биздин үйгө жетпей кайрылып кетеби деп, кайра-кайра Дүйшөндөр жакты карап жаттым. 5.Бир кезде алар бизге да келип жетти.(Ч.А.) 6.Алыстан күкүктүн үнү угулат. 7.Бүгүн айылга жете баруу керек. 8.Сасыкжийде - илгертен анын ата-энеси өскөн жер. 9.Алатоонун салкын жели акырын беттен сылайт.(К.Б.)

**244. Берилген тактоочторду бышыктоочтук мааниде колдонуп, ар бирине сүйлөм түзгүлө.**

Бат-бат, бетме-бет, кечкисин, жакында, чукул, канчалык, ошончолук, аксакалдата, илгери.

**245. Төмөнкү тактоочторду түрлөрү боюнча ажыратып жазгыла.**

Жакын, өйдөрөөк, колмо-кол, жөө-жалаң, толо, кеч курун, саал-паал, эртең менен, бекер, ыраак, кышты-кыштай, мол, чалкасынан, жана, кокустан, ошончо, ары, зорго, жекеме-жеке, түштө, далай, тымызын.

**246. Төмөнкү сүйлөмдөрдөн тактоочторду таап, алар кандай максатта колдонулгандыгын түшүндүрүп бергиле.**

1.Түшүндө Акылбек небак шаарга келиптир. 2.Шымдын узундугу эми гана бап келди. 3.Тышка чыгып, балдар менен ойноого көңүлү чаппады. 4.Ал да балдар тарапты кылчак-кылчак карады. 5.Дарбазага жетип келгенде, нарытадан иштен келаткан атасы көрүндү.(О.Айт.) 6.Төө канчалык болсо, жүгү да ошончолук.(Макал) 7.Чолпон жылдыз көтөрүлүп, бара-бара таң да аппак атты. 8.Аргымактын жакшысы азыраак оттоп, көп жуушайт.(Макал)

**247. Кашаанын ичиндеги тактооч сөздөрдүн ордуна ага маанилеш тактоочторду коюп көчүргүлө.**

1.Партизандар улам (илгери) жылып отурду. 2.Балдар (тез-те теришип, идиштерин толтурушту. 3.Немецтердин машинасы тэ

(төмөн жактан) көрүндү. 4.Эмил (ар күнү) эртең менен тапшырмасын кайталап окууга адаттанган. 5.(Таң эрте) жамгыр басылары менен Сапар пахта талаасына жөнөдү. 6.Бир маалда (жогортон) келе жаткан мотордун үнү угулду.

**248. Табышмактын жандырмагын тапкыла. Андагы тактоочторду таап, колдонулуш өзгөчөлүгүн аныктагыла.**

Илинип турат алмурут,
Жешке болбойт аны уруп.
Күндүз кечке уктап жатып,
Кеч киргенде көзүн ачат.
Бирдей карап бардыгына,
Үйгө тегиз нурун чачат.

## § 48. ЭТИШ

### (Феъл)

### Жөнөкөй жана татаал этиштер

*Заттын кыймыл-аракетин, ал-абалын билдирүүчү сөз түркүмү этиш деп аталат. Этиштер эмне кылды?, эмне кылат?, эмне кылып жатат?, каптет? деген суроолорго жооп берет.*

*Мисалы: Сайкал 6-класста окуйт. Эмне кылат? – окуйт. Үсөн арыктарды тазалады. Эмне кылды? – тазалады.*

*Этиш сөздөр түзүлүшүнө карай жөнөкөй жана татаал болуп экиге бөлүнөт. Бир гана сөздөн турса, жөнөкөй этиш болот:* ***күл, ойно, оку, бар, кел, жаады, иштептир, жашаган, жиберер, даярдайт ж.б.***

Негизги этишке жардамчы этиштер же көмөкчү сөздөр кошулуп айтылганда, татаал этиш түзүлөт.

Мисалы: ойноп жатат, барып кел, учканы эле турат, келген экен, айтар эле ж.б.

Кээде негизги этиш сөздөргө атооч сөздөр жана жардамчы сөздөр кошо айтылып да татаал этиштер түзүлөт.

Мисалы: кулак салып турду, суроо берип жатат, көз сала жүр, жардам берип жүрөт экен ж.б.

**249. Көп чекиттин ордуна тиешелүү этиш сөздөрдү коюп жазгыла. Жөнөкөй этиштердин астын бир, татаал этиштердин астын эки сызгыла.**

1.Биз Кыргызстанда … . 2.Кыргызстандын окуучулары жарык жана кенен мектептерде … . 3.Токтомамат математика китебин … , тапшырмасын … . 4.Алима Кылычбектин сүйгөн тамагы-беш бармакты … … . 5.Ош шаары 3000 жашка … .

Колдонулуучу сөздөр: аткара баштады, толду, окушат, жасап берди, аткарып жатабыз, жашайбыз.

**250. Жөнөкөй жана татаал этиштерди катыштырып экиден сүйлөм түзгүлө. Этиш жана анын түзүлүштөрү жөнүндө айтып бергиле.**

**251. Текстти окуп, андагы жөнөкөй жана татаал этиштерди тапкыла. Түшүнүгүңөрдү айтып бергиле.**

## Чээнге кирүүчү айбандардын даярдыгы

Аюу, кашкулак, суур сыяктуу айбандар кышкы суукtан, жемдин каатчылыгынан аман калыш үчүн, кышында чээнге кирип, жаз келгенче уктап же селейип жата берүү касиетине ээ. Бул касиет миңдеген жылдар бою сырткы чөйрөнүн ыңгайсыз шарттары менен күрөшүп, жан сактоо процессинде жаралган. Бул касиет айбандардын укум-тукумуна гендери аркылуу мурас болуп берилет. Чээн – айбандардын көпкө уктап жатчу жайы. Ар кандай айбандын чээни ар түрдүү. Мисалы, аюу үңкүрдү, жерге жыгылган дарактардын коңулдарын чээнге ылайыктап, чөпчөрдөн, жалбырактардан төшөнчү жасап, шамал кирүүчү жагын тосуп, жатчу жайын даярдайт.

Чогуу жашоочу айбандар, мисалы, суур, тыйын чычкандар татаал ийин казып, чогулуп жата турган «үй», андан сыртка

чыгуучу бир нече жол жасап, оозун топурак, таш менен бекитет. Чээнге кирер маалы келгенде, ар бир айбан ичеги-кардын тазалоого киришет. Аюулар ич өткөрүүчү чөптөрдү, туздарды издеп таап жеп, ичин тазалагандан кийин гана көшүп чээнге кирет.

Суурлар болсо, ийиндеринин оoздорун бүтөгөндөн кийин бир нече күнгө чейин «үйүнөн» чыгуучу бир же эки туюк жолдун атайын жасалган «даараткaнасына» улам барып, ичин тазаламайынча чээнге жатпайт. Айбандар мындай «чараларды» көрбөсө, ичиндеги заттар чиригендеги газдар ичти көптүрүп, уулуу заттар канга сиңип, уулантып өлтүрүп салышы мүмкүн.

укум –тукум – насл, уруғ
көшүп – ҳаловатли уйқу

**252. Төмөнкү суроолорго жооп бергиле**

1.Кайсы айбандар кышында чээнге кирет?
2.Эмне үчүн кээ бир айбандар чээнге кире турган болуп калышкан?
3.Чээн дегенге кандай түшүнөсүңөр?
4.Айбандар чээнди кантип жасашат?
5.Чогуу жашоочу айбандар чээндерин кандайча жасашат?
6.Айбандар чээнге киреpде кандай даярдыктарды көрүшөт?
7.Эмне үчүн чээнге кирүүчү айбандар ичеги-кардын тазалашат?
8.Бул тексттен силер эмнелерди биле алдыңар?

**253. Төмөнкү этиш сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзгүлө.**

Чээнге киришет, уктап жатышат, уктап жатчу жай, шамал кирүүчү жакты тосуп, жатчу жайын жасайт, жол жасап, бекитет, тазалоого киришет, таап жешет, чээнге жатпайт, өлтүрүп салышы мүмкүн.

**254. Төмөнкү этиш сөздөрдү кыргызчага которуп, сүйлөм түзгүлө.**

Ёза олади, кўриб қолди, бора олади, бериб кел, юра олади, кўриб чиқ, кета олмайди, тортди, жавоб бермайди.

## § 49. Этиштин жасалышы

## (Феьлнинг ясалиши)

*Кыргыз тилинде этиш сөздөр эки жол менен жасалат:*

*1. Зат, сан, сын атооч, тактооч сөздөргө этишти жасоочу мүчөлөрдүн уланышы менен жасалат:*

| Сөз түркүмдөрү | Сөздөр | Мүчөлөр | Жасалган этиштер |
|---|---|---|---|
| Зат атооч | балта, аркан | - ла | балтала, арканда |
| | көңүл, курал | - лан | көңүлдөн, куралдан |
| | салам, акыл | - лаш | саламдаш, акылдаш |
| Сын атооч | кооз,эрке | -ла | коздо, эркеле |
| | өжөр, куу | -лан | өжөрлөн, куулан |
| Сан атооч | экөө, алтоо | -ла | экөөлө, алтооло |
| Тактооч | эрте, ылдам | - ла | эртеле, ылдамда |

*2. Этиш сөздөр бири-бири менен же башка сөз түркүмдөрү менен айкаша келет да, татаал этиштер түзүлөт.*

Мисалы: жыргап-куунап, кыязмат кыл, көз бол, жооп бер, кулак сал ж.б.

**255. Сөздөргө тиешелүү этиш жасоочу** –ла, -лан, -лаш **мүчөлөрүн улап, этиш сөздөрдү түзгүлө.**

Карыз, тараза, борошо, тукум, ачуу, намыс, үмүт, эт, жардам, чатак, толук, тоголок, арык, кекеч, сук, кооз, үчөө, жетөө, ылдам, акырын.

**256. Төмөнкү этиш сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзгүлө.**

Камчыла, ыйлап-сыктап, көркөмдө, жооп бер, тазалан, үчөөлө, көз сал, кызмат кыл.

**257. Жаңылмачты туура айтып, тилиңерди жатыктыргыла. Жөнөкөй жана татаал этиштерди таап, алардын кандайча жасалгандыгын айтып бергиле.**

Сүзбөсүн деп эч кимди
Байлап салдым эчкимди.

Шерип желип келип,
Берип кетти өрүк.

Чана – Маликке,
Жана Талипке
Үйрөтөт арипке,
Сага алиппе.

Жарчада улак турат,
Улак булакка ынак.

**258. Текстти кыргызчага которуп жазгыла. Этиш сөздөрдүн жазылышына көңүл бургула.**

Она бизни кийинтиради, эркалатади, тарбиялайди, бизга илм ўргатади. Болалар, уйингизда онангизнинг турмушини, сизга ва укаларингизга бўлган ғамхўрлигини кузатиб кўринг. Ана шунда онангизнинг энг азиз ва меҳрибон киши эканлигини биласиз.

Фарзанд ўз онаси олдида ҳамиша қарздордир. Халқимизнинг ривоятларида бундай ҳикоя қилинади. «Бир киши ҳар кун новвойдан 6та нон харид қилар экан. Буни кузатиб юрган новвой бир куни ундан, нега доим фақат 6та нон оласиз? деб сўраса, у, 2тасини қарзимга бераман, 2тасини қарзга бераман, 2тасини ўзимиз еймиз, деб жавоб берибди. Унинг бу жавобидан ҳеч нарса англамай, ҳайрон қолган новвайга шундай деб тушунтирибди: « 2тасини қарзимга, яъни мени ўстириб, вояга етказган ота-онамга бераман. Мен улардан умрбод қарздорман. 2тасини фарзандларимга бераман. Улар ҳам вояга етиб, ўз фарзандлик бурчларини адо этадилар» – деган экан.

Она улуғдир. У бизга нон ва жон берган.

## § 50. Этиштин чактары

### (Феъл замонлари)

*Этиштин чактары кыймыл-аракеттин сүйлөп жаткан мезгилге карата болгон мамилесин билдирет. Этиштин үч чагы бар. Алар:*

1. Учур чак. Мен мектепте окуп жатам.
2. Өткөн чак. Мен мектепте окуганмын.
3. Учур чак. Мен мектепке барам.

## § 51. Учур чак

### (Ҳозирги замон феъли)

*Сүйлөп жаткан учурдагы кыймыл-аракетти жана үзгүлтүксүз дайым болуучу кыймыл-аракетти билдирет.*

Учур чактын жөнөкөй жана татаал түрлөрү бар. Жөнөкөй учур чак уңгу этишке **-ууда, -а** мүчөлөрүнүн уланышы аркылуу жасалат.

Мисалы: Ош шаарынын 3000 жылдык майрамы уланууда. Мукай 6- класста окуп жатат.

*Учур чактын татаал түрү төмөнкүдөй жолдор менен жасалат:*

*1. Негизги этиштерге* **–а** *мүчөсүнүн, жардамчы этиштерге* **–а** *мүчөсү, андан кийин жак мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу:*

Мисалы: Мен бар–**а** жат-**а-мын**
Сен бар-**а** жат-**а сың**
Сиз бар-**а** жат-**а-сыз**
Ал бар-**а** жат-**а-т**.

*2.* Негизги этиштерге чакчыл **–ып** мүчөсүнүн, жардамчы этиштерге чакчыл **–а** жана жак мүчөлөрүнүн жалганышы аркылуу:

Мисалы: Мен бар-**ып** жүр-**ө-мүн**
Сен бар-**ып** жүр-**ө-сүң**

Сиз бар-**ып** жүр-**ө-сүз**
Ал бар-**ып** жүр-**ө-т**

**259. Көп чекиттин ордуна учур чакты уюштуруучу мүчөлөрдү улап, сүйлөмдөрдү көчүргүлө. Кайсы жакта тургандыгын айтып бергиле.**

Мен мектепке окууга бар … жат … … .
Сен мектепке окууга бар … жат … … .
Сиз мектепке окууга бар … жат … … .
Ал мектепке окууга бар … жат … … .
Биз мектептен кел … жат … … .
Силер мектептен кел … жат … … .
Сиздер мектептен кел … жат … … .
Алар мектептен кел … жат … … .

**260. Бул көнүгүүнү да жогоркудай иштегиле.**

1.Менин жакын досторум мында отур … … . 2.Эки окуучу басып кел … жат … … . 3.Ысыккөл мемиреп тыптынч жат … . 4.Мен музыка ук … отур … … . 5.Республикабыз күндөн-күнгө гүлдөп … өс … … . 6.Сиздер конокторду күзөт … жат … … . 7.Сен сабакка даярдан … жат … … .

**261. Төмөнкү сүйлөмдөрдү кыргызчага которгула жана кыргыз, өзбек тилиндеги учур чакты уюштуруучу мүчөлөрдү салыштыргыла.**

| Бирлик | күплик |
|---|---|
| Мен келяпман | Биз келяпмиз |
| Сен келяпсан | Сиз келяпсиз |
| У келяпти | улар келяптилар |
| | |
| Мен ёзяпман | Биз ёзяпмиз |
| Сен ёзяпсан | Сиз ёзяпсиз |
| У ёзяпти | Улар ёзяптилар |

**262. Учур чакта турган төрт сүйлөм түзгүлө. Учур чак кандайча уюшулганын айтып бергиле.**

**263. Төмөнкү табышмактын жандырмагын тапкыла. Учур чакты жана аны уюштуруучу мүчөлөрдү айтып бергиле. Кыргызчага которгула.**


Ҳозир бўлган ҳаракатни билдирар,
Ўзак негизига –а, -й қўшилар,
Шахс –сон қўшимчалари ҳам қўшилар.
Бирлик, кўплик ҳар уч шахсда тусланар,
Ўйлаб топинг, улар қанақа сўзлар?


## § 52. Өткөн чак


### (Ўтган замон феъли)


*Өткөн чак этиш сөздөр сүйлөп жаткан учурдан мурда болуп өткөн кыймыл-аракетти билдирет. Этиш сөздөргө –ды, -ып, -ыптыр, -ган, -чу, -чү мүчөлөрү, андан кийин жак мүчөлөрү жалганып жасалат.*

Мисалы:






*Өткөн чактын татаал түрлөрү негизги этиштен жана эле, экен, эмес деген жардамчы сөздөрдөн турат.*

Мисалы: Мен көргөн элем
Сен көргөн элең
Сиз көргөн элеңиз
Ал көргөн эле.

**264. Төмөнкү этиш сөздөргө өткөн чакты уюштуруучу мүчөлөрдү улап, сүйлөм түзгүлө.**

Аткар, оку, күл, алып кел, жардам бер, окуп жат, эсептеп чык, току, көрүп жүр, эске сал.

**265. Учур чакта турган төмөнкү сүйлөмдөрдү өткөн чакка айландырып жазгыла.**

1.Биз токойго саякатка бара жатабыз. 2.Токойго барып эс алганча, жаратылышка байкоо жүргүзөбүз. 3.Гербарийлерди топтойбуз. 4.Токойчуга жолугуп, андан көп нерселерди сурайбыз жана токой жөнүндө билбеген нерселерибизди билип алабыз. 5.Токойдогу өсүмдүктөрдү жабыркатпоого аракеттенебиз. 6.Мен өзгөчө толкунданып, жаратылышка көз чаптырып отурамын.

**266. Тамсилди көркөм окугула. Түшүнүгүңөрдү өткөн чакка келтирип, сүйлөп бергиле.**

## Жакшы дос менен жаман дос

(тамсил)

Ар адамдын жолдошу бар, досу бар,
Бирок да байкагыла, балдар.
Көп ишенбе жалган сөздөргө,
Чыныгы достук сыналат кыйынчылык кездерде.
Эки бала жакшы теңтуш, жакшы дос,
Айтыша турган: «Биздей мыкты достор болбос».
Ошол экөө алыс жакка бара жатып,
Калышты чоң жолдон адашып.
Курсактары аябай ачка,
Кичинекей сындырым нан да жок.
Экөө куруштү акылдуу кеңеш мындайча:
«Жөнөйлү оокат издеп эки жакка,
Ортодо болот ким эмне тапса.»
Экөө бет алды эки жакка.
Бири токойдо жүрүп кечке,
Кичирээк жалгыз жаңгак тапты.
Бирок болгону кичине жалгыз жаңгак,
Баары бир экөөбүзгө болбойт тоер тамак,
Өзүм жалгыз жеп койсом эмне болот?
Өз ичинен ушундай деди,
Деди да тапкан жалгыз жаңгагын жеди.
Кечинде айткан жерге келди.
Сурады досу: «Таба алдыңбы бир нерсе?»
«Жок»- деди калпычы досу жайып колун,-
Болбоду менин жолум.
Жолуккан жок эчтеме мага.
Табылдыбы бирдеме сага?
Жолдошу айтат: « Таппасаң, ага жок кейиш,
Мына мен таптым кичине мейиз.

Кел ушуну экөөбүз тең бөлүп жейли,
Анан дагы издейли».
Жаңгагын жалгыз жеген аябай жаман жолдош,
Бир мейизди бөлө жеген эң таза дос. ( М.Б).

**267. Төмөнкү суроолорго жооп бергиле.**

1. Дос дегенге кандай түшүнөсүңөр?
2. Силердин да досуңар барбы?
3. «Чыныгы достук кыйынчылыкта билинет»-дегенге кандай түшүнөсүңөр?
4. Дайыма сага баалуу белектерди берген жолдошуңарды чыныгы дос деп эсептейсиңерби?
5. Сенин досуң кандай болуусун каалайсың?
6. Досуңар жөнүндө сүйлөп бергиле.
7. «Достук» деген темада чакан аңгеме жазып келгиле.

## § 53. Көнүгүүлөр

## ( Машқлар)

**268. Текстти окугула. Этиш сөздөрдү таап, жөнөкөй жана татаал түрлөрүн ажыраткыла.**

Ысыккөл май чабагы деп аталган балыктын орточо узундугу 17,5 см, капталы кууш, жону күңүрт көгүлтүр, боору агыш, күмүштөй жалтырак. Ал көл жээктеринде 120-150 м тереңдикке чейин кезигет. Ысыккөлдө өтө көп болчу. Көлгө байырлаштыруу максатында, башка жактан жырткыч балыктарды алып келип, өстүрүүнүн кесепетинен, аларга жем болуп, азыр кырылып баратат. Сактап калуу үчүн атайын чара көрүлүш керек.

**269. Төмөнкү татаал этиштерди катыштырып сүйлөм түзгүлө.**

Дем алуу, күрс этүү, сатып алуу, жакшы көрүү, кулак салуу, кетип калуу, айтып берүү, жазып көрүү.

**270. Өткөн чакты учур чакка айландырып жазгыла.**

Билген, ырдады, күлчү, аткарды, аткарган, бийлеген, ичти, чийиптир, көрдү, жазчу, жибериптир, жасады.

**271. Текстти окуп чыгып, түшүнүгүңөрдү айтып бергиле.**

## Дельфин

Дельфин сүт эмүүчү жаныбарларга кирет. Суууда жашайт. Алар 15-40тан үйүр болуп жүрүшөт. Боорукер келишет. Эгер бирөөнө тезирээк жардам керек болсо, экинчилери эч аяшпайт. Эки жагынан жөлөп, тикесинен тургузуп, дем алдырышат. Чөгүп бараткан адамга да алар дал ушинтип көмөк көрсөтүшөт.

Дельфиндер суууда өтө ыкчам. Саатына 50 чакырым ылдамдыкта сүзгөн балыктарды кармашат. Аларга алай-дүлөй болгон деңиз толкуну кеп эмес. Толкунду аралап, шуулдап сүзүп кете беришет.

Окумуштуулар маймыл менен итке караганда дельфин бир кыйла акылдуу экендигин аныкташкан.

көмөк көрсөтүшөт – ёрдам кўрсатадилар.
ыкчам – чаққон

**272. Ырды окуп чыккыла. Карама-каршы сөздөр кайсы сөз түркүмүндө тургандыгын тапкыла. Ал сөз түркүмү жөнүндө түшүнүк бергиле.**

## Тайталаш

Эртеси десем – бүгүн дейт,
Токто десем – жүгүр дейт.
Ысык десем – муздак дейт.
Шаар десем – кыштак дейт.
Жайлоо десем – жака дейт.
Балык десем – бака дейт.
Узун десем – кыска дейт.

Ойгон десем – укта дейт.
Бүттү десем – бүтпөйт дейт.
Талашкандан чарчабаган,
Мына ушундай тай талаш.

## § 54. Сөз өстүрүү

## ( Нутқ ўстириш)

### Тилкат

Кымбаттуу окуучулар, адам баласынын турмушунда керектүү нерселер дайыма эле жетиштүү боло бербейт. Өзүңдө жок нерсе башка бирөөдө көп болушу же , тескерисинче, башка бирөөдө жок нерсе өзүңдө көп болуп калышы мүмкүн. Мындай учурда адамдар бири-бири менен мамиле түзүшүп, жок нерсесин сурап, башка бирөөгө керектүү нерсесин берип турат. Андайда адамдар бири-бири менен так мамиледе болуусу керек. Башкача айтканда, алган нерсесин убагында берүү үчүн же алуу үчүн тилкат беришет.

Ал эми чоң-чоң ишканаларда, мекеме-уюмдарда да ушундай көрүнүштөр болуп калат.

Тилкат расмий документ болуп саналат.Кимдир бирөөдөн же уюмдан акча, баалуу буюм ж.б. нерселер алгандыгын тастыктаган документ тилкат делет.

**273. Төмөндөгү тилкаттын үлгүсүнө көңүл бургула, жазылышын үйрөнгүлө.**

### Тилкат

Мен, Ош шаарындагы № 27-орто мектептин 6-«Б» классынын класскому Жороев Зыпар, ишембилик өткөрүү үчүн мектептин завхозунан 10 (он) шыпыргы, 5 (күрөк), 2 (эки) чака алдым. Алган буюмдарымды ишембилик аяктагандан кийин толугу менен тапшырамын.

30. 09. 2000-жыл колу Жороев З.

**274. Өзүңөр каалагандай бир тилкаттын үлгүсүн жазгыла.**

**275. Төмөнкү сөздөрдү пайдаланып текст түзгүлө.**

Жакында, мектеп, айлана-чөйрө, Нооруз, сабактан кийин, тазалоо, кетмен, күрөк, ыракмат, таптаза, чака, тил кат, класс, шыпыргы, кайтарып, ишембилик, окуучулар.

## §55. Чейректик кайталоо
## ( Чорак охирида такрорлаш)

**276. Төмөнкү сөздөрдүн ичинен ат атооч сөздөрдү гана көчүрүп жазгыла.**

Мен, араба, кимдир бирөө, Кызылкыя, бир нерсе, тиги, Аалы, ал, сиздер, Ош, ким, Араван, эч кандай, Ысыккөл, бак-дарак, ар качан, майрам, бүткүл, Нарын, ар ким, тамсил, бирдеме, нече, не, үмүт, алда кайда, Талас, эртеси, негедир, аз-аздан, Бакытбек, ардемке, кайдадыр, Чүй, Баткен.

**277. Ат атоочтун алты түрүнүн ар бирине үчтөн мисал таап жазгыла.**

**278. Төмөнкү ат атоочторду катыштырып оозеки сүйлөм түзгүлө.**

Сен, бардык, сиздер, кимдир бирөө, качан, эч кандай, ошол, кандайдыр бир, эчтеме, кайдадыр, баары, алда кайда, не.

**279. Төмөнкү ат атооч сөздөрдү түрлөрү боюнча бөлүштүрүп жазгыла.**

Мен, бул, эмне, эч ким, бардык, кимдир бирөө, бүткүл, кайсы, эч качан, биз, тигил, качан, кайсы бир, силер, ошол, эч нерсе, ар ким, бир нерсе, алар, тээтиги, канча, эч кайда, ар качан, алда ким, не, нечөө, эмнегедир, бүтүн, ушу, кайдан, мунун, ага, өзүм.

## III чейректе алган билимицерди текшергиле

1. Ат атооч деген эмне?
   а) заттын атын билдирген сөз түркүмү
   б) сын-сыпатты билдирет
   в) заттын атын атабай жалпылап көрсөтөт
   г) кыймыл-аракетти билдирет.
   д) заттын өңү- түсүн билдирген сөздөр

2. Ат атоочтор маанисине карай канчага бөлүнөт?
   а) 3; б) 4; в) 5; г) 6 д) 7

3. Жактама ат атооч сөздөрдүн катарын белгиле.
   а) мен, сиз, алар
   б) ал, бул, балта
   в) тиги, кызыл, иштеди
   г) биз, ушул, Ош
   д) тигил, ошол, анар

4. Шилтеме, сурама ат атооч сөздөрдүн катарын белгиле
   а) сиз, мен, келди, ошол
   б) канча, бир, алты, бул
   в) тиги, билим, акча, кант
   г) ошо, неге, тиги, канча
   д) мен, сен, бардык

5.Тангыч ат атооч сөздөрдү тап.
   а) бүткүл, баары, ар бир
   б) сен, сиздер, алар
   в) ошолор, тээтиги, бул
   г) эч ким, эчтеме, эч кандай
   д) биз, ошол, мен

6. Аныктама ат атооч сөздөрдү тап.
   а) бүткүл, ар бир, бүтүн
   б) биз, ошол, келди
   в) төрт, өзү, ал

г) баары, ар ким, кыска
д) силер, тигил, бул

7. Белгисиз ат атооч сөздөрдү белгиле.
а) ким, эч нерсе, канча
б) ошол, тигил, баары
в) биз, сиздер, кимдир бирөө
г) алда ким, кайсы бир, кандайдыр
д) бүткүл, баары, ал

8. Ат атооч сүйлөмдө ээлик милдетти аткарып турган сүйлөмдү тап.
а) Ал шаарга кеч келди.
б) Аларга шаардан келишет.
в) Үсөн шаарга эртең жөнөйт.
г) Сайкал шаардан кеч келди.
д) Менин апам- үчүнчүсү.

9. Ат атооч сөздөр гана катышкан катарды белгиле
а) келди, ушул, жайма-жай
б) алма, өрүк, баары
в) бүгүн, таң саар, мен
г) эч ким, мен, ошо
д) сулуу, сары, аламын

10. Ат атооч сүйлөмдө кандай милдет аткарат?
а) ээлик, баяндоочтук, айкындоочтук
б) ээлик гана
в) баяндоочтук гана
г) айкындоочтук гана
д) толуктоочтук гана

11. Тактооч кыймыл-аракеттин кандай белгилерин көрсөтөт?
а) санын, катарын, тартибин, өлчөмүн
б) өңүн, даамын, иретин, мезгилин
в) ордун, мезгилин, сын-сыпатын, сан-өлчөмүн

г) өлчөмүн, белгисин, атын, иретин
д) кыймылын, абалын, даамын

12. Тактоочторду уюштуруучу мүчөлөрдү тап
   а) –нын, -га, -ча, -да
   б) –лар, -дор, -ла, дай
   в) –лап, -ым, -сы, -ча
   г) –ча, -лап, -лай, -лата
   д) -ган, -ар, -бас

13. Тактоочтор маанисине карай канчага бөлүнөт?
   а) 2; б) 3; в) 4; г) 5 д) 6

14. Мезгилди билдирүүчү тактооч сөздөрдү тап
   а) эми, күндүз, жазында
   б) кыш, сүрөт, эртең
   в) иштеди, бүгүн, акырын
   г) быйыл, он бир, жана
   д) 2000- жылы, Ошто, ошол

15. Орунду билдирүүчү тактооч сөздөрдү тап
   а) алыс, кеч, эртең
   б) төмөн, алыс, жогору
   в) ашык, жетишинче, окуйт
   г) орусча, жай, илгери
   д) бат, Бишкекте, Нарында

16. Сын-сыпатты билдирүүчү тактооч сөздөрдү тап
   а) жай, иштейт, канча
   б) ошончо, ушунча, көп
   в) кечээ, бүгүн, таң саар
   г) ылдам, тымызын, акырын
   д) кыш, жыз, жай

17. Сан-өлчөмдү билдирүүчү тактооч сөздөрдү тап
   а) жалгыз, толо, көп-көптөн
   б) жазында, бөскө, ылдам

в) жай, тымызын, ашык
г) быйыл, балача, өгүнү
д) бат- бат, тез- тез, ылдам

18. Тактоочтор сүйлөмдө көбүнчө кандай милдетти аткарат?
а) ээлик
б) баяндоочтук
в) бышыктоочтук
г) аныктоочтук
д) толуктоочтук

19. Тактоочторго берилүүчү суроолорду тап
а) эмне? ким? кайсы?
б) эмне кылды? эмне кылып жатат?
в) кимдин? качан? кайда?
г) качан? кандай? канча?
д) канчанчы? канчоо? канчадан?

20. Этиш сөздөр эмнени билдирет?
а) заттын атын
б) заттын кыймыл –аракетин
в) заттын көлөмүн
г) заттын ордун
д) заттын түсүн

21. Этиш сөздөргө берилүүчү суроолорду тап
а) ким? эмне? эмне кылды?
б) качан? кайда? кантип?
в) эмне болду? эмне кылат? кантти?
г) эмне кылып жатат? канча? нечөө?
д) канча? нече? Кандай?

22. Зат атоочтон жасалган этиш сөздөрдү тап
а) кооздо, өжөрлөн, куулан
б) тезде, үчөөлө, экөөлө
в) эртеле, ылдамда, амандаш

г) саламдаш, куралдан, балтала
д) келген, жетти, бардык

23. Сын атоочтон жасалган этиш сөздөрдү тап
а) эркеле, кооздо, өжөрлөн
б) арканда, метрле, балтала
в) жогорула, экөөлө, эртеле
г) эртеле, ылдамда, амандаш
д) бешинчи, экинчи, алтынчы

24. Сан атоочтон жасалган этиш сөздөрдү тап
а) сүйлө, көркөмдө, кооздо
б) иште, жардамдаш, жогорула
в) камчыла, көздө, алтоолo
г) экөөлө, үчөөлө, алтоолo
д) кооздо, эркеле, өжөрлөн

25. Тактоочтон жасалган этиш сөздөрдү тап
а) даярдан, экөөлө, кооздо
б) жогорула, ылдыйла, жайла
в) балтала, метрле, арканда
г) эркеле, кооздо, өжөрлөн
д) баспа, тербе, кетпе

26. Этиштин канча чагы бар?
а) 2; б) 3; в) 4; г) 5 д) 6

27. Учур чактагы сүйлөмдү тап
а) Мен 6- класста окуп жатам.
б) Мен 6- класста окуганмын.
в) Мен 6- класска окуймун.
г) Мен 6- класста окучумун.
д) Мен 6- класска чейин окуганмын.

28. Өткөн чактагы сүйлөмдү тап.
а) Айша мектепке барат.

б) Айша 6- класста окуп жатат.
в) Айша 6- класста окуйт.
г) Айша 6- класста окуган.
д) Айша 6- класска чейин окуйт.

29. Келер чактагы сүйлөм окуянын качан болушун билдирет?
а) сүйлөп жаткан учурдан мурда болгонун
б) учурда болуп жаткандыгын
в) келечекте боло тургандыгын
г) өткөн заманда болгондугун
д) бир күн мурун болгонун

30. Төмөнкү сөздөрдөн этиштерди белгиле
а) кооз, бийик, сулуу
б) келиңиз, иште, жардамдаш
в) көркөмдө, бүгүн, күндүз
г) бүгүн, кечээ, кышында
д) алтынчы, жетинчи, биринчи

## § 56. III чейректе өтүлгөндөрдү кайталоо

## (3 чоракда ўтилган мавзуларни такрорлаш)

**280. Төмөнкү суроолорго жооп бергиле.**

1.Каникулда ким эмне иш аткарды?
2.Каникул мезгилиндеги кызыктуу окуялардан айтып бергиле.
3.Жазда табияттагы кандай өзгөрүүлөрдү байкадыңар?
4.Нооруз майрамын кандай тостуңар?
5.Ноорузду элибиз кандайча баалашат?
6.Турмушта Нооруздун тилегиндей жашоого болобу?
7.Ачуу сөздөр адамга кандай таасир этет?
8.Ар бириңер досуңардын жакшы сапатын айтып бергиле.
9.Төмөнкү схеманы пайдаланып, ат атооч боюнча өткөн чейректе алган билиминерди эске салгыла. Ат атоочтун түрлөрүнө мисал келтиргиле.

### Ат атооч

| | |
|---|---|
| Жактама | Аныктама |
| Шилтеме | Тангыч |
| Сурама | Белгисиз |

**281. Төмөнкү сөздөрдүн ичинен ат атооч сөздөрдү ажыратып, дептериңерге жазгыла.**

Силер, дептер, ошол, китеп, Нооруз, баары, ким, достук, ыйман, эч ким, жамгыр, кимдир бирөө, жер айдоо, бүткүл, сиздер, жазуучу, аалам, алар, тетиги, жоогазын, Алатоо, окуу, иштеди, күтүү, чечкиндүү, мунун, дале, биздин, тилек,бүт, тебетей, эмненин, жамгыр.

**282. Тактооч боюнча төмөнкү таблицаны пайдаланып түшүнүгүнөрдү айтып бергиле.**

## Тактооч

| Мезгил | Орун | Сын- сыпат | Сан- өлчөм |
|---|---|---|---|
| Качан? кайсы убакта? | Кайда? Каерде? | Кандай? кандайча? | Канча? канчалык? |
| Бүгүн, кечинде | Жогору, анда | Жай, Ылдам | Кем, Ашык |

**283. Текстти окугула. Түшүнүгүнөрдү айтып бергиле. Тексттен этиш сөздөрдү тапкыла.**

## Камыш менен дарак

Камыш менен дарак кимибиз күчтүүбүз жана чыдамдуубуз дешип, өз ара талаша кетишет. Дарак камышты «кымындай эле жел болсо, ийилесиң да, турасың» деп шылдыңдап күлдү. Камыш болсо унчуккан жок. Аңгыча катуу бороон сокту. Камыш учу жерге тийгенче ары-бери термелди, ийилди. Аман калды. Дарак бутактарын шамалга каршы ийбөөгө аракеттенди эле, бутактары сынып түштү.

кымындай – озгина (жиндак)
жел - шабада, ел
шылдыңдап – масхаралаб

**284. Төмөнкү схеманы пайдаланып, этиштин чактары жөнүндө сүйлөп бергиле.**

Этиш

| Учур чак | Өткөн чак | Келер чак |
|---|---|---|
| өсүүдө | ачкан | камынат |
| гүлдөп жатат | көрүптүр | келер |

## § 57. Келер чак

### (Келаси замон феъли)

*Кыймыл-аракеттин сүйлөп жаткан учурдан кийин анык боло тургандыгын же божомолдонушун билгизген чак келер чак деп аталат. Келер чак* ***айкын*** *жана* ***арсар*** *келер чак болуп экиге бөлүнөт.*

*Айкын келер чак кыймыл-аракеттин келечекте болору же болбостугу анык экендигин билдирет. Ал этишке* ***–а,-й,*** *терс формасы* ***–ба*** *жана жак мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу жасалат.*

Мисалы: Бул автобус шаарга **барбайт**. Билимдүү баланын келечеги жакшы **болот**.

*Арсар келер чак кыймыл-аракеттин болору же болбосу арсар, күмөн экендигин билгизет. Ал этишке* ***–ар*** *, терс формасы* ***–бас*** *жана жак мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу жасалат.*

Мисалы: Жакшы менен дос болсоң, жакшы атка **конорсуң**. Ал бизге жамандык **кылбас**.

**285. Төмөнкү сөздөрдү окуп чыккыла. Алардын маанилик жактан айырмасын айтып бергиле. Келер чактын түрлөрүн ажыраткыла.Оозеки сүйлөм түзгүлө.**

| | |
|---|---|
| барармын - барамын | алар – алат |
| көрөр - көрөт | окур – окуйт |
| жиберер – жиберет | айтар – айтат |
| жазбайт – жазбас | келбес – келбейт |

**286. Төмөнкү сүйлөмдөрдү кыргызчага которуп, дептериңерге жазгыла. Айкын, арсар келер чакты аныктагыла.**

1. Муҳаббатни кўргани шанба куни борамиз. 2.Кечаги воқеани сенга Азимнинг ўзи айтиб берар. 3.Сиз ҳам биз билан дам олиш куни театрга борарсиз. 4.Мен шу китобни ўқимоқчиман. 5.Дўстим Карим ёзги каникулни бизнинг қишлоғимизда ўтказмоқчи. 6.Мен қирғиз ва ўзбек тилини яхши ўрганмоқчиман.

**287. Текстти окугула. Түшүнгүнөрдү өз сөзүңөр менен айтып бергиле.**

## Чүкө атмай



Чүкө (ашык) атмай – кыргыздардын эң байыркы оюндарынан. Оюн тегиз жерде ойнолот. Балдар чамасына ылайыктап тегерек сызып алышат. Тегеректин ортосуна ар бир оюнчуга үчтөн жеткидей сандагы чүкөлөр катар тизилип коюлат. Ар бир оюнчуга бирден сака берилет. Оюнчулар таяк кармоо же чүкө калчоо менен оюндун кезегин аныктап алышат.

Оюнду биринчи баштаган адам чийинди басып туруп, сака менен тизилген чүкөлөрдү атат. Сака атуунун өзүнчө эрежелери болот. Сака менен тизилген чүкөлөрдү сызыктан атып чыгарса, аны утуп алат да, кайрадан жаңылганча оюнду уланта берет. Эгер чүкөнү чийинден чыгара албаса, кезек кийинки оюнчуга өтөт.

Ортодогу чүкөлөр түгөнгөнгө чейин оюн улантыла берет. Ким көп чүкө топтосо, утуш ошонуку болот. Оюнду эки жаатка бөлүнүп алып ойносо да болот.

Чүкө атып жаткан оюнчуга тоскоолдук кылууга, чүкөлөргө тийүүгө, оюндун кезегин бузууга тыюу салынат.

сака – соққа
чийин – чизиқ
жаат – қарама –қарши томон (тараф)

**288. Төмөнкү суроолорго оозеки жооп бергиле.**

1.Чүкө атмай оюну кандай жерде ойнолот?
2.Чүкөлөр каерге тизилет?
3.Сака эмне үчүн берилет?

4.Оюнду биринчи баштоочуну кантип аныктайт?
5.Оюндун жеңүүчүсүн кантип аныктоого болот?
6.Кезек кайсы учурда кийинки оюнчуга өтөт?
7.Азыр силер кандай оюндарды ойнойсуңар?
8. Чүкө атмай оюну азыркы кандай оюндарга окшош?

**289. Төмөнкү сөздөрдү пайдаланып байланыштуу текст түзгүлө.**

Байыркы оюн, тегиз жер, ортого, чүкөлөр, ортого, үчтөн жеткидей, сака, чүкө калчоо, чийинден чыгаруу, утат, чүкөлөрдү атуу, чүкө топтоо, жаатка бөлүнүү.

## § 58. Көнүгүүлөр

## ( Машқлар)

**290. Төмөнкү ырдан этиш сөздөрдү тапкыла. Кайсы чакта экендигин айтып бергиле. Ырды жаттап алгыла.**

Кон, кон, көпөлөк,
Катуу кеттиң көкөлөп.
Кармап алам качсаң да,
Канатың кооз көрүнөт.

Кон, кон, көпөлөк,
Кайда учасың көкөлөп.
Куйругуңа боо тагып,
Көлгө салам бөпөлөп.

Кон, кон, көпөлөк,
Тоонун гүлү өсө элек.
Адыр-түздө гүлдөр көп,
Эл жайлоого көчө элек.

**291. Макалдарды кыргызчага которгула. Алардын маанисин түшүндүрүп бергиле. Этиш сөздөрдү тапкыла.**

1.Кўп сўзнинг ози яхши. 2.Яхши билан юрсанг, етарсан муродга, ёмон билан юрсанг, қоларсан уятга.3.Бир каттанинг гапига кир, бир

кичикнинг. 4.Ёлғончининг рост сўзи ҳам ёлғон бўлур. 5.Йўғон чўзилгунча, ингичка узилади. 6.Кўз қўрқоқ- қўл ботир. 7.Арқоннинг узуни, гапнинг қисқаси яхши. 8.Қари келса - ошга, ёш келса – ишга.

**292. Төмөнкү сөздөрдү үлгүдөгүдөй кылып дептериңерге жазгыла.**
**Үлгү:**

1. Мен кыргызча үйрөнүп жатам.
2. Мен кыргызча үйрөнөмүн.
3. Мен кыргызча үйрөнгөнмүн.

1.Сен 6- класста окуп жатасыңбы?
2. ... ... ... ... ... ... ... .
3.... ... ... ... ... ... ... ...

**293. Үйдөн төмөнкү сүйлөмдөрдү жогорудагы үлгүдөгүдөй аткарып келгиле.**

1.Менин керегим элге тийгендигине сүйүнүп жатам.
2. ... ... ... ... ... ... ...
3. ... ... ... ... ... ... ... .

1. Мен жайлоонун кооздугуна суктанып отурамын.
2. ... ... ... ... ... ... ... .
3. ... ... ... ... ... ... .

## § 59. Этиштин синтаксистик кызматы

### (Феълнинг синтактик вазифаси)

*Этиш сөздөр кыймыл-аракетти билдиргендиктен сүйлөмдө көбүнчө баяндоочтук милдетти аткарат.*

Мисалы: Эне сыйлаган элге (эмне кылат?) **жагат**.
Ата сыйлаган абийир (эмне кылат?) **табат.**

**294. Төмөнкү ырды окуп чыккыла. Этиш сөздөрдү таап, алар кандай кызмат аткаргандыгын аныктагыла.**

Жүгүрүп, жүгүрүп жүк таптым,
Жүк астынан тарак таптым.

Тарагымды Таттыга бердим,
Татты боз козусун берди.
Козуну конокко сойдум.
Конок камчысын берди.
Камчы менен каз урдум,
Каз канатын берди.
Каз канатын көлгө салдым.
Көл көбүгүн берди.
Көбүктү ак уюма бердим.
Уюм аяк-аяк сүтүн берди.

**295. Текстти кыргызчага которуп жазгыла. Этиш сөздөрдүн астын сызгыла. Синтаксистик кызматын аныктагыла.**

Эй, фарзанд, ақл юзасидан билгинки, ота-онанинг иззат ва ҳурматини бўйингга олишинг лозимдир, чунки фарзанднинг асли ота-онадир. Билгин, улар сенинг учун ўлимга ҳам тайёр турадилар. Агар ҳар фарзанд ақлли ва доно бўлса, ота-онанинг меҳр-муҳаббатини қозонаверади. Ота-онанинг иши сени парвариш қилиш ва сенга яхшилик ўргатишдир. Эй, фарзанд, ота-онанинг кўнглини ранжитма.

Уларнинг қалбини азоблама. Агар сен уларга нисбатан хато иш қилсанг, сен ҳеч яхшиликка сазовор эмассан. Ҳар киши ота-онанинг яхшилигини билмаса, бировнинг яхшилигига баҳо беролмайди. Ўз фарзандингнинг сени ҳурмат қилишини истасанг, сен ҳам ота-онангни ҳурмат қил. Сен ота-онангга нима иш қилсанг, фарзандинг ҳам сенга шундай иш қилади. («Қобуснома»)

**296. Текстти окуп, түшүнүгүңөрдү сүйлөп бергиле.**

## Жаңыл Мырза

Кыргыз эли өзүнүн көп жылдык тарыхында көптөгөн душмандар менен күрөшүп, өзүнүн эркиндигин сактап келген. Баатырлардын арасында кыздардан чыккан да азаматтар болгон. Ошондой баатырлардын бири – Жаңыл. Жаңыл – кыргыздын



нойгут уруусунан чыккан билерман баатыр. Ал өзү тайманбас, баатыр кыздардан кол курап, кыргыз элин калмак баскынчыларынан коргогон. Жаңылдын баатырдыгы жеке салгылаштарда да, душмандар менен беттешүүдө да көрүнөт. Эл анын баатырдыгын баалап, Жаңыл Мырза деп атаган. Жаңыл Мырза жана анын жоокерлери жаа менен кылычты эң сонун колдонгон.

15-18 кылымдарда элдик баатыр кыздын эрдигин баяндаган «Жаңыл Мырза» дастаны жаралган. Бул дастанды эл сүйүп окуйт.

мырза – жаноб
кол – қўшин
жаа – ёй, камон

**297. Төмөнкү суроолорго жооп бергиле.**

1.Кыргыз элин душмандардан коргоодо кимдер негизги күч болгон?
2.Жаңыл Мырза элин кимдерден жана кантип коргогон?
3.Жаңыл колун кимдерден кураган?
4.Жоокерлер кандай куралдарды пайдаланышкан?
5.Кыргыздардын баатыр кыздарынан дагы кимдерди билесиңер?
6. «Эр жигит эл четинде, жоо бетинде» деген макалды кандай түшүнөсүңөр?
7.Китепканадан «Жаңыл Мырза» деген дастанды алып окугула.

**298. Төмөнкү сөздөрдү пайдаланып, үйдөн байланыштуу текст түзүп келгиле. Этиш сөздөрдүн астын сызгыла.**

Тарых, душмандар, баатырлар, кыздардан, жаа, дастан, Жаңыл Мырза, нойгут, эр жүрөк, тайманбас, элин коргогон, элди

баккан, кылыч, кошун, эркекче кийим, мергенчилик, сыймыктанабыз.

## § 60. Этиш сөздөрдүн жазылышы

### (Феълларнинг ёзилиши)

*1.Татаал этиштин курамындагы негизги жана жардамчы этиштер айрым-айрым жазылат.*

Мисалы: окуп жатат, барган эле, болгон экен, келе берди, калган эмес, көрүп жүргөн экен.

*2.Аягы үндүү тыбыштар менен аяктаган этиштерге үндүү тыбыш менен башталган мүчөлөр уланганда, үндүү тыбыштардын бири түшүп калат.*

Мисалы: сүйлө + ып – сүйлөп
жаса + ыл – жасал
ойно + ар – ойнор ж.б.

*3.Жалпы өткөн чакты уюштурган* ***–ган*** *мүчөсүнөн кийин* ***бейм, беле, го*** *деген божомолдогуч бөлүкчөлөр кошо айтылганда айрым жазылат.*

Мисалы: келген бейм, алган беле, уккан го

*4. Кош сөз маанисинде колдонулган жана кайталанып айтылган этиштер дефис аркылуу жазылат.*

Мисалы: Алыш-бериш, келим-кетим, көрө-көрө, карай-карай, жазып-тайып.

5. *Төмөнкү этиш сөздөр эки түрдүү жазылат:*

*а) бара жатат, келе жатат деген этиш сөздөр толук айтылып, кошмок сөз катарында келсе айрым-айрым* жазылат: *бара жатат, келе жатат*

*б)* жатат деген жардамчы этиш кыскарып айтылса, бириккен сөз катары кошулуп жазылат: *баратат, келатат.*

**299. Текстти окугула. Этиш сөздөрдү таап, жазылышына көңүл бургула.**

1.Ушул күүнү черте албаганына ызаланды, ыйлагысы келди. 2.Анан кимгедир таарынып отуруп үргүлөп уктап кетти. 3.Түшүндө ал ак чатырдын ичинде кол ойнотуп комуз чертип жатты. 4.Чатыр айнектей тунук, ичтеги, сырттагы –баары көрүнүп турат. 5.Күү чатырды чулгап, аны жандандырып учуруп бараткандай. 6.Ал эч убакта кол ойнотчу эмес, комузга анча эби келчү эмес. 7.Эми дасыккан чоң комузчудай эркин чертет. 8.Бир маалда бала ойгонуп кетти. (Т.С.)

**300. Төмөнкү сөздөрдү кыргызчага которуп жазгыла. Жөнөкөй жана татаал этиштердин астын сызгыла.**

1.Дўст ачитиб гапиради. 2.Солибой ҳақ гапни айтган эди. 3.Тожиддинга дўстининг гапи қаттиқ таъсир қилди. 4.У уйга кеч қайтди, уйқуси келмади. 5.Сизнинг тўғрингизда кўп яхши гаплар эшитган эдим. 6.Шундай қилиб, йигит ва қиз муроду мақсадига етган экан.

**301. Төмөнкү макалдарды окуп, маанисин айтып бергиле. Этиш сөздөргө көңүл бургула.**

1.Токмогу күчтүү болсо, кийиз казык жерге кирет. 2.Бир жакшы бар, журттун камын жейт, бир жакшы бар, журттун малын жейт. 3.Аалым болсоң, аалам сеники. 4.Жаңылышын мойнуна алган жаңылбайт. 5.Улук болсоң, кичик бол. 6.Айды этегиң менен жаап болбойт. 7.Айтар сөздү айт, айтпас сөздөн кайт. 8.Эгинин эрте эккен, түшүмүн эрте орот.

**302. Төмөнкү этиш сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзгүлө.**

Болгон экен, бара жатат, билсе болмок, келатат, барар, турар, окуйт, окшойт, көрүнүп турат, айтар эле, жазып жүрөт, келе элек, көрүп отурат.

## § 61. Этиш сөздөрдүн стилистикалык өзгөчөлүгү

## (Феълнинг услубий хусусиятлари)

*Этиш сөздөр сүйлөм тизмегинде кеңири учурайт. Ойду жеткиликтүү берүү үчүн көбүнчө этиш сөздөрдүн синоними колдонулат.*

Мисалы: айтты – деди – сүйлөдү

Байкады – сезди – баамдады

*Айрым этиштер сүйлөм ичинде гана синонимдик катышта болот.*

Мисалы: Союлду башынан өйдө көтөрдү да, керилип туруп шилтеп калды (чаап калды).

Кээ бир этиштер жансыз нерселерди жандандыруу максатында колдонулат.

Мисалы: Жылдыздар жымыңдашып күлүп турат.

**303. Сүйлөмдөрдөгү кара менен басылган этиш сөздөр кандай максатта колдонулгандыгын аныктагыла.**

1.Жуматай эшиктин жылчыгынан аларды **багып калды.** 2.Койдун майына куурулган картөшкөнү аябай **апылдатты**. 3.Эки чөнтөгүнө момпосуй, канттан солоп, үйдөн **атып чыкты**. 4.Эми ал чай ичкенге да чамасы келбей, мектепти көздөй **безди**. 5.Эжейдин күлкүсүндө бир кеп бар экендигин **сезе койгон** Үсөн аны карап, **элейип калды**. 6.Кирпи жыланды көздөй **шашыла келатты**. 7.Ошо тапта аны жылан да көрө койду. Ышылдап **каршы алды**. 8.Жылан этинин ооруганына чыдабай **ышкырып жиберди**.

**304. Кашаанын ичиндеги этиш сөздөрдүн ордун маанилеш этиш сөздөр менен алмаштыргыла. Этиштердин маанисин түшүндүрүп, сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла.**

1.Жазында бүткүл жер бети коздукка (бөлөнөт). 2.Токтогул акыры туулуп-өскөн жерине (кайрылып келди). 3.Ордун улам алмаштырып, пулеметтон ок (жаадырды). 4.Фашисттер биринин

артынан экинчиси (сулап жатты). 5.Командирди мээлеп жаткан фашистти (жер менен жексен кылды). 6.Н.селосу баскынчылардан бошотулгандан кийин гана өзүнүн жарадар болгонун (билди). 7.Кычан дайыма улууларды (урматтачу).

**305. Ырды окугула. Этиш сөздөрдү таап, алардын колдонулуш өзгөчөлүгүн айтып бергиле.**

Жаз келгенде жаңырып,
Туулган жерди сагынып,
Санаса да сан жеткис,
Куштар келет агылып.

Канаттуулар көпчүлүк,
Жергебизде көп жүрүп,
Бакыт таап кетишет,
Балапанын өстүрүп.

Күзгө жуук кайтышат,
Көңүлдөрү жалпы шат,
Канаттарын каккылап,
Кошкула деп айтышат.

*(Ж.Абд.)*

**306. Суроолорго жооп бергиле**

1.Келгин канаттуулардан кайсыларды билесиңер?
2.Биздин жерде кыштап калчу канаттуулар кайсылар?
3.Келгин канаттууларга камкордук керекпи?
4.Аларга кандай камкордук көрөсүңөр?
5.Силер кара чыйырчыктарга уя жасадыңарбы?

**307. Төмөнкү этиш сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзгүлө.**

Ырдашты, бийлешти, окушту, ордук, ташыдык, жыйдык, кол ойнотту, чертти, жуун, таран, кийин, казышты, тазалашты.

## § 62. Көнүгүүлөр

( Машқлар)

**308. Төмөнкү сөздөрдүн ичинен этиш сөздөрдү гана көчүрүп жазгыла.**

Суу, пахта, кел, сел, көк, чурка, чымчык, аткар, тарт, ашыр, черт, бүгүн, кооз, иште, аз-аз, сүйлө, окуп жатат, суук, көр, баратат, обон, каз, учкан экен, сезген бейм, терүүдө.

**309. Төмөнкү этиш сөздөрдү чактар боюнча өзгөртүп, үлгүдөгүдөй аткаргыла.**

Ачыл, оку, жазыл, жар, быш, көр, үз, өс, тарт, сатыш.

| **Үлгү:** өткөн чак | учур чак | келер чак |
|---|---|---|
| ачылган | ачылып жатат | ачылат |

**310.Төмөнкү тамсилди окуп чыккыла. Кайсы чакта баяндалгандыгын аныктап, түшүнүгүңөрдү келер чакта сүйлөп бергиле.**

### Карга менен түлкү

Карга бир үзүм этти таап алып, бактын башына конду. Аны көргөн түлкүнүн эт жегиси келип, артынан жөнөдү. Ал жакындап келип каргага минтти:

- Эй, каргажан, сени көргөн сайын ойлойм. Бою-башы келишкен келбетиң менен падыша эле боло турган жансың. Жалгыз гана үнүң жарашыктуу болсо. Карга кубанганынан оозун аңырайта ачып, бар күчү менен «карк» этти. Түлкү карганын оозунан түшүп кеткен этти шып ала коюп минтиптир:

- Ай, каргажан, эгер сенин анча-мынча акылың болсо эмне, анда сен падыша болмок экенсиң.

*(Л.М.Толстой)*

**311. Төмөнкү этиш сөздөрдү үлгүдөгүдөй кылып, үч чакка коюп иштегиле. Ар бирине оозеки сүйлөм түзгүлө.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Өскөн | … | … | |
| Өс | өсүп жатат | ук | сана |
| | Өсөт | … | … |
| | … | … | … |
| Башкар | … | иште | жаша |
| | … | … | … |

## § 63. Диалектилик сөздөр

( Шевага хос сўзлар)

Жалпы элдик тилдеги жергиликтүү өзгөчөлүк менен айырмаланган сөздөр диалектилик сөздөр же диалектизмдер деп аталат. Кыргыз тили түндүк жана түштүк диалект болуп экиге бөлүнөт. Эки диалектинин ортосунда фонетикалык, грамматикалык жана лексикалык айырмачылыктары бар.

*Фонетикалык өзгөчөлүк айрым тыбыштардын алмашып кетишинен, кошулуп же түшүрүлүп айтылышынан пайда болот.*

Мисалы: бычак – пычак, кызыл – кысыл, топу – допу.

*Грамматикалык өзгөчөлүккө уңгусу же мүчөсү боюнча айырмаланган сөздөр кирет*

Мисалы: мыкты – мыктай, чулгоо – чулгак

*Лексикалык өзгөчөлүккө адабий тилде колдонулбай, диалектиде гана колдонулган сөздөр кирет.*

Мисалы: жумуртка – тукум, жапыз – пас ж.б.

**312. Сүйлөмдөрдү окугула. Кара менен басылган диалектилик сөздөрдүн адабий тилдеги вариантын тапкыла.**

1.Жел соккон сайын теректин саргайган **бариктери** ноодасы менен түбөлүккө ажырашууда. 2.Чотур уңкуюп **астанага** отуруп алыптыр. 3.Ой, **мунову** жаман кантет, жеңе, ушунуку беле? (Ч.А.)

4.Бизге жооп **бериң**, деди Бекназар кетүүнү эске салып.(Т.К.) 5.**Мана**, бирөө берди, Кызылкыядан алып келиптир.(Н.Б.) 6.Иши кылып үйдөгү **катык-ирик** иштердин баары менин мойнумда.(К.Б.) 7.Борбордон келген артисттер концерт берип **жатыры**.(С.Э.)

**313. Төмөнкү диалектилик сөздөрдүн адабий тилде колдонулган сөзүн таап жазгыла.**

Ашык, меке, абдесте, пайпак, пут, эгер, чөжө, мүрүсү, жүгүр, сүдүрө, ол, майли, пул.

**314. Кашаанын ичиндеги диалектилик сөздөрдүн ордуна адабий тилде колдонулган сөздү коюп, сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла.**

1.Абалды (аңдабаган) Чонтой аттын оозун кере кармап берди. 2.Зөөкүрлөрдөн нечен жолу (келтек жедим). 3.Алым жеткенин нечен жолу мен да (келтектедим).(Т.К.) 4.(Секин) басса, изи алтын. 5.Айдарбек датка жанынын бардыгынча (бакырды). 6.(Саа) керек, сенден артык (маган) керек.(А.Т.)

**315. Сүйлөмдөрдү окуп диалектилик сөздөрдү тапкыла. Алар кайсы диалектиге мүнөздүү экендигин жана кандайча айырмаланып тургандыгын аныктагыла.**

1.Эки чакырым алыстыктагы үйгө пияда кайттык. 2.Бирок бул сөзүмдү менден башка эч ким эшитпейт. 3.Шералы унчукпай эски кайыш белбагын чечип берди.(Т.К.) 4.Көчкөндө боос, конгондо коос. (Табышмак) 5.Экөөбү бирин-бири тиктебей, ара тымтырс болуп отуруп калышты. 6.Көпкө турбас мобул турган сур булут. 7.Балам, сен теңтуштарыңды эртеге чакыр. 8.Миң жалынып кудайдан, тиледи элем баланы. (Б.С.)

## § 64. Көнүгүүлөр

## ( Машқлар)

**316. Диалектилик сөздөрдү катыштырып өз алдыңарча 5-6 сүйлөм түзгүлө.**

**317. Төмөнкү диалектилик сөздөрдү тыбыштык, грамматикалык жана лексикалык жагынан өзгөчөлүктөрү боюнча тилкелерге бөлүп жазгыла.**

Кичик, чыңчалак, сойжылан, жады, бытыкый, шуушаң, бейинсап,терекзар, допу, экита, төр адам, бадириң, ортоной, быякта, шаптолу, сер сабиз, тырмооч, өрмөлөп, ничке, шама, гилас.

**318. Төмөнкү сүйлөмдөрдөн диалектилик сөздөрдү көчүрүп жазгыла. Кандайча айырмалангандыгын жана адабий тилдеги маанисин айтып бергиле.**

1.Мал короого кык төгүп, кургактайм, отун жарам, кечинде мал тозом. 2.Буркурап ачыган жарманы калдыр-кулдур чалып ийип, бадыботко төгө-чача куюп, куркулдатты. 3.Жаңылдын жат жазуусун таап, эч ойлонбой туруп алекисаатта көчүрүп ала койду. 4.А-а-а-у-у!-деп бүт тоо жаңырыктады. 5.Таштан түйшүккө белчесинен малынган сакманчылардын кимиси эмне менен алек болуп жатканын жаземдебей байкады. 6.Балапандар мүнүшкөрдүн колунда, боз үйдүн капшытында, туурда багыла баштады. 7.Атасынын өөнгө кеткенине эки күн болду.

**319. Текстти окуп чыккыла, ал боюнча түшүнүгүңөрдү сүйлөп бергиле. Андагы этиш сөздөргө талдоо жүргүзгүлө.**

Бүркүт тапка келгенден кийин коендун эти менен багылат. Ал бүркүт үчүн эң жагымдуу жем болот. Күз келгенде, бүркүтчү таптаган бүркүтүн алып, аңга түш оой чыгат. Бул кез илбээсиндер менен аңдардын оттоп чыккан мезгили болот. Бүркүтчүнүн

алдында какмачы бадал аралап, анда жүргөн аңдарды үркүтөт. А бүркүтчү ошол аң качканда бүркүттүн томогосун алып учурат. Балапан бүркүт адегенде коендорго, кекилик, чилдерге салынат. Кантүбөт болгон кезинде андан чоңураак аңдарды, таштүлөк болгон кезинде илбээсин, түлкүлөрдү да алат. Жакшы тапталган бүркүт көзүнө көрүнгөнүн сая кетирбейт. (О.Айт.)

аң – ов
какмачы – ов ҳайдовчи
илбээсин – илвасин
томого – бургутнинг кўз боғи (тумоға)
кантүбөт – икки яшар бургут
таштүлөк – тўрт яшар бургут

**320. Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, сөздөрдү уңгу мүчөгө жана сөз түркүмдөрүнө ажыраткыла.**

1.Чаарчыкты өз көзүм менен көрүп калганым үчүн өзүмдү бүгүн да ырыстуу сезем. 2.Баары көз алдымда. 3.Анын жүнү тармал болчу. 4.Терисинен тоо гүлдөрүнүн бардык түсүн тапса болот. 5.Темгил-темгил болуп бир жеринде аппак гүлдүн, бир жеринде кызыл гүлдүн, бир жеринде көк, сары гүлдөрдүн элеси! 6.Жайлоо гүлдөрүнүн арасында жатса, аны оңой менен байкоого мүмкүн эмес, гүл менен гүл болуп калчудай.(О.Айт.)

**321. Жаңылмачты жаттагыла. Сүйлөмдөгү сөздөрдү сөз түркүмдөрүнө оозеки ажыраткыла.**

Жогор жактан сел келер,
Сегиз серке тең келер,
Куйругун кумга малып келер,
Сакалын суурга салып келер.

сел – сел
серке - серка

## § 65. Сөз өстүрүү

### ( Нутқ ўстириш)

**322. Ишенимкатты окуп чыгып, анын кандай жазыларын эсиңерге сактагыла. Өзүңөр түрдүү мазмундагы ишенимкат жазып машыккыла.**

### Ишенимкат

Мен, Аскаров Канатбек, ушул жылдын онунчу мартында почта аркылуу Ош областына караштуу Сүлүктү шаарынан атамдан келген посылканы Ю.Гагарин атындагы орто мектебинин 10-классынын окуучусу Жоробаева Жыпаргүлдүн алып коюшуна ишенемин.

датасы колу

**323. Төмөнкү текстти окугула. Мазмунуна ылайык тема койгула. Болжолдуу планын түзгүлө.**

Бүркүттүн майда канаттарын жылына түлөтүш керек. Ал үчүн бүркүткө жаңы кандуу эт берип аябай семиртет. Ал жем «кансокту» деп аталат. Бүркүт түлөгөндөн кийин аны таптоо үчүн кайра арыктатыш керек. Ал үчүн этти туурап, сууга аябай жууп, канын кетирип анан берет. Ал жем «сары бөртмө» деп аталат. Ал эми сууга эки-үч күн салынып, бүт ширеси чыккан этти «ак жем» деп коет. Мындан башка бүркүттү этинен түшүрүү үчүн сууга аябай жуулган боз өпкө да беришет. Андан соң бүркүттү бир калыпта кармоо керек. Мындайда аңдын толорсук эттери пайдаланылат. Ал жем «тартма» деп аталат. А качан гана бүркүт илбээсинди же башка аңды алганда, анын чеңгелинен аңды бошотуп алып, ага чоң кесим эт беришет. Ал жем «тоют» деп аталат. Бүркүткө туздалбаган эттин баары табы жана учуру менен берилет. Ага таттуу да, ачуу да жем берүүгө болбойт.

этинен түшүрүү - оздирмоқ
олжо - ўлжа

**324. Төмөнкүчө башталган сочинение жазгыла. Ага мазмунуна ылайык тема койгула.**

Адыр … . Адырдын койнунда түркүн куштардын сансыз уясы бар. Кээси таштардын, кээси чекенделердин түбүндө, кээси бадал арасында. Бул уялардан ар жылы миңдеген балапандар учуп чыгат. … …

**325. Текстти окуп чыккыла, мазмунун айтып бергиле. Текстке ат койгула. Майда темаларга ажыратып, тексттин планын түзгүлө.**

Суур кайсы бир өткөн заманда пайгамбардын нөкөрү болгон экен. Бирок күнөө кылгандыктан, пайгамбар аны суурга айландырып койгон дешет. … Ооба, өмүрүнө чоң коркунуч туулганда «кокуйлайт». Колу менен башын калкалайт. Ал суурга айланып калса да, акылдуу. Суурдун ийининин ичинде адамдардыкындай эле балдары жата турган, өздөрү жата турган, тамак-аш коё турган ар кандай бөлмөлөрү болот. Алдына салынган «төшөнчүлөрү» эң жумшак, жылуу, тыбыт чөптөн болот. А тамак-аш бөлмөсүндө ирээти менен жыйылган аш болумдуу азыктар турат. … Бир үй-бүлө менен экинчи үй-бүлө ынтымак болушат, достошот, кыз алып, кыз беришет. …Суурдун жаңы туулган баласын чөндөлөй дешет. Ал бир жашка толгондо борсолой, эки жашында бой тартып суур болот. Жаш жубайлар өздөрүнчө ийин казып алышат.

Өмүр үчүн күрөш буларда өтө күчтүү.

нөкөрү - навкари
төшөнчүлөрү - кўрпа-тўшаклари
тыбыт чөп - момиқ ўт

**326. «Дем алуу убагында», «Сабактан кийин» деген темаларда диалог түзгүлө. Суроо-жооптордогу каталарга көңүл бургула.**

**327. Осташевдин «Биринчи мугалим» деген сүрөтүнө карап текст түзгүлө. Жолдошторуңардын текстине өз пикириңерди айткыла.**

**328. Көчүрүп жазып, сөз түркүмү боюнча талдоо жүргүзгүлө. Ырды жаттап алгыла.**

Кыргыздын көчкөн жолу узун,
Кыйласын айттың комузум.
Жан жагың гүлгө оронуп,
Жай болсун эмки конушуң.
Шайыр эл күтөт өзүңдөн,
Шаңкылдай чыгып добушуң,
Күжүрмөн элге жан жолдош,
Күүлөрдүн шаңдуу болушун. (К.А.)



## § 66. Чейректик кайталоо

(Чорак давомида ўтилганларни такрорлаш)

**329. Суроолорго жооп бергиле.**

1.Этиш кандай сөз түркүмү?

2.Этиштин канча чагы бар?

3.Келер чак эмнени билдирет? Кандай суроого жооп берет?

4.Келер чактын канча түрү бар? Алар кандай жолдор менен жасалат?

5.Этиш сүйлөмдө кандай синтаксистик кызмат аткарат?

6.Этиш сүйлөмдө кандай максатта колдонулат?

7.Этиш түзүлүшүнө карай канчага бөлүнөт?

8.Жөнөкөй жана татаал этиштер кандай жазылат?

**330. Сүйлөмдөрдү окугула. Этиштин келер чагын таап, ал кандайча жасалганын айтып бергиле.**

1.Капчыгай ылдый эртели-кеч шамал согот. 2.Кышкысын чээнге кирген суурдай жата беребиз. 3.Мен күздө окууга барам. 4.Ак кеме али көрүнбөйт. 5.Мындан жакшы суу тосмо болбос. 6.Ошондо атасына көргөн-билгенин бүт төкпөй-чачпай айтып берер. 7.Каш карайганда малчылар улуу от жагышат. 8.Балким, бул жолу өрүштөн Кыдыр Алейкисаламдын өзү менен учурашып калармын.(Ч.А.)

**331. Төмөнкү этиш сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзгүлө. Айкын жана арсар келер чакты таап, аларды уюштуруучу мүчөлөрдүн астын сызгыла.**

Жазганы жүрөм, табасың, кыйын болор, эстен чыгарбас, жетерсиңер, койбос, келип каларбыз, күтөбүз, сагынбайт.

**332. Көп чекиттин ордуна тиешелүү мүчөлөрдү коюп жазгыла. Келер чакты тапкыла. Негизги этишке уланган мүчөлөрдү ажыраткыла.**

1. Жылкы да адам баласы сыяктуу корк ..., кубан ..., кайгыр ..., таарын... .2.Жылкы катуу корккондо, адам карааның эш тут ... .3.Корккон жылкы алды-артын караба ... ,адам үнү чыккан жакка селдей агып бер ... .4.Ошол үндөн жанына арачы изде ... .5.Андайда жылкыларды токтотуп болбос. 6.Көзгө сайса көрүнгүс түндө жылкычы улам үн салып же бир обонду ырдап тур ... . 7. Жылкылар жылкычынын карааныи медер тутуп, коркунуч жоюлганча тегеректеп тура бериш ... .(О.Айт.)

**333. Текстти окугула. Этиш сөздөрдү таап, чактарын аныктагыла.**

## Эжигей

Эжигей - кыргыздын эски, эң мыкты тамактарынын бири. Ал көбүнчө эчкинин, койдун, топоздун сүтүнөн жасалат. Койдун ууз

сүтүн саап алып, жылуу кезинде козунун таза жуулган жумуруна куюп, айрандан уютку кошуп, эки-үч күнгө чейин көлөкө жерге коюп коет. Ууз сүт уюп, сары суусунан бөлүнүп калат. Эжигей жаз, жай, эрте күз айларында сонундук үчүн жасалат. Ал үчүн койдун ынак сүтүн казанга куюп, жылымык болгон ченде уютkуну салат. Сүт заматта калдайып уюп калат. Толук уюганда сүттүн иримчиги кашыкка жабышпай калат. Андан соң отту күчөтүп, сары суусун такыр соолгонго чейин аралаштырбай кайнатат. Түбүнө тартып күйүп кетпес үчүн, казандын түбүнө үч-төрт жерине чий же чыбык салынат. Бышканда өңү саргыч тартып, коюлуп калат. Аны каймак менен жеген оң.

топоз – қўтос
ууз сүт – ўғиз сут
уютку – ахлиқ
ынак сүт – ёғи олинмаган сут
козунун жумуру – кўзининг ширкони
иримчиги – пишлоқ
чий – чий (қамиш симон ўсимлик)

**334. Суроолорго жооп бергиле.**

1.Эжигей эмнеден жасалат?
2.Эжигейди кантип жасашат?
3.Эжигей жылдын кайсы мезгилдеринде жасалат?
4.Казандын түбүнө күйүп кетпес үчүн эмне кылуу керек?
5.Эжигейдин бышканын кантип билүүгө болот?

**335. Төмөнкү сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзгүлө.**

Ууз сүт, чий, уютку, сонундук үчүн, ынак сүт, эжигей, козунун жумуру, топоздун сүтү.

**336. Макалдарды окуп, маанисин түшүндүргүлө. Оозеки түрдө сөз түркүмдөрүнө ажыраткыла.**

1.Окусаң, озорсуң, окубасаң, тозорсуң. 2.Акыл деңизден терең, билим тоодон бийик. 3.Ар ким өз көмөчүнө күл тартат. 4.Өзүңдү

эр ойлосоң, өзгөнү шер ойло. 5.Алтыга сатып, бешке алган-соодагердин адаты. 6.Бирде жигит төө минет, бирде жигит жөө жүрөт. 7.Бий экөө болсо, доо төртөө болот. 8.Эмгеги аздын – өнмөгү аз. 9.Жамандын жарты өнөрү артык.

**337. Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, сын атооч сөздөрдү тапкыла. Маанисине карай кайсы түрү экендигин айтып бергиле.**

1. Баарынан да Султанмураттын эстеп калганы чоң пил болду: жашыл ыраңы күйгөн боз дөбө түстөнүп, опол тоодой зор неме узун тумшугун жерге жеткире салаңдатып, кенебестен чайпалып турат. 2.Карап турган көпчүлүк өз ара ардемелерди айтып жатышат: пил өзү чоң туруп, дүйнөдө корккону чычкан дешет. 3.Көп сөздүн ичинен Султанмуратка жакканы бир өзбек кишинин айтканы болду: дүйнөдөгү эң акылдуу айбан ушул пил дейт ал. 4.Карагайчылар иштеткенде тумшугу менен кулач жеткис жоон устундарды көтөрүп ташый берет. 5.А эгер кароосуз калган балага жыланбы же дагы бир коркунуч келатса, баланы акырын тумшугу менен кучактап, көтөрүп кетет имиш.(Ч.А.)

**338. Сан атоочтун түрлөрүн катыштырып, 5-6 сүйлөм түзгүлө. Алардын кандай жазыларын айтып бергиле.**

**339. Сүйлөмдөрдү окуп, ат атоочторду тапкыла. Ат атоочтун кайсы түрү экендигин аныктагыла.**

1.Адыл мерген бул тоолорду ийне-жибине чейин жатка билет. 2.Түлкү жолдор кайда, кашкулактар кайда, капканды кайсы жерге коюу керек, бу жагынан алдыга киши салбайт. 3.Мына бүгүн да Аюутөргө салган капканынан кырдын кызыл түлкүсүн олжолоп келатат. 4.Карылыктын эс алуусуна чыккандан бери анын эрмеги – түлкү менен кашкулакка капкан салуу. 5.Ошондуктан он жылдан бери ал «Адыл капканчы» атка конгон. 6.Анын оң көзүн ак чел басып, жакшы көрбөй калган. 7.Ал муну кудайдын буйругу деп түшүнүп, доктурларга кайрылбады. (О.Айт.)

**340. Төмөнкү текстти окуп чыккыла. Этиш сөздөрдү таап, кайсы чакта, кайсы жакта тургандыгын аныктагыла.Кайсы сөз түркүмүнөн жасалгандыгын айтып бергиле.**

Көкмойнок тараптан келе жатып, койчулардын эски журтунан булаңдаган кыпкызыл кыр түлкүсүн көрүп калдым. Шимшилеп жүрөт. Анан эски бир курмушу тапты да, ошону тиштеп сууну көздөй басты. Ошол тушта суу солго бурулуп агат, айлампа жерлер көп. Бир маалда түлкү куйругунун учун сууга салды. Эмне кылар экен деп, тайганымды тыйып аңдып турдум. Түлкү абдан жай кыймылдайт. Бир маалда куйругу толугу менен сууга батты. Анан сууга арткы буттары кирди. Ошентип, түлкү акырындап сууга арты менен бата баштады. Кийин суу белине келди. Мойнуна жетти, эми башы да сууга бата баштады да, бир оокумда тумшугу эле көрүнүп барып, сууга батып кетти. Алиги курмушу сууга агып жөнөдү. Ошол замат түлкү суудан чыга келди да, жээкке барып, силкинип алып, жолун улады. Көрсө, ал бүргөлөрдөн кутулгандагы амалы экен. Денесиндеги бүргөлөр суудан качып отуруп, ал курмушуга жыйналганда аны сууга агызып ийген тура. (О.Айт.)

журтунан – манзилидан, юртидан
турмушу – эски кигиз
тайган – този ит
айлампа – гирдоб, айланма

**341. Төмөнкү тактоочторду катыштырып бир нече сүйлөм түзгүлө. Алар кандайча жасалганын айтып бергиле.**

Кокустан, мынча, ошончо, жекеме-жеке, чак туштө, эми, өйдө-төмөн, алда кайдан, бекер, өзүбүзчө, тез-тез, саал-паал.

**342. Сүйлөмдөргө сөз түркүмдөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө.**

1.Кечке маал Искак Раззаков үч-төрт адам менен келип калышты. 2.Босогону аттары менен: «Ассалому алейкум, бир боордош туугандарым, үйүңөргө келип калдык»,-деп жаркылдап

учурашты. 3.Уул-кыздарымдын ар биринин маңдайынан сүйүп жатты. 4.Төргө олтуруп коноктор орун алган соң, эки алаканын жайып: «Үйүңөргө биз келдик, балээ келбесин, конушуңарга кут консун, ынтымагыбыз бек болсун. Бала-чакаңар эр жетсин, дайыма жакшылыктын күбөсү боло берейин, оомийн!»- деп бата кылды. 5.Отургандар аны коштоп кетишти. 6.Чынында, мен өтө толкунданып турдум. 7.Ал ушунчалык сыпайы, кичи пейил адам экен. 8.Кыргыздын улук болсоң, сылык бол дегени ушул эмеспи. («Улуу инсан»).

**343. Сүйлөмдөргө сөз составы боюнча талдоо жүргүзгүлө.**

1.Өйүздө дал суунун жээгинде үч марал турат. 2.Кадимки маралдар. 3.Бирөө бугу экен, чамгарактай зор мүйүзү айры бутактанып заңгырайт. 4.Зор мүйүзүнүн түбүндөгү кичинекей кулагын кыбыратып коюп, балага назары түшкөндөй тиктеди. (Ч.А.) 5.Айран уюта албаган иритет, тери ашата албаган чиритет.(Макал) 6.Одоно соккон күмүштөн, сулуулап соккон мис артык. (Макал).

## § 67. Жылдык кайталоолор жана тапшырмалар

## Сын атоочтор

**344. Суроолорго жооп бергиле.**

1.Сын атооч деп кандай сөз түркүмүн айтабыз?

2.Сапаттык жана катыштык сын атоочтор деген эмне?

3.Сын атоочтун кандай даражалары бар? Алар кандай жолдор менен уюшулат?

4.Сын атооч сүйлөмдө кайсы сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарат?

5.Сын атооч кайсы сөз түркүмдөрүнөн жасалат? Уңгу жана туунду сын атооч деген эмне?

6.Сын атооч речте кандай максатта колдонулат?

## Сан атоочтор

**345. Суроолорго жооп бергиле .**

1.Сан атооч деп кандай сөз түркүмүн айтабыз?
2.Сан атооч маанисине карай кандай болуп бөлүнөт жана алар кандай жолдор менен жасалат?
3.Сан атоочтор кандай жазылат?
4.Сан атооч сүйлөмдө кайсы сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарат?
5.Сан атооч речте кандай максатта колдонулат?

## Тактоочтор

**346. Суроолорго жооп бергиле.**

1.Тактооч деп кандай сөз түркүмүн айтабыз?
2.Тактооч кандай жолдор менен жасалат? Уңгу жана туунду тактоочтор деген эмне?
3.Тактоочтор маанисине карай кандай болуп бөлүнөт? Ар биринин эрежесин айтып бергиле.
4.Тактоочтор сүйлөм ичинде кайсы сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарат?
5.Тактоочтор речте кандай максатта колдонулат?

## Этиш

**347. Суроолорго жооп бергиле.**

1. Этиш деп кандай сөз түркүмүн айтабыз?
2. Жөнөкөй жана татаал этиштер деген эмне?
3. Этиштер кайсы сөз түркүмүнөн жасалат?
4. Этиштин кандай чактары бар, алардын ар бири жөнүндө түшүнүк бергиле?

5. Этиштин чактары кандайча уюшулат?

6. Этиш сүйлөм тизмегинде кайсы сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарат?

7. Этиш речте кандай максатта колдонулат?

## IV чейректе алган билимиңерди текшергиле

1.Этиштин келер чагы эмнени билдирет?

а) кыймыл-аракеттин сүйлөп жаткан учурда болуп жаткандыгын.

б) кыймыл аракеттин сүйлөп жаткан учурдан мурда болуп өткөндүгүн билдирет.

в) кыймыл аракеттин бир канча адам тарабынан биргелешип аткарылгандыгын билдирет.

г) кыймыл аракеттин сүйлөп жаткан учурдан кийин болорун билдирет.

д) кыймыл аракеттин башка бирөө тарабынан иштелгендигин көрсөтөт.

2. Келер чактын кандай түрлөрү бар?

а) айкын,адат
б) белгисиз, арсар
в) айкын, капыскы
г) адат,арсар
д) айкын, арсар

3. Айкын келер чакты кайсы мүчөлөр уюштурат?

а) - а, - й, жак мүчө
б) - ар, -чу, жак мүчө
в) -ып, -ыш, жак мүчө
г) - ды, -чу, жак мүчө
д) -а, -й, -ын, жак мүчө

4. Арсар келер чакты кайсы мүчөлөр уюштурат?

а) -ар, -ып, жак мүчө
б) -чу, -бас, жак мүчө
в) -ыптыр, - ар, жак мүчө

г) - ар, -бас, жак мүчө
д) -ган, - ба , жак мүчө

5. Айкын келер чактагы этиштерди тап.
а) даярдадым, жиберемин, ырастадым
б) узатабыз, барганы жүрүшөт, көрөмүн
в) койчумун, жөнөйбүз, көрүп жүрүшөт
г) жакпас, жоюшту, түгөтөбүз
д) тосуп алышат, согуп турду

6. Арсар келер чактагы этиштерди тап.

а) күйүп турат, керектелер
б) жардам бердик,сүйлөшүптүр
в) дыбырай баштады, түшүнбөс
г) жыйнайбыз, айтармын
д) айтып коерсуң, кетпеспиз

7. -бас мүчөсү уланган, туура жазылган сөздү белгиле.
а) болбос, жакпас, иштетпес, төлөтпөс
б) жукбас, көрбөс, кейишпес, бүтпөс
в) чыкбас, кыйышбас, билбес, угулбас
г) бышпас, токтобос, жөнөтбөс, кетбес
д) таанoccupбас, сокбос, күйбөс, түртбөс

8. Этиш сөздөр кандай сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарат?
а) ээлик,баяндоочтук
б) баяндоочтук, бышыктоочтук
в) аныктоочтук, толуктоочтук
г) бышыктоочтук, аныктоочтук
д) ээлик, аныктоочтук

9. Отурган кыздар орундарынан тура калышты -деген сүйлөмдөгү этиш кайсы сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарат?
а) бышыктоочтук
б) ээлик

в) аныктоочтук
г) баяндоочтук
д) толуктоочтук

10. Этиш сөз бышыктоочтук милдетти аткарган сүйлөмдү белгиле.
а) Немецтер баш аламан боло түшүп, бакырыша кайта качышты.
б) Айдай коноктторго кызмат кылып жүрдү.
в) Баяндамачыга ар түрдүү суроолор берилип жатты.
г) Күз айлары келип, коон-дарбыз эзилип бышты.
д) Энем экөөбүз бир боз үйгө бурулдук.

11. Этиш сөздүн синоними колдонулган сүйлөмдү белгилегиле.
а) Болочок акынды ыр жазуу кызыктырды.
б) Энем мени карап колун булгалады.
в) Данияр дагы көпкө чейин обон салды
г) Өсүмдүктөрдү, гүлдөрдү жыйнадым
д) Биринчи жолу шар жасадым

12. Каймана мааниде колдонулган этиш сөздү белгиле.
а) Өмүрүм оор кайгыда өттү
б) Орус тилин үйрөнүүгө эт-бетинен түштү
в) Динара алга карай кадамдай басты
г) Шамбет жайлоого эрте эле жетти
д) Тебетей- жарашыктуу баш кийим

13. Жансыз нерселерди жандандыруу максатында колдонулган этиш сөздү белгиле.
а) Асмандагы жылдыздар бизди жалдырап карашат.
б) Андан кийин аянтчада митинг ачылды.
в) Суур ийинин көздөй качып жөнөдү.
г) Дамир алдыбызда кетип бара жатты.
д) Үйлөрдүн ички жасалгалары абдан кооз.
14. Диалектилик сөздөрдүн катарын тап?
а) кезек, балбан, атаандаш, тоют.

б) атасынын, текмат, касан, кечит
в) тердик, шибеге, бетеге, кезел
г) толто, балмуздак, музоо
д) бал,бикир, дарек, чана

15. Түштүк диалектиге мүнөздүү болгон сөздөрдүн тобун белгиле.
а) басылды, илгери, тобокел
б) байкеси, аста-секин, чуркады
в) мелжеп, кезе, нарктуу
г) жүгүрүп, эгиз, допу, сүлгү
д) пул,мана, пас, йак, пычан

16. Тыбыштык жактан айырмаланган диалектилик сөздөрдүн тобун тап.
а) асаят, оногу, мобул, маа
б) бадвод, барик гелди, торпок
в) чертмек, оймотекей, каран
г) бикир, дандыр, кысыл, ычак
д) ошол, шол, энди, кыймат

17. Грамматикалык жактан айырмаланган диалектилик сөздөрдүн тобун белгиле.
а) капчыгай, тегирмен, тирилик
б) азанда, саар, үчта
в) өлкөсүгө, шондогу, лекин, окуп жатыр
г) көвөйт, айтыптылар, пул
д) пайда, зекет, келтек

18. Адабий тилдин нормасына туура келген сөздөрдүн тобун белгиле.
а) шүгүрчүлүк, улуксат, кожоюн
б) ашыглык, аймак, көпөлөк
в) күрүч, тосмо, уя, кичик
г) тилегине, эгиз жар, сабос
д) жоокер, табият, өрөөн

19. Келер чактагы этиштерди белгиле.
а) окуганы жүрөбүз, көрөмүн, башталат
б) узатабыз, кайрылды, кайтпас
в) өттү, жиберип жатабыз, жетет
г) токтойт, келип турат, жүргүзүптүр
д) жооп берди, күлөт, шыңгырайт

20. Келер чак катышкан сүйлөмдү белгиле.
а) Элчиге өлүм жок
б) Жаман сөз жанга кирген тикен
в) Суу менен ойнобо - агарсың
г) Ар үйдүн өз коногу бар
д) Кетмен чаптым - өлгөнүм жок

21. Учур чак катышкан сүйлөмдү белгиле.
а) Бектур сууда сүзүп баратты
б) Сыртта бороон улуп турду
в) Баястан шаарда жашайт
г) Канымгүл университетке окуйт
д) Быйыл пахтанын түшүмүн жогорулатмакчы

22. Учур чактагы этишти тап.
а) жетип келишти, кеңешүү керек
б) иштеп келишчү, токтой калды
в) жашай башташты, кабарлап коёр
г) гүлдөп өсүүдө, согуп турат
д) байкап жүрөт, ээрип жатты

23. Учур чакты уюштурган мүчөлөрдүн тобун белгиле.
а) -а, -й, -ып,-ган, -ар
б) -ган, -ар, -ыш, -ып, -а
в) -ар, -бас,-ып, -а, -й
г) -ып, -ыш, -ар, -чу
д) -а, -й, -ып, -ууда, -оодо

24. Келер чакты уюштуруучу мүчөлөрдүн тобун белгиле.

а) -а, -е, -ый, -ып,-ды

б) -ган, -ар, -ыш, -ып, -а

в)-ар, - бас, -ып, -а, -й

г) -ып, -ыш, -ар, -чу

д) -а, -е, -й, -чу, -ганы

25. Келер чак катышкан сүйлөмдү белгиле.

а) Жаңы мектепте мугалим көп

б) Бүгүн алар түшүмдү эртең ала албайбыз

в) Мына бул сүрөттү көрүп жүргүлө

г) Катты бирөөдөн берип жиберди

д) Убакыттын өтүп жатканын айтпайсыңбы

26. Айкын өткөн чактагы этиштердин тобун белгиле.

а) Ойлошту, куттукташты, көрүнбөдү

б) токтоду, улантты, сезген, коштошчу

в) айдаган, жазалачу, түзүлдү, орноду

г) жөнөптүр, майдалаган, чыкчу, учту

д) аткарды, самашчу, жардам берген

27. Белгисиз өткөн чак катышкан сүйлөмдү белгиле.

а) Өмүрүң узун болсун!

б) Карыя шашпай аңгемесин баштады.

в) Эч нерсенин дареги билинген жок.

г) Ар ким өз оюн айтсын.

д) Эрдин даңкын эмгек чыгарат.

28. Капыскы өткөн чактагы этиштердин тобун белгиле.

а) билбейт, сүйрөдү, болуптур

б) күчөдү, көктөптүр, айтыпсын

в) көбөйгөн, карачу, кыйыптыр

г) өтүптүр, көрүпсүз, жеңиппиз

д)бузар, жүгүрөт, алыптыр

29. Адат өткөн чак катышкан сүйлөмдү тап.
а) Жамандын бир өнөрү артык
б) Май кармаган бармагын жалайт
в) Мелдеште Сапарлар жеңип чыгышты
г) Устатынан шакирти өтүптүр
д)Каникул сайын жайлоого чыкчубуз

30. Өткөн чакты уюштуруучу мүчөлөрдүн тобун тап.
а) -ган, -ыш, -ар, -уу
б) -ып, - са,-ыптыр, -чу
в) - ыл,-ды, - ган, -ба
г) -ып,-ыптыр, -чу,-ган, -ды
д) - ды, -ган, -ыш, - мын

## I чейректеги тесттин жооптору

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | А | 7 | Б | 13 | А | 19 | В | 25 | В |
| 2 | Г | 8 | А | 14 | Б | 20 | Б | 26 | Б |
| 3 | А | 9 | А | 15 | Б | 21 | В | 27 | А |
| 4 | Г | 10 | Г | 16 | Г | 22 | В | 28 | В |
| 5 | В | 11 | А | 17 | А | 23 | Г | 29 | Г |
| 6 | А | 12 | Г | 18 | В | 24 | Б | 30 | Г |

## II чейректеги тесттин жооптору

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | В | 7 | Г | 13 | Г | 19 | А | 25 | Б |
| 2 | Б | 8 | Г | 14 | В | 20 | В | 26 | Б |
| 3 | В | 9 | Д | 15 | А | 21 | А | 27 | А |
| 4 | Г | 10 | В | 16 | В | 22 | В | 28 | Г |
| 5 | Д | 11 | Д | 17 | В | 23 | Г | 29 | А |
| 6 | В | 12 | Б | 18 | Б | 24 | В | 30 | Г |

## III чейректеги тесттин жооптору

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | В | 7 | Г | 13 | В | 19 | Г | 25 | Б |
| 2 | Г | 8 | А | 14 | А | 20 | Б | 26 | Б |
| 3 | А | 9 | Г | 15 | Б | 21 | В | 27 | А |
| 4 | Г | 10 | А | 16 | Г | 22 | Г | 28 | Г |
| 5 | Г | 11 | В | 17 | А | 23 | А | 29 | В |
| 6 | А | 12 | Г | 18 | В | 24 | Г | 30 | Б |

## IV чейректеги тесттин жооптору

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Г | 7 | А | 13 | А | 19 | А | 25 | Б |
| 2 | Д | 8 | Б | 14 | Б | 20 | В | 26 | А |
| 3 | А | 9 | Г | 15 | Д | 21 | В | 27 | В |
| 4 | Г | 10 | А | 16 | Г | 22 | Г | 28 | Г |
| 5 | Б | 11 | В | 17 | В | 23 | Д | 29 | Д |
| 6 | Д | 12 | Б | 18 | Д | 24 | Б | 30 | Г |

## Шарттуу кыскартуулар:

| | |
|---|---|
| А.О. | - Алыкул Осмонов |
| Б.А. | - Барпы Алыкулов |
| Б.С. | - Байдылда Сарногоев |
| Ж.Абд. | - Жолдошбай Абдыкалыков |
| Ж.Б. | - Жоомарт Бөкөмбаев |
| «ЖЛ» | - «Жаш Ленинчил» журналы |
| Ж.Т. | - Жусуп Турусбеков |
| К.А. | - Какен Алмазбеков |
| К.Б. | - Касымалы Баялинов |
| К.Боб. | - Камбаралы Бобулов |
| К.Ж. | - Касымалы Жантөшев |
| К.Э. | - Кусейин Эсенкожоев |
| М.Б. | - Муктар Борбугулов |
| М.Г. | - Максим Горький |
| М.Ж. | - Муса Жангазиев |
| М.Э. | - Мукай Элебаев |
| Н.Б. | - Насиридин Байтемиров |
| Н.Т. | - Николай Тихонов |
| О. | - Осмонкул |
| О.Айт. | - Орозбек Айтымбетов |
| Т. | - Токтогул |
| Т.К. | - Төлөгөн Касымбеков |
| Т.М. | - Моголок Молдо |
| Т.Ү. | - Темиркул Үмөталиев |
| Т.С. | - Түгөлбай Сыдыкбеков |
| Ч.А. | - Чыңгыз Айтматов |
| Ш.Б. | - Шүкүрбек Бейшеналиев |
| С.Э. | - Сүйүнбай Эралиев |

## Табышмактардын жандырмагы

39. Түлкү
59. Суу, дарыя
79. Кумурска, төө
91. Шахмат, стол
125. Сон, тартиб сон, михдор сон, жуфт сон
138. 1жыл, 12 ай, 4 жума, 30 күн, жуманын 7күнү
166. Троллейбус. Саат.
204 . Жылкыда, китеп, булак, кулак, ой, сөз, турмуш, уйку
248. Электр лампочкасы.
263. Ҳозирги замон феъллари.

# Кыргызча – өзбекче сөздүк

**А**

Айлана – атроф
Алгачкы – дастлабки
Алсыз – ҳолсиз
Аманат – омонат
Аныктооч – аниқловчи
Аңгеме – ҳикоя, суҳбат
Арачы – ажратувчи
Арсыз – беор
Арстан – шер
Атуул – фуқаро
Атындагы – номидаги
Ачуусу келүү - жаҳли чиқмоқ
Аянычтуу – ачинарли

**Б**

Байланыш – алоқа
Байыркы – қадимий
Батыш – ғарб
Башчы – мудир, бошлиқ
Баштык – халта, қопчиқ
Баяндооч – кесим
Бирок – лекин, аммо, бироқ
Болот – пўлат
Борбор – марказ
Бөлүк – қисм
Бүрдөгөн – куртаклаган
Бүтүм – битим
Бышыктооч – ҳол

**Д**

Даамдуу – мазали
Дароо - тез -зудлик билан, тез
Дастан – достон

Деңгээли - сатҳи, даражаси
Дөбө – тепалик, тепа
Дубал – девор
Дүйнө – жаҳон, дунё

### И

Ийин – ин
Илим – фан

### Ж

Жаа - камон
Жазы – энли, кенг
Жазуучу – адиб, ёзувчи
Жак - шахс
Жалбырак – барг, япроқ.
Жапыз - паст
Жарамазан – рамазон
Жарашык – муносиб
Жасалга – безак
Жасалгалоо – безамоқ
Жашылча - сабзавот
Жебе – ўқ, ёй ўқи
Жеке – ягона, якка
Жел - шабада, ел
Жеңил – осон
Жибек - ипок
Жомок – эртак
Жогорку – олий
Жону – елкаси
Жоо - душман, ёв
Жоокер – аскар
Жөндөмө – келишик
Жөнөкөй – оддий
Жөө - пиёда, яёв
Жээк - соҳил

### З

Зарыл - зарур
Заңкайган – данғиллаган
Зыян - залал
Зыянкеч – заракунанда

### К

Каалгып – қалқиб
Катышы - қатнашиши
Капкан - қопқон
Капчыгай – дара
Капыстан – бирдан
Кашаа - қавс
Кезек – навбат
Келечек – келажак
Кемер - камар
Кемсел - камзур
Кекеч - чуччи
Кеңеш - маслаҳат, кенгаш
Коргоо - ҳимоя қилмоқ
Котормо – таржима
Коңул - кўнгил
Көз - кўз
Көмөк - ёрдам
Көңүл коюп – диққат билан
Көркөм – бадиий
Көчүү - кўчмоқ
Кулжа – кулжа
Курак - ёш (возраст)
Күбө - гувоҳ
Күнөө – гуноҳ
Күтүү - кутмоқ
Кыйроо - вайрона
Кыйык - инжиқ
Кылым - аср

Кымбаттуу – азиз
Кыргоол - қирғовул
Кыроо - қиров

**М**

Макала - мақола
Мамалак – айиқ боласи
Мамлекет – давлат
Мелдеш – мусобақа
Мелүүн - майин
Мекеме - корхона
Милдет - бурч
Мөмө - мева
Мунара – минора
Мүнүшкер – қуш ўргатувчи
Мээрим – меҳр

**Н**

Наалат - лаънат
Наам - унвон
Небере – набира, невара
Негизинен – асосан
Ным - заҳ

**О**

Оозеки – оғзаки
Окуя - воқеа
Оору – касаллик, дард
Оорулуу – бемор
Осуят – васият

**Ө**

Өжөр – ўжар
Өзөн - ўзан
Өкүл – вакил

Өрөөн – водий
Өч алуу – ўч олмоқ

П

Пайыз – фойиз
Перзент – фарзанд

С

Саздак – ботқоқлик
Салт – анъана
Саякат – саёҳат
Себеледи – савалади
Селейип – сулайиб
Сол -чап
Союл - калтак
Сулуу – чиройли
Сүргүн – бадарға
Сүрөт – расм, сурат
Сыймыктануу – фахрланмоқ

Т

Талаа – дала
Толкун – тўлқин
Түбөлүк – абадий
Түндүк – шимол
Түштүк – жануб
Түс – ранг
Тынчсыздануу – безовталик

У

Уз - чевар
Уңгу - узақ
Уруу – қабила
Устат – устоз
Устун – устун
Уу – заҳар

**Ү**

Үлгү алуу – ибрат олмоқ

Үн, добуш – овоз, товуш

**Ч**

Чабан – чўпон

Чак (мезгил) – замон

Чекит – нуқта

Чечим – қарор

Чоң эне – буви, катта буви

Чыгарма – асар

Чыгыш – шарқ

**Ы**

Ыр – ашула, қўшиқ

Ыраак – узоқ

Ыкчам – чаққон

**Ш**

Шарт -шароит

Шакирт – шогирд

Шиңгил – шингил

Шоокум- шовқин

**Э**

Эмгек – меҳнат

Эрдик – мардлик, жасорат

Эрин – лаб

Эреже – қоида

Эстелик – ёдгорлик

Эт - гўшт

Ээ(сүйлөмдүн ээси)-гапнинг эгаси

# МАЗМУНУ

## I чейрек

§ 1. 5-класста өтүлгөн материалдарды кайталоо……………………3
§ 2. Сын атооч ……………………………………………………5
§ 3. Көнүгүүлөр……………………………………………………9
§ 4. Сын атоочтун даражалары…………………………………12
§ 5. Жай даража…………………………………………………12
§ 6. Салыштырма даража………………………………………14
§ 7. Күчөтмө даража……………………………………………15
§ 8. Басаңдатма даража…………………………………………17
§ 9. Сын атоочтун жасалышы……………………………………18
§ 10. Көнүгүүлөр…………………………………………………20
§ 11. Сын атоочтун синтаксистик кызматы жана стилистикалык өзгөчөлүгү……………………………………………………………22
§ 12. Көнүгүүлөр…………………………………………………25
§ 13. Сын атоочтун жазылышы……………………………………28
§ 14. Көнүгүүлөр…………………………………………………31
§ 15. Сан атооч ……………………………………………………32
§ 16. Эсептик сан…………………………………………………37
§ 17. Көнүгүүлөр…………………………………………………41
§ 18. Сөз өстүрүү …………………………………………………43
§ 19. Чейректик кайталоо…………………………………………46
I чейректеги билимиңерди текшергиле……………………………48

## II чейрек

§ 20. I чейректеги материалдарды кайталоо……………………54
§ 21. Иреттик сан атооч…………………………………………55
§ 22. Жамдама сан атооч…………………………………………58
§ 23. Топ сан………………………………………………………60

§ 24. Көнүгүүлөр……61
§ 25. Чамалама сан атооч……63
§ 26. Бөлчөк сан ……65
§ 27. Сан атоочтун жазылышы……67
§ 28. Сан атоочтун синтаксистик кызматы……69
§ 29. Сан атоочтун стилистикалык өзгөчөлүгү……72
§ 30. Көнүгүүлөр……75
§ 31. Сөз өстүрүү……77
§ 32. Чейректик кайталоо……78
II чейректеги билимиңерди текшергиле……80

### III чейрек

§ 33. II чейректе өтүлгөндөрдү кайталоо……87
§ 34. Ат атооч жана анын бөлүнүшү……88
§ 35. Жактама ат атооч……89
§ 36. Шилтеме ат атооч……93
§ 37. Сурама ат атооч ……94
§ 38. Тангыч ат атооч……97
§ 39. Аныктама ат атооч……98
§ 40. Белгисиз ат атооч ……99
§ 41. Ат атоочтун синтаксистик кызматы……101
§ 42. Ат атоочтун стилистикалык өзгөчөлүгү……103
§ 43. Тактооч……105
§ 44. Тактоочтордун жасалышы……106
§ 45. Тактоочтордун түрлөрү……108
§ 46. Көнүгүүлөр……110
§ 47. Тактоочтун синтаксистик кызматы жана стилистикалык өзгөчөлүгү……113
§ 48. Этиш. Жөнөкөй жана татаал этиштер……115
§ 49. Этиштин жасалышы……118
§ 50. Этиштин чактары……120
§ 51. Учур чак……120
§ 51. Өткөн чак……122
§ 52. Көнүгүүлөр……125
§ 53. Сөз өстүрүү……127
§ 54. Чейректик кайталоо……128
III чейректе алган билимиңерди текшергиле……129

## IV чейрек


§ 56. III чейректе өтүлгөндөрдү кайталоо..........135
§ 57. Келер чак..........137
§ 58. Көнүгүүлөр..........139
§ 59. Этиштин синтаксистик кызматы..........140
§ 60. Этиш сөздөрдүн жазылышы..........143
§ 61. Этиш сөздөрдүн стилистикалык өзгөчөлүгү..........145
§ 62. Көнүгүүлөр..........147
§ 63. Диалектилик сөздөр..........148
§ 64. Көнүгүүлөр..........150
§ 65. Сөз өстүрүү..........152
§ 66. Чейректик кайталоо..........154
§ 67. Жылдык кайталоолор жана тапшырмалар..........159
IV чейректе алган билимиңерди текшергиле..........161
Тесттин жооптору..........168
Шарттуу кыскартуулар..........169
Табышмактардын жандырмагы..........170
Кыргызча-өзбекче сөздүк..........171

**Колдонулган окуу китеби жөнүндө маалымат**

| № | Окуучунун аты-жөнү | Окуу жылы | Китептин абалы | |
|---|---|---|---|---|
| | | | жылдын башында | жылдын аягында |
| 1. | | | | |
| 2. | | | | |
| 3. | | | | |
| 4. | | | | |
| 5. | | | | |
| 6. | | | | |
| 7. | | | | |


*Буаида Абдувалиева, Ташболот Жороев*

**КЫРГЫЗ ТИЛИ**

окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн
мектептердин 6-классы үчүн окуу китеби

Редактору *Т.Аширбаев*
Тех редактору *П.Раимбердиева*
Корректору *Н.Асанова*
Компьютердик калыпка салган
*Г.А.Мураталиева*

Басууга 05.10.2007 кол коюлду. Форматы 70x90 $^{1}/_{16}$.
Колому 11,25 физ. басма табак.
Нускасы 15000. Заказ 42.

«Учкун» ААК басмаканасында басылды.
720031, Бишкек ш., С.Ибраимов көчөсү, 24

OTK 3